65.9(2ки)кырг
О-69

# Орок балка

Книга должна быть возвр[ащена]
не позже указанного здесь [срока]

Количество предыдущих выдач

65.9(2Ки)Кау5
О-69

# С[illegible]ок [illegible]балка

ОЧЕРКТЕР

Түзгөн **АЛИМБАЙ АБЖАПАРОВ**

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 416383

ФРУНЗЕ «АДАБИЯТ» 1991

ББК 84 Ки 7—4
О—69

Жаштар үчүн

Сүрөтчүсү *Б. Жайчыбеков*

Орок-балка: Очерктер: Жаштар үчүн /Түз.
О—69 А. Абжапаров; Сүрөтчүсү Б. Жайчыбеков. —
Ф.: Адабият, 1990. — 128 б.
ISBN 5-660-00327-3

Жылына чыгуучу бул жыйнакка республикабыздагы эмгек алдыңкыларын, өрнөктүү адамдарыбыздын күнүмдүк каарман аракеттерин баяндаган очерктер топтолду.

Этот ежегодный сборник продолжает знакомство читателей с передовиками производства, замечательными людьми нашей республики.

О $\frac{4803300100-134}{М 455(11)90}$ 142—90

ББК 84 Ки 7—4

ISBN 5-660-00327-3

© «Адабият» басмасы, 1990 ж.

ЭГИЗБЕК АЙДАРКУЛОВ

# ЧОЮН ЭРИТҮҮЧҮ

Жумушчунун үч бөлмөлүү үйү. Үй ичине көз жүгүртсөңүз жарык, жаңыча жасалгаланган. Бурчка жакын коюлган столдо үйдүн ээси Исабектин уулу Нурлан өбөктөй отуруп сабакка даярданууда. Исабек диванда өзүнчө А. Яковлевдин «Өмүр максаты» деген китебин окуп олтурат. Жубайы Нагыйма ашкана бөлмөсүндө кечки тамакты даярдоо менен алектенүүдө.

А эми сыртта болсо, шаардын турмуш-тиричилиги бал жыйнаган аарылардын эмгегиндей кыйма-чийме. Анткени завод-фабрикалар эки смена менен иштешет.

Мээ сергитип, таза абадан дем алайын деди окшойт, Исабек балконго чыкты. Эрбең-сербең эткен Исабектин сөлөкөсү жер бетине алп мүчөлүү боло түштү. Тоодон соккон кеч күздүн теребел жели көңүл сергитет. Аба таза, шаардын түнкү оттору жаркырап күйүп, айлана кооз көрүнөт. Анан ал ичинен: «Бөтөнчө ар мезгилдин түнүнүн өзүнчө кооздугу ай! Өзүнчө эле айтып бүткүс көрк эмеспи. Жаратылыштын ушу кооздугун сезишпей, адамдардын үйкуга ашыгышканы өкүнүчтүүдөй сезилет», — деп койду. Анан ал, таза абадан кериле дем алып, умачтай ачылган көздөрүн табыйгаттын жаратылышына жүгүрттү. Ал бийик тоонун чокусун карады. Тоо чокусу ак жоолук салынган уяң келин өңдүү. Түнкү асман түпкүрүндө жигиттен жашынган уяң кыз сымак сулуу ай бирде булутка кирип, бир-

де булуттан чыгып жай сүзүп барат. Көктө жылдыз, жерде Ильич шамы жаркырайт. Мындай түндөрдө өткөн өмүрүң эске түшөт эмеспи.

Исабек Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын куруу заводунда бир кесиптен кол үзбөй чоюн эритүүчү цехинде отуз жылдан бери иштеп келе жатат. Анда жыйырма эки жашта эле. «О-о, жылдар кандай зымырап өткөн. Азырчы, элүү эки жаш» деп күбүрөндү Исабек өз ичинен. Анын көз алдына көп ойлор тизмектеп өтүп жатты. Бирок, аягына чыга алган жок.

— Кел Исабек, тамак даяр болду, — деген жубайынын үнү Исабектин оюн үзүп кетти.

— Нурлан, тапшырмаларыңды жазып бүттүңбү? Бүтсөң кел эми, тамактаналы. — Исабек ичкери кирип келатып уулуна үн катты. — Эмне ойлонуп калдың уулум, татаал маселелериңдин жооптору так чыкпай жатабы?

— Маселелердин жоопторун чыгардым, өзүмчө кызык ойго батып калган турбаймынбы. Ата, турмуш деген кызык э, карап турсаң? Жаратылыш адамды өзүнүн жашына карата турмуш-тиричилик менен алпуруштуруп койгону да өзүнчө кызык. Алпурушкан турмуш-тиричилик болбосо, адамдар эмне болуп кетээр эле? Ушундай ой эсиме түшүп, өзүмчө бир кызык ойго чөмүлүп олтурам, — деди Нурлан чарчаган көз нуру менен ата-энесине суроолуу карады, стулга отуруп жатып.

— Чоңойгондо баарын түшүнөсүң, өмүр, жашоо, турмуш деген эмне экенин. Деги азыркы балдар кыйын, баарын билгиси, көргүсү келет. Окуган окууңду билсеңчи. — Нагыйма баласынын бул суроолуу оюна алгач маани бербей айтты.

«Балдар кыялкеч келет эмеспи, турмушта болуп жаткандарга таң калуу менен ой жүгүртөт, кыялданат. А балдар кыялдагысын чындыкка айландыргысы келишет» деген Исабек бул суроого кандайча жооп берсем дегенчилик ойдун айланасында ойлоно түштү.

— Нагыйма, баланын суроосуна маани бербегениң жөн



эмес. Балдар дайыма кыялкеч, турмушта болуп жаткан өзгөрүштөрдүн тездигине таң калуу менен кызыга ой жүгүртөт. Балдар өз сезиминдеги суроолоруна каршы кагуу жоошп угуп калса билесиңби, өткүр сезими майтарылып, көңүлү чөгөт да, адамдарды жек көрүп калат. Балдардын бир эле жолку көңүл сезиминин майтарылышы канчалык чөгөткө алып келерин түшүнгүн. Экинчи жолу кишилерден сурап билүүдөн тартынат. Суроолуу түшүнүгү канчалык жеткилең канааттанса, балдардын ой сезими ошончолук эрте ойгонот да, көптү билүүгө кызыгат.

— Нурлан, сен туура түшүн. Сен куруктуу өспүрүмдөр турмушка ар дайым ар кандайча ой жүгүртүп, ар кандай көз караште болот. Адамдар окубай, иштебей эле койбойбу, дегениңдин да жөнү бар. Мындай суроо турмуш жолун баштай элек ар бир өспүрүмдө болчу суроо. Өзүң көрүп жүргөн көрүнүштөрдүн баары өзү бүтүп, өзү жасалып калгандай сезилет жаш өспүрүмдөргө. Биз мындай көрүнүштү, мындай турмушту көзүбүз көрбөй кулагыбыз менен гана чоң энебиздин жомогунан укчубуз. А сенин бактылуу турмушуңду карачы, олтуруп алып дүйнө жүзүндө болуп жаткан окуяны, кинолорду, рекламаларды телевизордон көрүп, билип жатасың. Адамдар жашаган заңгыраган үйлөр, машина чыгарган заводдор, кездеме токуган комбинаттар, кийим тиккен фабрикалардычы? Мына ушунун баары адамдардын кыял акылынан, адамдардын эмгегинен жаралып, окуунун негизинен түзүлүп, жумушчунун колунан бүтүп жатат.

Мен иштеген айыл чарба машиналарын чыгаруучу заводду эле алып көрөлүчү. Канча инженер-конструкторлор, технологдор машинанын конструкциясынын долбоорун түзүп жатышат. Ушунун баары окуунун, акылдын негизинде долбоорлонууда. А биз жумушчулар долбоорлонгон конструкция боюнча машина чыгарып жатабыз. Окуу, эмгек болбосо адамдардын өмүрү, турмушу бир жерде кыймылсыз тургандай болмок. Эми түшүндүңбү Нурлан, окуу, эмгек адам турмушунун жашоо кумары экенин. Жалкоо-

лонбой жакшы окусаң кийин инженердин окуусуна окутам. Алгач заводдо иштейсиң, себеби, ойлоп табуучу инженер, конструктор болуу үчүн цехке окуучу болуп кирип, ошол станоктордо иштеп, аларды үйрөнүп чыгуун зарыл. Жумушчулардын эмгегине аралашып техника менен сырдашкандан кийин окууга да, иштөөгө да жеңил, андан келечекте жакшы инженер-конструктор чыгаары шексиз. Бир сөз менен айтканда биздин жумушчулардын арасында жашап, иштеп көр, кара жумушту баалоого, жөнөкөй адамдарды сыйлоого көн. Айтмакчы, турмуштан үйрөн да, андан кийин инженер-конструктор болууга умтул.

— Инженер-конструкторлук кесипке ээ болгондо эмне иш аткарам?

— Дыйкандардын кол эмгегин жеңилдетүүчү машина ойлоп чыгарасың. А сен ойлоп чыгарган машина үчүн миңдеген жумушчулар иштейт. Сыймыктуу кесип бекен?

Нурлан өзүнчө ойлоно калды. «Инженер-конструктор деген кандай уккулуктуу сөз, сыймыктуу кесип. Аны үчүн жакшы окуш керек тура. Атам айтпадыбы бир сөз менен айтканда биздин жумушчулардын арасында жашап, иштеп көр, кара жумушту баалоого, жөнөкөй адамдарды сыйлоого көн. Адегенде турмуштан үйрөн да, андан кийин инженер-конструктор болууга умтул» — деп, атам бул жерден туура айтты. Мен эми жакшы окушум керек! Окууну бүткөндө заводдо иштеп же техникалык окуу жайынын кичинесинен башташым керек. Анан...» Нурлан өз ичинен күбүрөнө сүйлөп, ойлонгондо, көздөрү нурдана түштү.

— Түшүндүңбү Нурлан, билет бекенсиң? Мындан кийин нанды кесирленип ыргытып жерге таштабай жүр! Нан деген ыйык келет! — деди Нагыйма уулуна бурула карап.

— Билбейт экенмин апа, нан деген элдин дасторконуна түйшүктүү эмгек менен келет тура. Ошол үчүн карылар нанды ыйык тутушат экен да. Мындан кийин нандын күкүмүн жерге таштабастырмын, — деди Нурлан Нуриланын айтканынан дыйкандын түйшүктүү эмгегин көз алдына элестетип.



— Нандын кубат берген дыйкан эмгегин билбегендер да бар экен э? — деп сурады Нагыйма таң кала карап Исабектен.

— Билесиңби? — деди Исабек, жаңылык айтчудай Нагыймага бурула карап. — Жакында көчөдө келе жатсам он эки жашар бала короодон чуркап чыгып атасына ээси сай жээгинде откозуп жүргөн мүйүздүү эчкини көргөзүп, деңиз кораблин көргөндөй: «Ата! Эчкини кара! Эчки! Эчки! Сакалы бар экен!»... деп кыйкырды. Бала ушунчалык сүйүнүп кыйкырды дейсиң, жөн эле ага бир четинен күлкүм келсе, бир четинен боорум ооруду. Чынында бала өмүрүндө эчкини көрбөсө керек. Ал бала менимче автомашиналардын маркасын жакшы ажырата билет. Ал балким космонавттардын, анан инженер-конструкторлорунун өмүр баянына чейин билет. Ал эми эчкини көрбөптүр.

— Үй айбандарын зоопарктан гана көрө турган мезгил болуп калды деп турасыңбы Исабек? — деди Нагыйма.

— Ага чейин барбасак керек, бирок шаардыктар элет менен катнашпагандыктын себеби да. Болбосо...

Нурлан менен Нурила күлүп калышты.

— Автомашиналардын маркасын жакшы билген уулуңду инженер-конструктордук кесипке окутмак болдуң, а кызыңдычы? Өзүнөн сурайлычы, эмнеге кызыгып, эмнеге жөндөмдүү экенин.

— Менби апа, өзүмдүн эмнеге жөндөмдүү экендигимди өзүм жакшы билем. Технологдук чертеждорду сызганды жакшы көрөм, ошондуктан политехникалык институттан окусамбы деп жүрөм, орто мектепти бүткөндөн кийин,— деди Нурила ата-энесинин оюн алда сезе коюп, оюндагысын чечкиндүү ортого сала.

— Тилегиңе жараша үмүтүң болсо, ага да жетесиң кызым. Ал үчүн өзүңө-өзүң тың болуп чечкиндүү бол. Тилек, аракет адамды жемишсиз калтырбайт. Алды эмгекчил болгула, — деп Исабек уул-кызынын саамай чачтарынан сылагылады.

— Болду эми алдыга карап тамактангыла. Атаң да

эрте тамактанып эс алсын. Эртең менен эрте туруп жумушка кетет эмеспи, — деди Нагыйма Исабек менен уулкызына алмак-салмак көз жүгүртүп...

Исабек эртең менен эрте турду. Өз үйү, өлөң төшөгү болуп калган сүйүктүү заводуна ашыга келе жатты. Завод аймагын байкаган адамга өзүнчө чакан район ээлеген чоң заводдун жалпы көрүнүшү чыга келет. Ал чоюн куючу цехтин ичине киргенде башкача боло түштү. Анткени, пудлинг мештеринен (чоюнду темирге айландыруучу меш), күкүрт менен темирдин күйүгү жыттанып, күрүлдөп-шарылдаганы анын сезимине толкундуу сезимди алып келет. Ал азыр ушул күрү-күүгө аралашып, эмгек майданына чыгат. Бузулган уясында чаң-тополоң түшкөн кумурскалардай болушуп, ондогон механикалык, техникалар жана миңдеген жумушчулар алпурушуп жумушка киришет. Цехтин ичиндегилерге акиташтын ачыштырган агыш түстөгү чаңы абаны каптап, ал кадим эле туман сыяктуу көрүнөт. Бирок, бул туман сымак бозомук чаңды соргуч труба бир паста соруп, цехтен сыртка айдап чыгары жумушчуларга маалым.

Катар орнотулган эки пудлинг мешке заңкайган чоюндарды куюлта төксө, экинчи кран коксту мештин түбүнө жакын жайгашкан бункерге төгүүдө. Кокустун күйгөн ысык табына чоюндар коргошундай көлкүлдөп эрип, күн түспөлдөнүп боткодой кайнайт.

Бул албетте, адамды толкундаткан кубаттуу көрүнүш эле. Мында адамдардын эмгеги биригип, кайнап, ал кандайдыр так иштеген жана татаал эбегейсиз зор механизмге окшойт. Миңдеген жумушчулар, инженерлер, жыгач усталар, механик, слесарлар, темир усталар айыл чарбасынын керектөөсүн камсыздандыруу үчүн, өнөр жайынын өсүшү үчүн бүткүл күч-кубатын, акылын арноодо. Исабек Айчикеев да советтик жумушчу табынын татыктуу өкүлдөрүнүн бири. Кесиби боюнча чоюн эритүүчү.

Исабек өз милдети боюнча эрип жаткан чоюндун эритмесине көз салып, лабораториялык көрсөткүчтөрдү тек-



шерип чыккан соң, мештин жанына көңүлдүү жай басып келди. Бет калканычын түшүрүп, узун темир шиш таякты колго алып, чоюн эритмеси куюлуп акчу мештин оозун ачып-жаап, иш процессине шымалана киришти. Исабектин тез кыймылынан булчуң эттери таштай түйүлө калып, кайра булчуңдары пружина сымак жазыла калат. Ансайын анын кыймылы ыкчам. Жумуш анын башкаруусу менен жөнгө келип жатат. Мештин өтө чоң оозу укмуштай жалынды бүркүп, аңырайып улам ачылып, кайнагыч мештерден эми эле чыгып, аппак түстө көйкөлгөн суюк эритме куюучулардын чакасына шырылдап куюлууда. Андан чыккан жалбырт, нур сымак учкундар туш-тушка чачырап барып өчөт. Чейрек сааттан кийин дал ошол эритмелерден айыл чарба машиналарын ар кандай тетиктери куюлуп чыккан соң ондогон механикалык цехтердеги станоктордон иштетилип, акыры күмүштөй жалтылдаган тетиктер бирине-бири кынала биригип, бир бүтүн жандуу машина болуп чыга келет.

— Бери тарт Анатолий, ысык чоюндун эритмесинин илеби кайта электе? Бир миң үч жүз сегиз градуста эриген чоюн эритмеси бизди күтүп турбайт да. Тез-тез кыймылдагыла! — Исабек куюучуларга карай үн катат.

Демдүү үндүн таасиринен куюучулар биринин артынан бири кезек күтүп, кара кумга майланышкан күрөктөй алакандары менен чекесинен аккан эмгек терин аарчынышат. Антпегендечи, эриген чоюндун ысык илеби бетти каптап уруп жатпайбы. Бул жерде бири-бири менен сүйлөшүү болбойт. Ар бири өздөрүнүн жоопту иштери менен алек.

Куюучуларды демиткен чоюн эритүүчүлөрдүн эриш-аркак эмгеги айтып бүткүс жомок өңдөнүп, бул иш смен бүткөнчө кайталанат. Исабек да жаңкы шамдагайлыгынан жазбайт. Анын жылмайыңкы жүзү, ар нерсени кумарлуу, өтүмдүү тиктөөчү өткүр кичирээк кара көзү жедеп чарчаган учурунда да сергек, жанданып жанып турат. Мүмкүн бул анын жетесинде, дээринде кошо жаралган мүнөздүр. Шамдагайыраак тартып, жумуш дегенде бүт денеси та-

рамыштай тартыла чыңалып, кусасы канбай, ал дайыма жыйынып, дайыма камынып да тура турган өңдүү. Кара чоюн эритип жаткан адам үчүн эмгек намысынан күчтүү намыс жок белем. Ооба, адамдын намысынан, эркинен күчтүү эч нерсе жок го. Намыс дегенибиз эрк. Эрк болбосо агыш жалын чоюн эритмесин кечип, аны камырдай жууруп, анын илебинен чыккан ысык абадан дем алып, Исабек отуз жылдан бери карай бир дагы чарчап-чаалыкпастан белсемдүү иштеп, заводдун кадырлуу чоюн эритүүчүсү болмок эмес.

Отуз жылдык өмүрү чоюн эритүүлүк кесипте өткөнүн ойлогондо, эмгек жолун биринчи баштаган күндөрү эсине түшөт. Жанында анын биринчи үйрөтүүчүсү З. Вайнбран да бирге иштеп жатат. З. Вайнбрандын тер аралаш майланышкан жүзүнө, күчтүү келбетине Исабек бир сыйра көз жүгүртүп алды. Бул адам Исабек үчүн чексиз сыймык. Ошондонбу, бакыт жолун көрсөткөн устатынын алдынан кыя өтпөй кадырлайт, сыйлайт. Ал болбосо мүмкүн Исабектин тагдыры башкача болот беле. Ким билет?

...Аны кадырлар бөлүмү түз эле чоюн эритүүчү № 7 цехке жиберди. Ошол күнү Исабек чоюн эрип жаткан пудлинг мешинин жанында турду. Цех ичи сүрдүү. Күкүрт аралаш күйүк жыттанат. От менен ойногон баладай, боткодой кайнаган чоюн эритмесин куюучулар конвейер аркылуу жылып келаткан калыптарга сызылтып куюп жатышат. Төр жагында чоюн эритүүчүлөр чоюн эритмесин куюучулардын туткалуу чакачаларына куюшуп жөнгө келтиришүүдө. Цех ичи алоолонуп ысык. «Буларың чоюн эритмеси менен кошо эрип, кошо муздап, чоюн денелүү болуп калышканбы?» — деп ойлоп койду Исабек өзүнчө. Ушундай ойдо турган Исабек катардагы жумушчулардай эле биринчи болуп сүрдөндү, чочулады, иштөөдөн баш тартууну да ойлоду...

— Чоюн эритүүчү же куюучу болоюн дейсиңби жигит? Биринчи жолу жөндөмдүү куюучу ушул З. С. Вайнбран боткодой кайнап жаткан чоюн эритмесине кызыга бир



эсе чочулоо менен карап турган Исабекке суроолу кайрылды.

— Чоюн эритүүчү болоюн дедим эле, бирок...

— Бирок дегениң кандай?

— Жумушу оор көрүнөт. Чыдап иштей албайм го. Андан калса ысык табы адамды өзүнө кактап, куурдактай катырат да мунуңар.

З. С. Вайнбран биринчи жолу цехке келгенде эки ача ойдо болуп, жаш уландын айтканын өзү да үйрөтүүчүсүнө айтканын эстеп, жаш уланга көз кырын таштап, ууртунан жылмайып күлүп койду.

Анан: — Бир көргөнгө оор, коркунучтуу сезилгени менен жумушу оор эмес, көнүп кетесиң. Карачы, өзүнө окшогон эле жаш жигиттер шамдагай иштеп жатышпайбы. Бул жерде коркуу эмес, дитин берүү керек. Көңүлүң менен иштегенден кийин эле көнүп кетесиң. Мен чоюн эритүүчү болуп иштейм. Чочулабай келе бер, мен өзүм үйрөтөм бул кесиптин сырларын сага. Жаш жигит да жумуштан коркот бекен. Жумуш сенин эркиң менен болуп, сенден корксун. Кеп жумушта эмес, өзүңдө,— деди З. Вайнбран жаш уланды өзүнө тарткан жылуу сөз менен.

Исабек уялып кетти. Бир четинен намыстана түштү. Исабектин жүрөктөгү анттай, шерттей болгон үмүттүү тилеги да белсемдүү жумушчу болуу эле. Ошентип, эмгектен баар таап, чыныгы жумушчу болууну чечти.

...Дасыккан чоюн эритүүчүлөр өз шакиртин алгачкы күндөрдөн тартып эле катуу ишке салды.

Анын колу иште болсо, ой чабыты алда кайда: «Сен эриткен чоюндан айыл чарбасына эң зарыл болгон машинанын бөлүкчөлөрүнүн калыбы куюлуп чыгат. Ал машина айыл чарбасынын оор жумуштарын аткарат. Адам колу менен оор жумушту аткара турган дыйкандар сенин колуңан жаралган машинаңа миң мертебе ыраазы болуп, ыракмат айтарын билгин».

З. С. Вайнбран Исабекке чоюн эритүүнүн жолун үйрөтүп жүрдү. Анткени, Исабек же кремний аралашмасын

аз салып коет, же көп салып коет. Устаты болсо жаш жумушчунун катасын оңдоп, кремнийди өз өлчөмүндө салып туруусун эскертет. Эмгекке мээнеткеч, көкүрөгү сезимтал Исабек өзүнүн кетирген катасын сезген соң, аны оңдоодон тажабай эрдин бекемирээк тиштеп, шымалана ишке киришет. Чоюн эритүүчүлөр анын аракеттүү эмгегин көрүп өз ичтеринен ыраазы. Намыскөй зээндүү, чыйрак жигит Вайнбрандын айтканын айткандай, көргөзгөнүн көргөзгөндөй үйрөнүп алды. Ал барган сайын кесиптештери менен атаандашчу болду. Исабектин аракети текке кетпеди. Ал күндөлүк нормасын 130 проценттен ашык сапаттуу аткаруу менен бирге жыл сайын 25 тонна металлды үнөмдөп калууга жетишип турду. Көрсөтүлгөн бул сан цех үчүн чоң киреше эле.

Аны күтүлбөгөн жерден кесиптеши социалисттик мелдешке чакырбаспы. Бир күнү катардагы пудлинг мешиндеги чоюн эритүүчү Михаил Васильевич социалисттик мелдешке жаш жумушчу Исабек Айчикеевди чакырды. Жаш жумушчу өз оюнда мени жаңысынтып сынап жатабы деген ойдо ызаланды. Бирок, анын сезими бат эле чыйрала түштү. «Мүмкүн жаш жумушчу өз жумушуна чыйрак, келечекте туруктуу чоюн эритүүчү боло алабы, же эрки бош жумушчулардай бир күнү кол шилтеп кетип калабы деген ойдо сынап жаткандыр» деген оюна келгенде анын намысы чыйралды. Өзүн жумушта сынап көрүүсүн ойлогон Исабек Айчикеев, Михаил Васильевич менен социалисттик мелдешке чыкты. Эки чоюн эритүүчүнүн ортосунда мелдеш жүрүп жатты. Исабек өз жумушуна токтоолук менен көз салып, жоопкерчилик менен иштеп жатты. Анткени мелдештин максаты чоюн эритмесинин сапаттуулугу менен үнөмдүүлүгү үчүн күрөшүү эле. Басса-турса да Исабектин көз алдына, бригаданын алдында уят, Михаилге шылдың болбос үчүн бардык жагынан сак, туруктуу болууга даяр...

...Исабектин аракети текке кетпеди. Жыл аяктады. Эки чоюн эритүүчүнүн мелдештеги жыйынтыгы да чыкты. Жеңиш Исабектики болду. Ал күндөлүк нормасын 140 проценттен ашык, сапаттуу аткаруу менен бирге 30 тонна металды үнөмдөп калган.



Жаш жумушчу өзүнүн көрсөткөн туруктуу эмгеги менен цехтин жетекчилеринин көзүнө көрүнүп, коллективдештерине таанылды. Аны барган сайын эмгек өндүрүмдүүлүгү кызыктырып, дагы сапат, үнөмдүүлүк үчүн күрөшүүгө аракеттенген далалаты күч алып, эркин бийлеп алды. Ал өзүнчө кубанычтын сезиминде бактылуу эле. Ал кубанычы өзүнүн ишке берилип көнүп алгандыгы — жумуш ыкмаларын үйрөнүп, коллективине камырдай жуурулушуп, чоң ынтымакта жүргөндүгү болчу. Экинчиден өзүнүн үйрөтүүчүсү З. С. Вайнбранды жана жолдошторун уятка калтырбаганы эле. Эң негизгиси, эмгекте өзүн көрсөтүп, келечекте эмгек каармандыгына татыктуу болоруна ишеним менен кадам шилтеп, өзүнүн негизги жумушчу экенин көрсөтө алды.

Эмгек менен ден соолук шериктеш эмеспи. Адамдын эрки, турмушу эмгектен жетилет, эмгектен бышып бекилет. Ооба, жумушчулук өмүрүнүн ичинде Исабек тулку бою тартылып, денеси чоюндай чыңалып бекилди. Тигине, ал шамдагайлык менен чоюн эритмесин сары майдай жылжыта чакаларга куюуда. Кыпын чоктор туш-туш жакка шырылдап ыргып, чагылгандай жарк-журк этип асмандап учуп көзгө сүрдүү көрүнөт. Бул көрүнүш көнүп калган жумушчуларга эч капарсыздай сезилет.

Жумушун улантып жатып, Исабек цехтин керегесинде илинип турган кызыл полотнодогу ак боек менен жазылган милдеттенмелерге көз жүгүрттү. Полотнодо мындай деген милдеттенмелер жазылган: «Он экинчи беш жылдыктын бешинчи жылында отуз тонна металлды үнөмдөйбүз». «Ар бир чоюн эритүүчү сапат, үнөм үчүн күрөшөлү». «Биздин чыгарган машина — айыл чарбачылыгында зор күч». Исабек бир кезде балбан билек ишкер жумушчулар кандай болду экен деп эңсөөчү эле. Эми мына өзү эңсеген жумушчулар менен отуз жыл бирге

иштөөдө. Ал милдеттенмесин дайыма ашык аткарууда. Ал бир нече жолу грамоталар, «Эмгектеги каармандыгы үчүн медалы», Эмгек Кызыл туу ордени жана В. И. Лениндин туулганынын жүз жылдыгына карата чыгарылган юбилейлик медаль менен сыйланган.

Бир кездеги карапайым жумушчу азыр өз ишинин устаты. Исабек эмгек тартибин сактоого умтулат. Ошондой эле иштеген ишинин саны менен бирге сапатына да зор маани берет. Ошондуктан, анын бригадасындагылар үчүн барк чыгаруу, ысырапка учуратуу өөн иш. Жумушчулук — бийик наам. Алардын эмгегинен жаралган деталдар жогору бааланат.

— Иштеп чыгарган продукциябыз жалаң жогорку сапатта даярдалууда. Биздин бригаданын отуз беш мүчөлөрүнөн сменалык нормаларын аткарбай калгандары болбойт. Биздин бригада: «Бардыгы бирөө үчүн, бирөө бардыгы үчүн» деген ураан менен иштейт. Биз чоюн эритүүчүлөр ар улуттун өкүлдөрүнөн турабыз. Орус А. Гридаев, чех И. Ратч, немец З. С. Вайнбран, кыргыз О. Токешев, сыяктуу жана башка жумушчулар бир үй-бүлөдөй ынтымактуу эмгектенүүдөбүз.

«Ынтымак бар жерде ырыс бар» деген эмеспи. Биздин максат сегиз сааттык жумуштун нормасын аткарып коюп, үй-үйүбүзгө тарап кетүү эмес. Турмушта ар кандай себептер болот эмеспи. Эгер бирибиз ооруп калсак, калганыбыз анын ордун жоктотпой биргелешип, жумуш нормасын аткарууга үлгүрөбүз. Ал эми жумуштан кийин болсо кокус ооруп калган жолдошторубуздун абалын сурап, жумуштагы жаңылыктарды айтып, көңүлүн көтөрүү бизде адат болуп калган, — дейт Исабек.

Чоюн эритүүчү от жүрөктүү нагыз жумушчунун дилинен чыккан сөз мени көп ойлонтту. Нагыз жумушчу болуунун өзү кандай сыймыктуу. Туруктуу жумушчу болуу арбир адамдын колунан келе бербейт эмеспи. Ал үчүн эрк, жумушка жан дили менен берилүү керек. Жумушка жоопкерчилик менен мамиле кылып, кыраакы көз караште болуунун өзү эрк, алдыдагы каршылыктарга жалтанбай бет алгандык — бул от жүрөктүүлүк менен эрки күчтүүлүк. Болбосо чейрек кылымдан ашык жалын кечип, чоюнду сары майдай эритип, андан түрдүү өлчөмдөгү айыл чарба жумушуна эң керектүү болгон чөптү өзү туурап, таңгактап боолоочу машинанын бөлүкчөлөрүн тынымсыз мээнеттө чыгарбас эле да. Ошондон улам Исабектин кесиптештери: «Исабек Айчикеевди биз эң эле адамгерчиликтүү жумушчу катары билебиз. Жумушчулар менен тил табыша мамиле кылуунун өзү эле адамдын ички дүйнөсүнүн кеңдигин, сезимталдыгын билгизип турат. Чыныгы насаатчы жаш үйрөнчүк жумушчусун коркутуп үйрөтпөстөн, айтып, көрсөтүп үйрөтөт дегендей жаш үйрөнчүк жумушчулары бизге Исабек алгач жумушту үйрөтүп жатканда кагып силкбестен жай баракат айтып, алды жумушка зээндүү, тыкан, жоопкерчилик менен мамиле кылуубузду эскертип, анан жумуш ыгына көндүрөт. Биз насаатчыбыздын ыкмаларын эске алып колдонгондуктан жумушка жан дилибиз менен берилип, бат көнүгүүгө аракеттенебиз. Анын зээндүү, жумушчулары менен тил табышып мамиле кыла билгендигинен, адамгерчиликтүүлүгүнөн биздин коллектив аны сменалык мастерликке көтөргөнбүз. Ал ар бирибизге жоопкерчилик менен көз салып, ишибизге кылдаттык менен мамиле кылат. Өзү кажыбаган эмгекчил, жүрүш-турушу үлгү, жумушчуларына кайрымдуу кичи пейил, ак көңүл адам» дешет.

Эмгекти сүйгөн ар бир адамды эл баалап, эл сыйлайт эмеспи. Ал эмгекти сүйгөн адам. Ким эмгекти сүйсө, ал эмгек сыймыгы менен жашаары турмуштагы чындык...

Исабек мага кечээ заводдон жолугушканда өтүнүч менен минтип эскерткен эле: «Эртең жекшемби күн эмеспи, зарыл жумушуң болбосо биз жакка келип кет, кенен олтуруп маектешебиз» деп.

Мен Исабектин сөзүн эске алып, эртеси үйүнө келдим. Мени күткөн үй-бүлө бүт үйүндө экен, аялы Нагыйма, кызы Нурила, уулу Нурлан. Жумушчунун үй бүлөсүнө ара-

лашуу мен үчүн сыймыктуу болду. Көп нерсени билүүгө туура келди. Ар биринин сүйлөгөн сөзү жумуш, жумушчулардын жөнөнкөй дили, тили менен сүйлөшүүдө. Бир көргөн адамга бул үй-бүлө жөнөкөй, улууларды сыйлай, тил табыша сүйлөй билишкен анык жумушчунун үй-бүлөсү экенин дароо сезесиң. Ынтымактуу үй-бүлө экенин бирбирине жасаган мамилелеринен, кичүүсү улуусун сыйлай билгендиги сүйлөгөн сөздөрүнөн сезилип турду мага. Жубайы Нагыйма да илбериңки, адамгерчиликтүү, ачык айрым экен. Жаш адамдын жубайы жылдыздуу, сулуу эле болгону жакшы эмеспи дегендей Нагыйма да жылдыздуусунан келген кара көз, кара каш, буудай өңдүү сулуу аял.

Ооба, Исабектин жубайы да өзүнө окшогон жупуну, карапайым жумушчу. Ал да Исабек иштеген айыл чарба машиналарын чыгаруучу заводдо элге керектелүүчү товарларды чыгаруучу № 20-цехте иштейт. Адамгерчилигине жараша шайыр, жароокер, акылдуу. Ишке келгенде чыйрак. Ал өз ишин жакшы билгендиктен иши кынтыксыз жүрүп, айлык, кварталдык, жылдык пландарын ашыгы менен аткарат. Өз коллективинин сыймыгы. Ушундан улам аны цехтегилеринин улуу-кичүүсү дебей баары кадырлашып, сыйлашат.

Исабек менен Нагыйма саамга ойлуу терезеге карап калышты да, эмнегедир бир-бирин карап жылмайып калышты. Бул жылмая тиктешүү тегиндик эмес эле. Ал экөө жаш курактарындагы биринчи таанышкан күндөрүн көз алдыларына элестетишкен жылмаюу эле.

Ооба, эртең Биринчи май майрамы болот деген күндүн бий аянтындагы жаштар кечеси болчу. Жигиттердин кыз тандаган өткүр көздөрү, уяң мүнөз, сүзүлө жер караган кыздардан өтүп турду. Ушу кечеде Исабек менен Нагыйма да бар болчу. Исабектин жаш, ойноок көздөрү кыздар арасынан келечек түгөйүн издегенсип кыдырата карап жатты. Исабектин бүркүт көзү кыздар ортосунда турган чарчы бойлуу, кызыл тору келген, кара көз, кара каш сулуу кызга түштү. Бул бейтааныш кыз Исабектин жүрөгүнө жылуулук сезим ойготуп, өзүнө магниттей тартып алды. Бейтааныш кыз менен таанышып алуу Исабектин жүрөгүн ээликтирди. Бийге чакырууну эңседи. Кызга жакын келип бийге чакырарда аны шылуун жаш жигит сүйкүм жылмаюу менен келип илип кетти. Исабектин жүрөгү туз куйгандай ачышты. Сезими муздап, жылдызы өчө түштү. Кандай да болсо бул кызды кармап таанышам деген өжөр ой жигиттин сезимине уялады. Эки көзү бейтааныш сулуу кыздан өтүп турду. Биринен сала бири колго тийгизбей бийге кызды илип кетип жатышты. Бий да бүттү, музыка токтоп, жаштар тарай баштады. Калың жаштардын арасынан бейтааныш кызын таппай калды Исабек. Жаштарды аралап издей берди. Эч болбогондо жашаган жерин билип алсам жакшы болот эле деген ойго келди. Тагдыр деген — бул маңдайга жазган буйрук да. Издеген бейтааныш кызын калың жаштардын арасынан көрүп калган Исабек артынан акмалап түшүп алды. Жете келген жигит дит багып кызды токтотууга жандай басты... Жигиттин мээримдүү жылдызы кызга да жагып калды. Эки жубай ушинтип бий кечесинен кийин таанышкан. Алар айлап сырдашып жүрүп, турмуш куруу жөнүндө сөз башталганда Нагыйма: «Жогорку окуу жайынын биринен окуп алсак жакшы болбойт беле. Анан турмуш бизден качпайт эле го» деген оюн айтты.

— Бул айтканың туура дечи Нагыйма, адамдардын тагдыры жогорку билимдүүлүк менен ачылбаса керек. Иштеп жүрүп деле иштеген жерден баар таап бийиктикке көтөрүлүп жатпайбы. Ден соолук, ынтымак, жумуш ийгилиги алга жылымдуу болсо эмгегибиз жемишсиз калбастыр. Алды экөөбүздүн келечектеги турмушубуздун ынтымактуу болушу. Калганын келечек көрсөтө жатар, — деди. Кыз жигиттин сөзүн эп көрдү да, ага өмүрлүккө жар болууга кол берди. Эми мына... бир кыз, уулдуу болуп, олтурушат. Көп жылдык тажрыйбасына такшалып өз ишинин устаты болушту. Өз ишинин устаттыгынан сменалык мастерликке ээ болуп отурат.





ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ N 416383

...Ынтымактуу эки жубай, өз кызыкчылыгын гана ойлобостон уул-кызынын келечеги үчүн да ар дайым кам көрүшөт. Балдарын алгач өндүрүштө иштетип, окутушту. Кызы Нуриланы онунчуну бүтөрү менен эле Исабек өзү иштеген заводдун конструктор бөлүмүндөгү чертеж сызуучу бөлүмгө орноштурду. Ал эки жылдан кийин политехникалык институтту Кузнечная шаарынан окуп, бүтүп келип, азыр өзү иштеп кеткен айыл чарба машиналарын чыгаруучу заводдун конструктор бөлүмүндө иштеп жатат. Уулу Нурлан Фрунзе шаарындагы автомобиль жол куруу техникумун бүтүрүп, Фрунзе шаарындагы автомобиль жол курулушунда иштеп жүрөт. Жөнөкөй жумушчунун үй-бүлөсүнөн тарбияланган уул-кыз келечекте инженер-конструктор, балким технологдор болушар. Жаштардын тилеги алдыда эмеспи.

Эмгекке жарамдуу Исабектин үй-бүлөсүнүн баары өндүрүштүк ишканада иштешет. Демек, үй-бүлөдөгү, өз ара пикир алмашууларынын көпчүлүгү өндүрүштүк ишкананын чарбалык, коомдук иштери жөнүндө болот. Ошондуктан Исабек Айчикеевдин уул-кызы да келечекте өндүрүштүн белдүү мүчөлөрүнөн болмокчу.

— Ооба. Ата-журттун казына байлыгын арттырып, маданиятын улам бийик серепе көтөрүп, калк жүгүн аркалаган заман алпы — жумушчу табы. КПССтин XXVII съездинде жасаган отчеттук докладында КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары М. С. Горбачевдун: «Коомдун негизги күчү — жумушчу табы азыркы доордогу өтө прогрессивдүү тап» деп бекеринен айтпаган. Мына ошол коммунисттик коомду кайра курууда күнүмдүк кыйынчылыктарды жеңип жаткан жумушчулардын ыйык милдеттеринен эмеспи.

КПССтин XXVII съединде жана КПСС Борбордук Комитетинин пленумдарында кайра куруунун зарылдыгына эмне үчүн мынчалык көп басым жасалып жатат? Аны кандайча түшүнүүгө болот? Албетте, бул суроого ар бир эле жумушчу азырынча толук түшүнө бербей жатышат? Кайра куруу учурунда заводдун цехтеринде, участкаларында, бригадаларында ишке жогорку жоопкечилик талап кылынууда. Мында жумушчулардын бир-бирине болгон ынтымагы, иштин чарбачылдык менен уюштурулушу, кемчиликтерди жашырбастан ачык айтып, аларды четтетүүгө аракеттери күч алууда. Бирок бул максаттарды жүзөгө ашырууда азырынча бир топ татаалдыктар, кыйынчылыктар кездешүүдө. Алыс барбай эле өзүм иштеген чоюн куюучу участкасын эле алып көрөлү. Бизде чоюнду эритүүчү үч пудлинг меши, эки жылып жүрүүчү конвейер, калыптоочу станок жүзгө жакын. Алар аз эле дегенде он беш, жыйырма жылдан иштетилген. Эскиргендиктен бат-бат бузулуп, кээ бир ички механизми сынып, ремонтко көпкө туруп калат. Анда эмгектенүүдөн өзүң деле коркосуң. Механик, начальниктерге айтсак: «Оңдолот, жаңысы менен алмаштырабыз» деп тил эмизип, жооткотуп коет. Мындай жоопторду нечен жылдан бери угуп келаттык. Слесарды жешилген, сынган механизмдерди оңдоп бергиле десек складда керектүү тетиктер жок болсо, бербесе эмне менен алмаштырып оңдомок элек дешет да тим болушат. Ремонт көпкө созулса, жумуш убактысынын да текке кетери түшүнүктүү... Жетекчилер жумушчунун эмгегин баалап, иштөө шартын жөнгө келтирсе, пудлинг мешин, конвейерлердин, калыптоочу станоктордун механизмдерин жаңыртса, аткарган ишине жараша айлыгын төлөсө, ким эмгектенбейт да, ким көнгөн жакшы ишин таштап, орун которуштурсун. Эгерде начальниктерге туруктуу айлык эмес, иштин жүрүшүнө, пландын аткарылышына жараша төлөсө — жумуш ыргагы жогорулап, сапаттуу да болуп, жумушчуларга жоопкерчилик менен карамак. Бул чындык. Демек, ар ким өз ишин кайрадан курбаса, элдин пикирин уга билбесе, тактап айтканда, тиги же бул ишти тез чечүүгө мүмкүн болбогондору таасын талкуулап чечпесе болбой тургандыгын эске алып, кайра куруунун шарапатынан пайдаланып талапты өз учурунда пайдаланбасак болбойт деген чечимге келдик. Пудлинг мештерин жаңыр-

тып, конвейерлерин калыптоочу станокторун кайрадан карап чыгып, механизмдеринин кыймылын текшерип, цехтин ичиндеги газды, чаңды сыртка соруп чыгаруучу соргуч трубаларды пайдаланганда гана иш ыргагы оңолгондо гана жумуштун алга жыларына өбөлгө болорун катуу талап кылдык. Ушундан кийин гана моюндарын тескери бурушкан инженер-технологдор, слесарь-механиктер, чоюндун эритмесин текшерүүчү лаборанттар мурункудай тил эмизип жооткочу кур сөздөрүнөн ишке өтүштү.

...Айталык мен иштеген чоюн эритүүчү участок суткасына оңдогон тонна тетиктерди куюп, тийиштүү участокторго, цехтерге жөнөтүшөт. Чоюнду эритүү үчүн үч пудлинг меш иштейт. Айтмакчы, мештин керегесине айрым учурда өзгөчө бекем кыштан коюлгандыктан миң градустан ашык ысыктыкка чыдабай күбүлүп, күйүп түшүп кала турган. Мындай учурда коюлган кыштар жарылып, күбүлүп, мештер кырсыкка учурап, иш жүрүшү артка чегинүүчү. Бул учурда тетиктерди куюуга даярдалган чоюн эритмеси сапатын жоготуп коюучу. Мындай кезек-кезек боло калчу кырсык участоктун гана эмес, бүтүндөй заводдун иш ритмине терс таасирин тийгизип, иш жүрүшүн артка тартып келген. Эки жылдан бери бул кемчиликтерди цех жетекчилери четтетишти. Жумуш күнүндө кабыл алынган мешти атайын комиссиянын мүчөлөрү менен текшерип чыккандан кийин жумуш өз ыгы менен башталат. Ошондой эле бизди жабдыган кыш заводунун администрациясынан кургак сапаттуу кыштарды жөнөтүп турусун нечен курдай талап кылдык, бул аракеттин аягы биздин ишибиздин алга жүрүшүнүн пайдасына чечилди. Чоюн эритүүчү участокто өз жумушуна машыккан, жоопкерчилик менен мамиле жасаган жумушчулар милдеттенмелерин ар ай сайын 115-120 процентке сапаттуу жана үнөмдүү аткарышат.

Биз ийгиликтерге жетишүү үчүн коллективде кандай аракеттер жасалды. Иш убактысын өндүрүмдүү пайдалануунун он күндүк, бир айлык, кварталдык, алты айлык



пландары түзүлгөн. Айлык, кварталдык план аткарылган сайын материалдык жана моралдык сыйлыктар ыйгарылып турат.

Ошондуктан, ар бир жумушчу өз жумушунун натыйжасы үчүн камкордук көрөт. Ар бир жумушчу «Бир минута текке кетпесин». «Бирөө бардыгы үчүн». «Ар бирибиз үнөм үчүн күрөшөлүк». «Беш жылдык — бизге, биз беш жылдыкка» деген ураанда иштешет. Бул милдеттер ийгиликтүү түрдө иш жүзүнө ашырылып жатат. Бригаданын мүчөлөрү коммунисттик эмгектин ударниктери болуп саналат, — деп Исабек Айчикеев өз ишине бир эсе маашырланса, бир эсе унут калган ойлорун эстегенсип стол үстүн черткилеп олтуруп сөз учугун улайт.

Исабектин чоюн эритүүчү кесипте эмгектенген жылдардагы чогулткан тажрыйбасын бүгүнкү күндөгү жетекчилик ишине чоң жардамын тийгизип жатат. Чоюн эритүүчү пудлинг мештерине түшкөн чоюн, темирлердин эритилүүсүн түсүнөн эле ийне жеткирилбей жатканын айттырбай билет. Иштин пайдалуу чечилиш жолдорун издейт.

— Адеп завод босогосун аттаганымда ишке көнүгө албай кыйналганым эсимде турса да, толук элестете албайм. Өткөн жылдар жууп кетти... Тажрыйбам жетиштүү, күндөрүм жай өтүп жатат деген кыязда жүргөнүмдө цехтин жетекчилери, участкалык жумушчулардын суроосу боюнча мени мастерликке дайындады. Алгачкы иш күнүмдөн кийин эле жүрөксүнүп калдым. Көрсө, мен жетекчилик кылууда актай экенмин. Чыныгы кыйналыш эми башталды. Бригада мүчөлөрүн басымдуу бөлүгүн кечээ эле орто мектепти бүтүрүп келген жаштар түзөт. Чоюнду эритүү эрежесин, кремний, акиташ аралашмаларын үйрөтүү бир тең да, баарынын башын бириктирип ынтымактуу, уюткулуу журт түзүү өзүнчө кыйынчылыкка турду. Узак жылдар бою топтогон тажрыйбамды, билим-туйгумду ар бири менен бөлүшүүнүн аракетинде болдум. Көп жылдан бери бирге иштеп келе жаткан менин сменимдеги эки бригаданын мүчөлөрүнүн ар бири бүгүнкү күндө бир тууган ини-карын-

дашымдай сезилип калды. Жетекчилик ишимдин алгачкы ыракаты ушул болсо керек.

Жумушчулук өмүрүмдө чогулткан жеке тажрыйбамды жаш чоюн эритүүчүлөргө жан-дилим менен үйрөтөм. Ай сайын пландын аткарылып турушу жана иштетилген продукциянын сапаттуу болушу жаш жумушчунун ынтаасына жана жөндөмүнө жараша болот. Иштин бул жагдайына ойдогудай чечилиши бизде бир аз татаал, себеби, чоюн эритүүчү кесибине ээ болуп чыкчу республикабыздын бир дагы кесипчилик-техникалык окуу жайында атайын бөлүм ачылбаган. Андыктан иш процессинде кесипке ык алдырып, окутуп-үйрөтүү мастердин үлүшүнө таандык болуп, эки эсе кайраттанып эмгектенүүгө туура келет.

Мен өзүм көп жылдар бою заводдо иштеп, эмгектеги туура жолумду, бактымды чоюн эритүүчү пудлинг мешинен таптым. Ошон үчүн заводдогу бул же тигил иштердин оор экендигин, бирок Мекенибиз үчүн анын чыгарган продукциясы канчалык керектигин жакшы билем. Албетте, баарынан мурда жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүн камсыз кылуу биринчи кезекте тартипке байланыштуу экендиги талашсыз.

Жогоруда айтылган милдеттерди күнүмдүк ишибиздин прогресси катары кабыл алуубуз менен эмгекте тартип болбой жакшы ийгиликтерге жетише албастыгыбызды түшүнөбүз. Бул боюнча заводдо зор иштер жүргүзүлүп жатат. Биз эмгек тартибин чындоо менен ар жылы кабыл алган социалисттик милдеттенмебизди аткарууга күч-арадагы өзгөчө милдети эки эселенген күч менен кечээгиден кетти жумшай беребиз. Ар бир чоюн эритүүчүнүн алдынбүгүн, бүгүнкүдөн эртең мыкты эмгектенүү үчүн жигердүүлүктөрүн көрсөтүшүүдө.

**БОЛОТБЕК МАКЕТАЕВ**

# БАТМАКАНДЫН БАКТЫСЫ

1969-жылдын жашыл килем жамынган жай айларынын аяк чени. Борбор шаарыбыз Фрунзедеги СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргызстан Мамлекеттик Университетинин алдында Батмакан ары сүрдөп, ары уялып, кирип-чыкгып жаткан жаштарды карап, аларга арзуу толгон көздөрү менен суктана таңыркап тура берди. Документтеринин баарын тапшырып: «Эми окууга өтүп кетсем экен» — деп китептерин колтуктап күнү-түнү аракеттенип жатты. Бирок ал окууга өтпөй калды. — Эмне кылуу керек? Анын оюн онго бөлүндү. Кайра өзү туулуп өскөн касиеттүү көл тарапка кетип калгысы келди. Акыры апасы Анаркан айткан акыл сөз эсине кылт дей түштү. «Ооба, орус тилин өздөштүрүп, шаар турмушуна да көнүшүм керек» — деди ал ичинде бир чечимге келип. —

Ошентип, Батмакан өзүнүн турмушундагы алгачкы эмгек жолун шаарыбыздагы «Юбилейный» азык-түлүк дүкөнүнөн үйрөнчүк болуп баштады. Дүкөнгө келген кардарларга сергек карап, жоопкерчиликти ошону менен бирге жогорку маданияттуулукту жана сылык-сыпаалыкты талап кыла тургандыгын Батмакан адепки мезгилде эле туюп, сезе баштады.

«Чу» дегенде эле сатуучулук иш көңүлгө жагып, ал каалагандай жеңил боло койгон жок. Ал иштеген шаардагы дүкөндүн ичи айылдагы дүкөндөргө окшобой, элдин көп болушу анын тынчсыздандырып, алда немеден корккондой болуп жүрдү. Кийин-кийин барып гана кымгуут эл менен көнүшүп кетти. Кыйналуу-кысталуу, эсеп-чоттон алдатып

жиберүү, ал тургай уктап калып ишке кечигип тил угуп калган күндөрү да болду. Мындай этиятсыздыктан келип чыккан кемчиликтердин кайталанбасы үчүн Батмакан көп-көп аракеттерди жасады. Эрте келип, чыга турган азыкты убагында сатууга даярдап, айтор күйпөлөктөп эле дайыма иш менен алек. Шарты келе калганда дүкөн ичиндеги түрдүү бурч, дубал газеталарды жасалгалоого да чоң салымын кошуп, кыска мөөнөттө алгачкы кыйын учурду артка таштоого үлгүрдү.

Арадан бир топ жылдар өттү. Жок продуктыларга заявка берип, аларды кайра тез аранын ичинде сатып, элди канааттандыруу менен соода ишинде тактыкты гана талап кылып турду. Эгер дүкөнгө бир ящик чай түшүп калса бир азын гана кардарларга сатып, калгандарын өздөрү бөлүп алып турушкан. Бул ишке Батмакан келгени жол берилген жок. Кээ бир сатуучулар тарабынан катылып коюлган инди чайларды дароо ачыка алып чыгып нечен ирет коллективди артка тарткан учурлары да болду. Ооба, чындыгында Батмакан татаал жолдо тырмышып жүрүп гана алдыңкылардын катарына жетти. Анын алгачкы ийгиликтери өзүнүн өжөрлүгү менен күндүк нормасын ашыра аткаруудан башталды. Кесиптештеринин арасында жаңыдан сый, урматтоого ээ боло баштаган Батмакан адегенде толкунданып жүрдү.

Кийин, 1974-жылы, азык-түлүк товарларынын соодасы боюнча Фрунзедеги шаардык чекене бирикмесинин № 4-дүкөнүнө улуу сатуучу болуп которулду. Жаңы дүкөн, жаңы коллектив. Ал бат эле алар менен аралашып, коллективдин колдоосуна алына баштады. Бирикменин, Ардак грамоталарын, нечен ирет акчалай сыйлыктарын алууга татыктуу болду. Берилип иштөө, сооданы көңүлдүү жүргүзүү кимди да болсо кубантат. Эл деген эле эмеспи. Арийне, «Асчылык көпчүлүккө баш ийиш керек» деген акыл кеп бар. Бул сөздү бекеринен келтирип жаткан жерибиз жок. Себеби дүкөнгө сары май түшүп калса сөзсүз түрдө чубалжыган кезекке турабыз. Мына ошондо кай бирибиз



жарым килограммга муктаж болсок, кай бирибиз бир килограммга, кай бирибиз 200 грамм үчүн кезекте турабыз. Кээде биз каалагандай 2 килограммды ала албайбыз. Эмне үчүн? Себеби элди караңызчы жетпей калат дейт. Ошентип мен эки килограмм алыш үчүн 22 грамм майды алып кайрадан кезекке турушум керек. Бул жагдайды Батмакан жакшы түшүнөт. Кимге канча керек болсо ошончону тартынбай эле бере берет. Бул албетте көпчүлүккө жагат. Эл мындай иштн колдойт.

Мына эми бир мезгилде окууга өтпөй босогодо турган жаш кызды азыр дүкөнгө келген ар бир кардар мейли ар кандай улуттун өкүлү болбосун ызаат кыла салам айтышат.

1981-жыл. Дүкөндө көп жылдардан бери иштеп, анын ийне жибине чейин билген сатуучу, Эмгек Кызыл Туу ордендүү Валентина Дмитриева Барабаш кубана келип, колунда тийбей соода жүргүзүп жаткан Батмакан Арыковага сүйүнчүлөп калды:

— Батмакан, сенин сүрөтүң Бирикменин Ардак тактасында илинип турат, мен өз көзүм менен көрүп келдим. Кечөө жакында эле илсе керек, сүйүнчү бер?

— Оо-о майлабасаң болбойт — дешип кесиптештери аны ороп калышты. Батмакан тигилердин серп салуусуна ичинен кубанып, «ракмат, ракмат» — деди.

Ананчы ата-бабаларыбыз да убагында «дарак бир жерден көгөрөт» деп бекеринен айткан эмес экен. Чынында эле Батмакан бир жерден агарып, көгөрүп ишти сөз менен эмес иш менен бүтүрүп, таанылып калды. Эмгекти жанындай сүйгөн жаш кыз дем алыш күндөрү да иштеп, ийгилик жаратууну гана самады. Кээ күнү иштин кандай болуп бүтүп калганын да сезбей үйгө келип кыйшая калганда гана чарчаганын сезип жүрдү. Батмакан азыр кесиптик тажрыйбасын теориялык жактан да арттыруу үчүн Москвадагы Советтик Соода институтунун Фрунзедеги филиалынын соода экономикалык бөлүмүнүн акыркы курсунда сырттан билим алып жатат. Ошентип күн өтүп, майрам, жыйын болгон сайын иши макталып, башкаларга үлгү бо-

ло баштады. Иштеги жетишкендиктерин эске алып, аны 12 улуттан турган жаш соодагерлеринин бригадири кылып дайындады. Бригадирлик жогорку жана жоопту милдет Батмаканды ого бетер эргитип, дагы көп ийгиликтерди жаратууга зор түрткү берди. Бригаданын мүчөлөрү айлык, кварталдык, жылдык пландарын дайыма ашык аткарып, дасыккан сатуучулардан болуп калууга дагы бир мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Жакында эле Батмакан Арыковага чоң кубанычтуу кабар келди. «Иштеген тиштейт» дегендей сатуучу чыны менен азамат болуп чыкты. Ал өмүрүнө эмгектин шамын жакты. «Советтик Кыргызстан» газетасынын 14-ноябрдагы (1986-жыл) санына Мамлекеттик соода ишканалары менен уюмдарынын алдыңкыларынын СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйлоо жөнүндө СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы чыгып, анда III даражадагы Эмгек даңкы ордени менен сыйланууга Батмакан Арыкова да татыган. Орден алуу кандай сыймык! Демек ак эмгек бааланды. Анын бул ийгилигин бирге иштеген курбулары, үйрөнчүктөрү, дүкөндүн директору Зоя Аитова, парткомдун секретары Салкын Мааткеримовалар келишип чын ыкластан куттуктап жатышты.

Мына эми алдыңкылардын слету, дүкөндөгү чогулуштар, Бирикмедеги жыйындар. Айтор, улуу сатуучу Батмакандын өз жумушунан тышкары да ар кандай коомдук иштери арбын, мурдагыдан да жоопкерчилик күчөдү. Анын баарына жетишүү ары түйшүктүү, ары жоопкерчиликти талап кылаары шексиз.

Жакында ал иштеген жерге барып, дүкөндүн директору Зоя Аитова менен бирге дүкөн ичин кыдырып, улуу сатуучу Батмакан Арыкованын иштери менен таанышып калдык. Мурда эле биздин эмне үчүн барганыбызды сезген Зоя Аитова дүкөндүн, андагы сатуучулардын ийгилиги тууралуу сурабасак деле жобурап узун сабак сөз кылып, кеп баштай кетти. Өзгөчө Батмаканга кеңири токтолду.

Батмакан биздин сыймыгыбыз. Иш десе ичкен ашын



жерге коё турган кыздарыбыздан. Планын дайыма ашык аткарат. Жакында эле Аллазова Азаматты, Кыдырбаева Ихматты, Мамыралиева Майрамды үйрөнчүктөн өз алдынча иштөөгө чыгарды — деп, Зоя Аитова жылмайып койду. Кубанычы койнуна батпай Батмакан да сөзгө аралашты:

— Мени ушул сыймыкка жеткирген биринчиден — насаатчыларыма жана албетте өкмөт менен партияга ыраазымын. Эгерде кесиптеш насаатчыларым мени тарбиялап такшалдырбаса, өкмөт менен партия мендей карапайым кызынын эмгегин көкөлөтпөсө ушул бийик даражага жетпес элем. Ошентип алдыңкы сатуучунун иштерине мындан аркы да албан-албан ийгиликтерди каалап, биз да жолго чыктык. Анын адал эмгегин көкүрөгүндөгү орден, дагы бир ирет айгинелеп турду.

**ЖЕДИГЕР СААЛАЕВ**

## ОРУС ТИЛ МУГАЛИМИ

— Та-ня, Таня, ре-во-лю-ция, революция. — Үйдөгү жымжырттыкты чабандын уулу Болотбектин эжелеп окуган үнү гана бузат.

— Эмне эле башыңды оорутуп жатасың? — деп бурк этти эшиктен камчысын бүктөй кармап ачуулуу кирген Акматбек жерге өбөктөй жатып алып, китебине үңүлгөн уулуна.

— Русский язык...

— Уруский деп коет. Тур, койду кара! Жана эле окуп жатпайт белең. Эмгиче бүтө элексиңби?

— Ал эне тил болчу...

— Ой, койчу эми. Баланын окушуна да мүмкүнчүлүк бербейсиң, — деп сөзгө кошулду апасы Зулайка. — Жаңы келген орус кыз окута баштагандан бери эле китептен башын көтөрбөй калды. Суловар жаттап жатам дейт. Мейли оюна койчу.

— Оюна кой, оюна кой... Мунусу да болушуп калган тура. Малга эмне чөп чачып койбойсуңар... — Акматбек бүгүн айылга барып, башкармадан жеме угуп кайткан эле. Ачуусун кимден чыгарарын билбей жатты. — Тигине, агаң Эсенбек деле окуй берип чилтен болгон жери жок...

Эки күндөн кийин эле кыштоодогу чабан Жапаров Акматбекти «Пограничник» орто мектебине ата-энелердин жыйналышына чакырышты.

— Мени эмне жакшылыкка чакырат дейсиң. «Балаң — баландай, балаң-төлөндөй, сабакты билбейт» дешип урушканын. угуп, башкалардын алдында башымды саландатып турайынбы. Барбайм жыйналышка... — деп бурк эткен Акматбек уулу «сөзсүз кел» деп коюп, мектебине кеткенден кийин оюндагысын аялына чыгарды.

— Кой, ботом, — деп секирип кетти аялы Зулайка. — Барам деп, анан барбай койсоң болмок беле? Баланын шагы сынбайбы...

Аялы экөөнүн ортосунда болгон ушул сөздөр эсине түшүп, Акматбек чогулушта да сабыры суз олтурду. Кенен класстан орун алышкан ата-энелер, алардын артында тизилишкен мотурайган балдар-кыздар, тигил доска тарапта кызыл материал менен жабылган узун столду тегеректей жыйналып жатышкан мугалимдер менен өзүнүн такыр иши жоктой. Аларды бир сыйра аралай карап, толукшуган жап-жаш, сымбаттуу орус кызын көрдү. Жергиликтүү мугалимдердин, жада калса бүткүл ушул класстагылардын ичинен ал таптакыр айырмаланып, бардыгы анын карап



жатышты. Ошондо гана Акматбек өгүнү аялынан жана айылдаштарынан «мектепке жаңы, жаш орус кыз келип, сабак берип жатат» деп укканын эстеди.

Аңгыча ошол орус кызы туруп сүйлөй баштады.

— Бул — Клавдия Васильевна Чернышева, жаңы келген мугалимибиз. Биринчи сменада 2 — «А» классты окутуп, экинчи сменада башкаларга орус тилинен сабак берүүдө, — деп тааныштырды анын сөзүн бөлө окуу бөлүмүнүн башчысы.

Мындай чоочун адамдар айылга чанда келгендиктен Акматбек баш болгон көпчүлүгү орус тилине жакшы түшүнүшпөсө деле аңкая анын оозун карап олтурушту.

— Балдардын көпчүлүгү тырышып окуй башташты, — деп сүйлөп жатты жаңы мугалим. — Экинчи чейректин жыйынтыгы боюнча алдыга чыккан окуучуларга өзүнчө сыйлыктарды уюштурганбыз. Азыр ошолорду тапшырып коюуга уруксат этиңиздер. — Ал тизме жазылган кагазга үңүлдү.

— Акматбеков Болотбек. — Бардыгы окуучулар тарапты карап калышканда чабандын жүрөгү «болк» эте түштү. Качан гана уулу парталардын ортосунан өтүп барып, эжеси сунган китеп, калем сапты алып жатканда иштин чоожайын толук түшүндү. Жаңы мугалим Болотбектин маңдайынан сылап, класска кайрылды. — Биринчи сыйлыкты женип алгандыгы үчүн Акматбековду куттуктайбыз жана калган балдарды андан үлгү алууга чакырабыз! А где же его родители!.. — Акматбекти түрткүлөп ордунан тургузушту.

— Спасибо Вам! За воспитание такого сына. — Кубанычтан чабандын чекесинен тер чыпылдай не кыларын билбей турду. Кайра олтурган соң андан ары жыйналыштын эмне болуп бүткөнүн да сезген жок.

Чогулуштан өз уул-кыздары үчүн кубанып кайтышкан ата-энелердин бардыгы балдарынын бул сыйлыктарына жаңы мугалимдин алгачкы айлыгынын 27 сому бүт жумшалганын билишкен жок. Жаңы мугалимге жөн гана мээ-

римдүүлүгү, өз балдарын жакшы көргөндүгү үчүн ыраазы болуп баратышты.

Эмгек чыйырын тоо койнундагы ушул мектептен баштаган алыстан келген жаңы мугалим кыргыз тилин жакшылап үйрөнүү үчүн күнү-түнү сөздүк менен алпурушуп, өз окуучуларына орус тилин түшүндүрүү үчүн жанын таштап иштеп жүргөнүн ал кезде көптөр байкабаган. Клавдия Васильевна балдардын ар бирине сөздүк дептерчесин ачтырып, сабактын жүрүшүндө кездешкен аларга түшүнүксүз сөздөрдүн бардыгын жаздыртып коюучу да айрым убакта үйдөн которуп келүүгө тапшырма берчү, кээде сөздүктөрдүн жардамы менен өзү которчу. Оюнкараак окуучулардын бардыгын сабакты жакшы билген окуучуларга бирден бекитип берип, алардын көмөк көрсөтүүсүнө көз салуучу. Сабактарды көрсөтмөлүү өтүүгө аракет кылып, өзүнүн анча шыгы жок болсо да ак барактарга тайраңдатып сүрөттөрдү тартып, чоң-чоң кылып жазып келер эле. Орус тилиндеги роддук өзгөчөлүктөрдү түшүндүрө албай эси оочу.

Балдардын тилдери жатыксын үчүн аларга окуу китептерин үндөрүн бек чыгарттыра окута турган. Айрым окуучулардын жетишпегендигин өзүнүн кыргыз тилин билбегендигинен көрүп, ыңгайсызданууучу. Андайлардын ата-энелерине барып аңгемелешем деп канча жаман көрүнду.

Эми, мына, андан бери 34 жыл өттү. Клавдия Васильевна райондун борборундагы орус тилинде окута турган мектепте иштеп калды. Бул мезгилдер ичинде абдан көп өзгөрүүлөр болду. Окутуунун методикасы жакшырып, техникалык жабдуулар кеңири пайдаланыла баштады. Мына, кааласаң диаскопту, фильмоскопту, киноаппаратты да сабакты көрсөтмөлүү өтүү үчүн пайдалана бер! Мунун бардыгын ал кеңири колдонсо да илгеркидей эле атайын түзүлгөн карточкалардын жардамы менен окуучулардын билимин текшерүү, сүрөттөрдү көргөзүп, тексттерди окуп берүү менен изложениелерди жаздыруу сыяктуу өзүнүн ыкмаларын жемиштүү уруна билет. Кичинекейлердин психологиясын түшүнө мамиле кылып, аларды кызыктыра бири-бирине атаандаштырып окутуунун устаты.

Андыктан аны эл да жакшы көрүп, сыйлашат. Өз кесибине берилип, аны сүйүү да өзүнчө кумар белем... Мугалим адамдарды тарбиялоодон мурда өзү бардык жагынан үлгү көрсөткүдөй абалга жетүүсү керек эмеспи. Антпесе эл сени ээрчийби? Отуз төрт жылдан бери Клавдия ушул ой менен жашап келет...

* * *

— Кана, кеп салчы, деги Ат-Башы деген кандай жер болот экен? Балдызың балдарын окутуп жүргөн элдин жайын айтчы?...

Ново-Куйбышевский темир жол станциясынын жумушчулары диспетчер Василий Степанович Романовду тегеректеп алышты. Ал аялы Евгения Васильевна Чернышева менен жакында эле Кыргыз ССРинин бир бурчуна, «Ат-Башы деген жерге» барып мугалим болуп иштеген балдызын пенсияга узатуу салтанатына катышып келип, бүгүн гана жумушка чыккан. Аны менен чогуу иштегендер үчүн Василий Степановичтин жаңылыктары абдан кызыктуу эле.

— Оо... Ат-Башы деген укмуш жер, кыргыз деген сонун эл болот экен... — деп баштады ал көп мааниде сөз таштап. — Аялым, кайын эжем Елизавета Васильевна, бажам Иван Яковлевич Ташин болуп, бул жерден Россиябыздын талааларын аралап, Кыргызстандын борбору Фрунзе шаарына чейин поезд менен жетип алып, бир күн өргүдүк. Нарын областына самолет деле учат экен, бирок биз атайы жер көрүп баралы деп жумшак автобуска билет алдык.

Жолдо шаар тибиндеги кооз-кооз поселокторду, айылдарды, шаарларды аралап олтурдук. Кыргызстан дегениң өзү бүт эле тоо болот тура. Кыргыздын Ала-Тоосунун кооздугун көрөм десеңер ошол жакка баргыла. Элинин мей-

майдостугучу. Ох-хо-о... Андай элди таппайсың... — Ал тамшанып койду. — Автобуста бара жатканда бир-эки адамда эт, жумуртка, кыргыздын боорсок деген тамактары бар экен. Бүт автобустагыларга таратып, тең бөлүштү. Сыпайылык кылып, кежирлендик эле жолду катар ар кайсы тилдеги ырларды ырдап бара жатышкан шайыр жаштар бизге таарына кетишти. Көрсө кенедей нерсе болсо да тең бөлүшүү кыргыз элинин салты экен. Анда да биринчи кезекте меймандарды, чоочундарды сыйлашат экен. Буга биз Ат-Башынын өзүндө болгондо да ынандык.

Балдызым Клавдия Васильевна иштеген мектеп район боюнча балдарды орус тилинде окуткан жалгыз мектеп болсо да анда иштегендердин көпчүлүгү жергиликтүү, кыргыз мугалимдери экен. Клавдиянын балдары сыяктуу ал жактагы орустар кыргыз тилинде эң жакшы сүйлөшүп, кыргыздын үрп-адаттарын мыкты билишет экен...

Василий Степановичти бардыгы тегеректей, ага суроо артынан суроо узатышып, аңгемесин кызыгып угуп жатышты.

...Бул окуянын учугу көп жылдар мурда эле башталган. Ульянов областындагы Николаев районунда Никулина кыштагы бар. Россиянын талааларын аралаган темир жол айылды жандап өтүүчү.

Фронттогу жоокерлерге кийим-кече тарткан поезддер, эшелондор күнү-түнү шакылдап өтүп туруусу көнүмүш болуп калган. Куйбышев темир жол станциясынын темир жол мастери Василий Михайлович Чернышевдун күнтүнү жаны сеп албай жүгүрүп жүрүшү да үй-бүлө үчүн көнүмүш. Анткени станцияда киши жетишпесин алар жакшы билишет. Ошентип, Никулина кыштагындагы бул үй-бүлө айылдык мугалим Матрена Яковлевна Чернышева түндөсү көпкө чейин чырагын өчүрбөй сабактарына даярданат. Согуш жөнүндө, кара жанын карч уруп иштеп жүргөн күйөөсү, кыздары жөнүндө ойлонот. Улуу кызы Елизавета шаарда, педагогикалык институтта окуп жүрөт. Евгения болсо мектепти бүтүп, атасы иштеген станцияда оператор болуп иштей баштады. Клавдия тогузунчу класста, Валентина али кичинекей.

— Каралдыларым, — деди эне кечке чарчап, кызуу уйкуда жатышкан кыздарын мээрим төгө тиктеп. — Жеңиш ылдам эле келсе экен!.. Келечегиңер кандай болот?!...

Ал кыздарынын жууркандарын акырын кымтылап койду.

Клавдия бардыгынан эрте туруп, мектепке камына баштады.

— Кызым, каякка шаштың? Тамак ич! — деди Матрена Яковлевна кейий.

— Жок, апа. Уулдары фронтко кетишкен энелерге классташтарыбыз менен жардам бермекпиз. Алар мени күтүп калышат... — Клавдия нандан бурдай сугунуп, мектепке тыз койду.

— Жароокер кыз болуп келе жатат... — деп ичи жылый ойлоп койду узатып кала берген эне.

Клавдияны да башка бардык балдардай эле согуш эртелеп эс тарттырып, кагелес кылып койду. «Канткенде мен кыйналып жүрүшкөн ата-энеме, бир туугандарыма жардам бере алам? — деп ойлочу. Ал өзгөчө апасын сүйчү. Мектептеги бардык балдар жакшы көргөн апасы бар экенине аябай сыймыктанчу. «Мугалим бардыгын билет. Эмнени билбесең, сурап көрчү, дароо түшүндүрүп берет. Апамдын билбеген нерсеси жок болсо керек». Ушинтип ойлоочу ал. Көп окуп, көптү билип, апасындай мугалим болгусу келчү. Елизавета шаарга, мугалимдик окууга кетип жатканда перрондо узатып жатып, чыны менен ага суктана Клавдия:

— Эжеке, чоңойгондо мен да мугалим болом, э, — деген. Анын бул сөзүнө бардыгы күлүшүп, эжеси менен апасы жарыша:

— Ооба, сөзсүз мугалим болосуң, — дешкен.

— Мугалим чет тилин жакшы билүүгө тийиш,— дечү ага апасы. Матрена Яковлевна аларга немец тилинен сабак берүүчү. Клавдия да ушул тилге кызыгып, тырышып

окуп жүрдү. Ал дайыма «Келечекте Елизавета эжемдей жакшы окуп, апамдай жакшы мугалим болом» деп жазып жүрдү сочинениелеринде.

Бирок ал ушул оюна мынчалык ылдам жетем деп ойлогон эмес. Көз ачып-жумгуча мектепти да аяктады. Эми окууга жөнөйм деп турганда мектеп директору Матрена Яковлевна менен кеңешти. Анан алар Клавдияны чакырып алышып, жетилүү аттестатын тапшырбай туруп, сөздү ортого салышты.

— Клавдия, мектепти «эң жакшы» деген баалар менен аяктап жатасың. Дилгирсиң. Келечекте сенден көптү күтөбүз. Окуйм деп жүрөсүң, аныңды кубаттайбыз. Бирок азыр мектебиңе өзүңдүн жардамың керек болуп жатат. Мектебиңди жакшы билесиң, 5-7 класстарда немец тилин окута турган эч кимибиз жок. Бардык жерде кадрлар жетишпейт. Эч жактан жардам ала албайбыз. Мына, апаң Матрена Яковлевна жалгыз абдан кыйналып жүрөт. Башка сабактары канча. Окууга барыш үчүн каражат топтоп алганыңа да жакшы...

Директордун сөзүнө Клавдия муюп калды. — Атам менен да кеңешип көрөлү, апа, — деп жооп берди ал.

...Мына, ал үч күн бою пассажирдик поездде Кыргызстанды карай сапар тартып келе жатат. Поезддин шалдаганы ага «Жеңиш! Жеңиш!» деп жаткансып угулат. Анын окууга келе жатышы да ошол жеңишке байланыштуу.

Клавдия өзү окуган мектепте, мурда пионер вожатыйы болуп жүргөн 5—7-класстардын окуучуларына толук бир окуу жылы бою немис тилинен сабак берди. Жаңы гана мектеп партасынан келген кыз үчүн кыйын болсо да ал тез эле сабак өтүүнүн ыкмаларын үйрөнүп, мугалимдер коллективине аралашып кетти.

Жаздын акыркы айы жеңишти кошо ала келип, бардык жерде майрам. Элдин көңүлү көтөрүңкү. Каарман совет эли дүйнөлүк экинчи согушта жеңип чыгып, дүйнө элин фашисттик кулчулуктан сактап калды. Клавдия дагы эле



иштей берет беле, анын үмүт, тилеги жөнүндө мектеп директору менен апасы Матрена Яковлевна өздөрү эскеришти. «Кызым, жеңиш болсо келди. Биз эми сени кармабайлы. Окуйм деген тилегиң бар эмес беле. Эми окууңду улант. Бизге кадрларды жибермей болушту» дешти алар балдар каникулга тараар алдында. Бирок да азыр поезддин купесинде олтуруп, ушулар жөнүндө ойлоно көздөрүнөн кыял учкундары чачырап, педагогикалык институтту эңсеп келе жаткан бул кыз институттун кабыл алуу экзамендеринен небак эле кечигип калгандыгын билген эмес. Бул жөнүндө Фрунзеден, институтка барганда гана укту. Албетте, бул кабар алыстан арзып келген кыз үчүн абдан оор эле. Антсе да көзүндө чечкиндүүлүк ойногон 18 жашар ак саргыл кыз абдырап калган жок. Ушул эле шаардагы педагогикалык окуу жайына барды.

— Азама-ат, — деп койду ойлоно, Клавдиянын документтерин карап чыккандан кийин окуу жайдын директору Юлия Яковлевна Курганова. — Ошончо алыс жерден келгенден кийин мен сага баары бир институт пайдалуураак болот деген кеңеш берер элем. Сен министерствого барып көрбөйсүңбү. Менимче таржымалыңды толук түшүнүшсө институтка кабыл алышат. Болбосо кайра кел! Биз дароо 3-курска киргизебиз. — Ага министерствого кандай баруу, кимге кирүү керектигин түшүндүрүп беришти.

Өмүрү чакан кыштактан алысыраак чыгып көрбөгөн кыз канчалык чечкиндүү, зирек болсо да Кыргыз ССР эл агартуу министерствосуна киргенде сүрдөп калды.

Имараттын өзү эле канчалык сүрдүү. Күңүрт тарткан кенен коридорлорго да килемчелер төшөлгөндүктөн өз дабышың да угулбайт. Буурул чачтуу адам анын документтерин карап чыкты:

— Түзүк. Алыстан келген турбайсызбы. Эртең эртерээк келиңиз. Сиз менен тийиштүү адамдар аңгемелешип көрүшөт. Купулга толуп, сыноодон ийгиликтүү өтсөңүз институтка кабыл алабыз.

Мейманканадагы бөлмөсүндө чабалактап, уйкусу качып,

таң атканча кирпик какпай чыкты. Көз алдында министерствонун сүрдүү имараты, жанагы буурул чач адам. «Эртең баруу керекпи? Ал эми тийиштүү адамдардын суроолоруна жооп бере албай калса эмне болот? Өзүн да, бүт мектебин, ал тургай бүткүл жергесин уятка калтырбайбы». Ал өзүнүн билим деңгээлине өзү ишенбей чечкиндүүлүгүн жоготуп койду. Мунусу үчүн кийин далай ирет өкүнөрүн бул түнү билген жок. «...Же педагогикалык окуу жайдын жылдыздуу директоруна эле кайра барсамбы?...»

Эртеси ал министерствого кайра барган жок.

Педагогикалык окуу жайынын үчүнчү курсунун студенткасы Клавдия Васильевна Чернышеванын ары кызыктуу, ары түйшүктүү студенттик бир жылы заматта эле өтүп кетти. Эми Юлия Яковлевнанын алдында мугалимдик күбөлүгү бар адис турду.

— Каякка барууну каалайсың? — деп сурады директор.

— Кай жакка мугалим керек болсо ошол жакка жөнөтүңүз, — деп жооп берди Клавдия.

Ошентип, 1947-жылдын күзүн Клавдия Васильевна Чернышева Ат-Башы районунда тосуп алды. Бул анын чыныгы турмушка өз алдынча шилтеген алгачкы кадамы эле. Клавдияны райондук элге билим берүү бөлүмүнүн Пограничник орто мектебине жөнөтүштү. Бул айыл Ат-Башы дайрасынын жээгинен орун алган, үйлөрү чар жайыт салынган, өрөөндүн күн батыш тарабындагы эң четки айыл эле.

Клавдияны таң калтырган көп нерсе болду. Бул жакта суук эрте түшүп, эч кандай жашылча-жемиш бышпайт экен. Жемиш бактарынын ордуна жапырайган тал-терек тер өсөт. Шамал көп болгондуктан жергиликтүү калктын жүзү тотуккан, көпчүлүгү орто бойлуу, чымыр денелүү келишет. Негизги тармак катары мал чарбачылыгы эсептелет. Талаачылыкты өздөштүрүүнү мыктап үйрөнүүгө эми гана киришип жатышкандай.

Баарынан да Клавдияны кыйнаган нерсе жергиликтүү калктын көпчүлүгү орус тилин билбегендиги болду. Аны



мектептин дене тарбия мугалими Медербек ээрчитип келип коюп, кайра кеткенде Клавдиянын ыңгайсыздангандыгын айтпа. Эне экөө бири-бирин карап бир топко чейин жылмайып отура беришти. Эне бүжүңдөп, нанын, каймагын коюп, чай даярдады. Анан не кыларын түшүнбөй олтурган Клавдияны дасторконго жаңсап чакырды. Мандайын бырыш аралаган, буурул чач, чүкөдөй бул мээримдүү кемпир Клавдияга кандай жагып жатса 20 жаштагы толуп турган ак саргыл, уялыңкы кыз да энеге ошондой жагып турду.

Бир ооз сөз билбеген элеттин балдары менен иштешүү ал үчүн абдан кыйынга турду. Анын үстүнө айылда жада калса мончо да жок экен. Кино да коюлбайт. Ал кантип жуунуп, кирин каякка чайкап аларды кимден сурашын биле албай кыйналды. Бул маселе өзүнчө эле проблема болуп калды. Кийилген көйнөктөрүн улам алмаштыра берип, алар додо болуп калган эле. Үйдө энеси экөөнө Медербек тилмеч болот. Ал жокто эне экөө жаңдашып сүйлөшүп, айрым сөздөрүнө түшүнүшсө, көбүнө түшүнүшпөй жылмайып коюша турган.

«Бүгүн эмне болсо да жуунуш керек» деп ойлонуп келе жаткан Клавдия короого кирери менен селдейип катып калды. Анын бардык кийимдери, шейшептеринен өйдө жуулуп, кермеде жайылып турган эле. Бир ордунда делдейе түшкөн Клавдия эшиктин алдында күлүмсүрөп турган энени көрдү. Ага чүкөдөй кемпир ушунчалык сүйкүмдүү, жакын, кудум алыста калган Матрена Яковлевнадай туюлуп кетти. Клавдия жүгүрүп келип, энени кучагын кыса жүзүнөн жыттагылап, өпкүлөп жиберди. Эне да жадырай аны бооруна кыса өөп-жыттады да бошонгондон кийин гана Клавдияга складды колу менен жаңсап көргөздү. «Жуунуп ал!» дегендей белгини дароо түшүнүп, ушул кемпирге кандай алкыш айтарын билбей турду. Складга баш бакса чылапчындын жанында жылуу суу, самын, сүлгү — бардыгы даяр туруптур.

Медербектин энеси менен Клавдия кадимки эне-бала-

дай болуп калышты. Бул ымала айрыкча окуу жылы аяктап, жаш мугалим тууган жерине, ата-энесине каникулга карата жөнөгөнү жатканда ачыгыраак сезилди. Экөө коштошо албай көпкө кучакташып турушту. Анан эне көзүнө жаш ала ага ак жол каалады. Кыргыздын боорсок, сары май сыяктуу тамак ашынан ооз тийип жатышып Василий Михайлович менен Матрена Яковлевна Клавдиянын ат-башылык энеси үчүн канчалык кубанып, ыраазы болушканын ал өмүр бою унутпастыр. «Менин турмушумда Медербек Жумабаевдин жана кыргыз энемдин эмгеги чоң. Алар болбосо бөтөн эл, бөлөк жерде мен эмне болот элем...» деп ойлогон анда. Ушул ой, алардын алдындагы адамдык парзын сезүү менен кыргыз энеси каза болгонуна чейин Клавдия алар менен барып-келип, катташып жүрдү...

Жаңы окуу жылында аны Кара-Суу орто мектебине которуп коюшту. Кантсе да бул жерде ал үчүн көңүлдүүрөк эле. Өзү теңтүү Лена, Зоя деген жаш мугалим кыздар менен бир үйдө турду. Дал ушул айыл, дал ушул мектептен ал өз бактысын табам деп эч ойлогон эмес.

— Менин баягы сабактан жетишпей жатат деген окуучум бүгүн тапшырылган ырды жаттап келиптир...

— Бирок окуучуларды да аёо керек. Балдар сабактан сырткары убакта эч ким менен орусча сүйлөшө албаганы алардын тил үйрөнүүсүнө чоң кедерги болуп жатат. Азырынча сөздүк менен көбүрөөк иштетүү керек экен... — Кыздар адаттагыдай эле жолдо күнүмдүк иштер жөнүндө сүйлөшүп бара жатышты.

— Бийкечтер! — аларга жанаша келип, чаңды бурулдата токтогон жыгач кабиналуу машинадан кача беришип, кыздар шофердун чакырыгына кайра кайрылышты. Кабинадан оттуу көздөрү ойноктогон, кер мурут орус жигити баш багып туруптур... Дүкөнүңөр кайда? Көргөзүп коебалар бекенсиңер?... — деди ал тигилерге сырдуу жылмая. Бул жигит Максим Окладников эле. Ал дүкөнгө товар алып келе жаткан. Кыздар шарактай күлүп, анын машинесине түшүп алышты. Товарды нары-бери түшүрө салгылачы Максим кыздарга тамаша сөз ыргыта коюуга да үлгүрүп жатты.



Кайра ал кыздарды үйүнө машина менен жеткирип койду. Жолдогу кыска убакыттын ичинде ал кыздардын жайын сурап, өзү шофер, механик экендигин, эми бул жакка дайыма товар, ар түрдүү материалдарды тартып, көпкөп каттап турарын билдирүүгө үлгүрдү. Көңүлү көтөрүлгөн кыздар шаңкылдай күлүп кала беришти.

Айткандай эле Максим кийин да келип туруучу болду. Улам үйүр алышкан сайын кыздардын үйүнө токтой өтүп, «апамдын белеги» деп колдо бышырылган таттуу токоч, ар кандай жылтыр-жултур буюмдарды таштай кете турган. Бул жигит бардыгына жагып жүрдү. Бирок ал кайсы бир күнү сабактан чыгып келе жаткан Клавдияны гана машинасына салып, райондун борборуна, өз үйүнө ала кетти. Бул 1951-жылдын башы эле.

Максим менен Клавдиянын үйлөнүү тоюна чакыртылган россиялык ата-эне жол азабы — көр азабын тартып, Ат-Башыга араң жетишкенин айтып отурушту. Күйөө бала Нарындан өзү машинасы менен тосуп алса да кичинекей «Газик» автобуста Фрунзеден бери зорго келишип, абдан кыйналышкан.

— Сен жашаган жериңе оңойлук менен куш да учуп жете албайт турбайбы, — деди Матрена Яковлевна оюнчындан. Антсе да кызынын жакшылыгы, үйлөнүү үлпөтү, ак тилекте өтүп жаткан тою алардын кыйналганын жууп кетти.

Эми андан бери жылдар билинбестен куушуп, баягы толукшуган кыз акар-чакар үй-бүлө күтүп, эне болду. Жергиликтүү эл менен камыр-жумур жууруулушуп, эми Ат-Башы анын өз айылы болуп калды. Дал ушул райондун эли аны бул жылдар ичинде эл депутаттарынын райондук Советине төрт ирет депутаттыка шайлашты.

Албетте, эл ишенимине кирип, калк кадырлоосуна ээ болуу үчүн ал абдан көп эмгектенди. Күн тыным албай,

түн уйкусун бөлдү. Бул жакта анын немис тилин жакшы өздөштүргөндүгүнүн пайдасы тийип, 1958-жылга чейин райондун борборундагы Ленин атындагы № 1 орто мектепте немис тилинен сабак берип жүрдү. Андан соң бүгүнкү күнгө чейин райондун борборундагы эле Ленин атындагы № 2 орто мектепте иштеп келүүдө. Бул мектеп — райондогу балдарды орус тилинде окуткан жападан жалгыз мектеп. Анын мугалимдик өмүр жолунда да дал ушул мектептин орду өзгөчө. Бул мектепте ал агарып-көгөрдү. Катардагы мугалимдиктен тартып, башталгыч класстар боюнча окуу бөлүмүнүн башчылыгына чейинчи милдеттерди аткарып жүрдү. Анын ак эмгеги өкмөт менен партия тарабынан «В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата» юбилейлик медалы, «Эмгектин ветераны» медалдары менен белгиленди. Ал эми 1965-жылдан бери ал «Кыргыз ССРнин эл агартуусунун отличниги».

— Клавдия Васильевнаны пенсияга узатканыбызга беш жылдан ашты. Бирок ал баары бир мектептен кете албай иштеп жүрөт, — дейт мектептин директору, «Кыргыз ССРнин эл агартуусунун отличниги», Кыргыз ССР Жогорку Советинин IX жана X чакырылыштарынын депутаты Вера Яковлевна Пухова.

Биз Клавдия Васильевна менен өзүнүн 3-классында, сабак учурунда жолуктук.

— Мына, бакыт деген ушул эмеспи... — дейт ал өзүнүн басып өткөн узак жолун ойлоно. — Менин бала чагымдагы кыялымдын бардыгы ушул Ат-Башыда ишке ашты. Ат-Башыдан айланса болот. Уулум Сергей шофер болуп жүрөт. Володям болсо Фрунзеде. Алар кыргызчаны өз эне тилинен кем билишпейт. Бул жылдардын ичинде эски Ат-Башыны да, жана анын жаңырып кайрадан төрөлүшүн да көрдүм. Мен алгач келген жылдары сүйлөшүүгө орус тилин билген чанда гана кишини жолуктурсам, азыр элдин бардыгы мени менен эркин сүйлөшүшөт.

Өзүмдүн эле далай окуучуларым жогорку окуу жайларын бүтүп келишип, кайра чогуу иштеп жатабыз. Азыр



ушул эле мектепте өзүмдүн мурдагы окуучуларым, бүгүнкү мугалимдер: географ Роза Мирмугалимова, орус тилин окутуучу Катя — Калича Исирова, (ал эми анын синдиси Аня — Амина Мусаева райондук элге билим берүү бөлүмүндө инспектор) жана башкалар иштеп жүрүшөт. Бул сыяктууларды санай берсек толуп жатат. Райондун, бүтүндөй республиканын башка мектептеринде, партиялык-советтик жетекчи кызматтарда жүрүшкөн окуучуларым канча дейсиз. — Жүзүндөгү бырыштарда көп жылдардын издери катылган, чачын буурул чала баштаган бул эненин көздөрү бакытка толуп, сыймыктуу жоодурап турду.

— Туугандарыңыз менен бат-бат катышып турасыздарбы? — деп суроо узаттым.

— Оо... албетте. Азыр мен бала кезде суктанчу эжем Елизавета Васильевна — РСФСРдин мектептерине эмгек сиңирген мугалим. Ал да пенсияда... — Клавдия Васильевна ойго чөмүлүп кетти... — Азыр эмне. Бардыгына жетишкен заман. Кайда баргың келсе кыйналып-кысталбай эле учуп бара каласың. Эми «куш жетпес жерлер» жок калбадыбы, — дейт жылмайып. — Азыр мен окутуп жаткан 3-классымда 33 окуучу бар. Алардын үчөө окуунун отличниктери, он үчү ударник. Класстагы окуучулардан артта калуучулар жок.

— Кечирип койсоңор, мени балдарым күтүп калышты. Класты үч көтөрүп чурулдап жатышат го тентектерим. Мен бара берейинчи...

Жүрөгүнүн тереңиндеги балдар үчүн болгон сүйүү, мээрим дайыма төгүлүп турган мугалим-эне мындан көп жылдар мурдагы жаш, толукшуган кезиндегидей азыр да коридордо өзүнүн окуучуларын көздөй карбаластап, шашып бара жатты.

**СУЛТАНБЕК ЖУМАГУЛОВ**

## АТ-БАШЫНЫН ШОФЕРЛОРУ

Биз түшүп келаткан автомашина деңиз толкунуна кабылган кеменин так өзү. Ала жаз, өңгүл-дөңгүл жол. Бирде зымырайбыз, көбүнчө кыбырайбыз. Кээде күү менен өңгүл-дөңгүлдү басып өткөндө калдыр-күлдүр болуп жатып калат. Чоочун жолоочу көнбөгөндүктөн тилин тиштеп алышы ажеп эмес. «Ой абайласаңчы, — деййм шоферго, ал теңтушум. — Эч кур дегенде машинеңди аясаң боло». Ал болсо мыйыгынан жылмаят, жедеп көнгөн да. «Камтама болбо дос, Ат-Башынын машинелери бышык, — дейт талашага чалып, — автозаводдорго айтып, биз үчүн машинелердин өзгөчө маркасын чыгартса...»

Биз сапар тартып келаткан жол — «1-Май» колхозунуку. Район боюнча эң начар жол. Алыста кан жолдун дал ортосунда кепшеп оолжуган уй турат. «Пипилдетсе» да «эр болсоң тебелеп көр» дегенсип кебелип койбойт. Акырындатып айланып өттүк. Уй аттууну шоферлер «ГАИнин штаттан тыш инспектору» деп азилдешет. Техникага жаныбар да үйүр алып, автомашиналар аларды тебелебесин, эгер тебелесе шоферлору жоопко тартыларын билип алгансып, деле кой, маалкатып жол ортосуна гана туруп алганын кара.

Кичине чагында шофер болууну эңсебеген бала жок чыгар. Биз тестиер чакта «Көк кашка», «Вездеход» деп айдачубуз оюнчук машинелерди; эмкилер «КамАЗ», «Супер-МАЗ» деп кыялга батышат экен. Бул бүт бала аттууга таандык мүнөз болсо керек.

Кантсе да, ат-башылык балдар үчүн автомашинанын



баркы, наркы андан бетер бийик деп айта алам. Мектепте экенде эсимде: айрым теңтуштарыбыз кан жолдо арыбери каттаган автомашиналардын номеринен кайсы чарбаныкы экенин жазбай айтып, ал эми көзгө сайса көрүнгүс түндө алыста күүлдөгөн машинанын үнүнөн эле кимдики экенин баамдай турган. Ат-Башынын балдары техникага өтө зирек туулат деген пикирди айткан жокмун, тек гана райондун экономикалык абалы менен геогрфиялык ыңгайына жараша мында автотранспорт башка жерлерге караганда өзгөчө мааниге ээ. Ушул материалдык жагдай аң-сезимге — психологияга, ой жүгүртүүгө жана сезимге таасир эткен сыяктуу.

Райондук автобаза — бул чөлкөмдүн күрөө тамыры. Кыбыр эткен жумуш автобазанын мойнунда: эл ташыйт, мал ташыйт, алыстан таш көмүр ташып жеткирет, жолго шагыл төгөт... Негизги маршруттары — Ак-Сай, Арпа, Балыкчы, Чүй өрөөнү.

Автобазанын начальниги Алик Ашымовго жекшемби күнү жолуктум. «Дем алыш болбойт, — деди ал. — Иши биздин өзгөчөлүгү ушундай. Бүт район бизди карап турбайбы».

Начальник 30 жашта. Политехникалык институтту бүтүрүп, институтта бир аз иштеди. Андан соң ушул автобазада механик, гараж башчысы болуп, андан партиянын райкомунун аппаратына алынган. Эки жылдан бери кайрадан автобазада, эми анын жетекчиси. Жаңы начальник иштин неден баштайт болду экен? Бирин кетирип, дагы биреөлөрүнүн орунун которуштуруп дегендей, чакчелекей түшүрөөр бекен? Же кабинетинин интерьерин өзгөртүүдөн баштайбы?

Начальник көпчүлүк күтпөгөн бөлөк иштерден баштады. Автобаза областта эң биринчи болуп чарбалык эсепке өткөрүлдү. Албетте штат кыскартуулар жүрдү. Анын көз карашы жаңы эле. Бөлөктөргө окшоп «чарбалык эсеп», «өзүн-өзү финансылоо» деген түшүнүктөр аны «алда неме болуп кетээр бекен?» деп чочуткан жок. Анын үстүнө ав-

тобазанын материалдык, финансылык өбөлгөсү бар болучу. Шоферлордун арасында, инженердик-техникалык кызматкелердин арасында жаңыча ой жүгүртө алган, чечкиндүү жигиттер да аз эмес эле.

Башкы экономист Дүйшөн Термечиков жыйырма жылдан бери ушул автобазада иштейт. Ишкананын финансылык кыймылына көзү каныгып бүткөн чагы. «Чарбалык эсепке өткөнү нак киреше көз көрүнөө өсүп баратат, — деди башкы экономист. — Азыр автобазанын үч колоннасы тең б. а. эки жүк ташуучу, бир жүргүнчүлөрдү ташуучу колоннасы рентабелдүү». «Биз мурда «коллективизм» жөнүндө ашкере кеп айтчубуз, — деп кепке аралашты начальник. — Коллективизмдин аң-сезими эми мына түптүнө баштагансыды. Мисалы, Көлбай Койчумановдун комсомолдук-жаштар бригадасы эч кимдин көрсөтмөсү жок эле оборотток склад түзгөн. Шоферлорду билесиңер, абдан бүйрө калк, ар биринин үйүндө каптеркасы бар. Ар кимиси өзүнүкүн көтөрүп келди эле кадыресе склад пайда болду. Мурда эчемтеге арзыбаган тетиктин айынан тээ Балыкчы, Фрунзеге дейре чапкылап, ар кимге күнүбүз түшүп сурамжылап, машиналар айлап ремонтто турчу. Эми ашып кетсе бир жумада жөнгө салып алып, жумушка аттанышат. Эң башкысы — аң-сезим кыйла өзгөрдү. Мына эми бүт база боюнча оборотток склад түзүүгө кам урсак болот. Үлгү, тажрыйба издеп алыска барыштын да кажети жок.

— Нак киреше арбын экен. Демек, социалдык маселелерди чечүүгө өбөлгө бар экен да?

— Албетте. Көмөкчү чарбабызды кеңейтүүгө кириштик. Жумушчуларга бекер тамак уюштурдук. Республиканын кубаттуу автомашиналарынын өрнөгүн билип келдик. Шоферлор, жумушчулар үчүн душ, эс алуу бөлмөсүн салабыз. Пландарыбыз көп.

Азыр мурдагыдай артыкбаш контролдоонун кажети жок. Ошондуктан, инженер-техник кызматкерлердин штатын кыскартып, шоферлор айткандай, «кара майга» салдык.



## «САПАР КАЙДА! БАЛЫКЧЫДА ЖЕ АК-САЙДА»

Көлбай Койчуманов, Орозбай Бакасов үчөөбүз «КамАЗдын» кабинасындабыз. Көлбай — «Сапар» комсомолдук-жаштар бригадасынын жетекчиси, Орозбай — бригада советинин мүчөсү. Кечээ күн бешимде Балыкчыдан жүк алып чыгышкан, бүгүн чак түштө араң Ат-Башыга жетиптир. Долонго кар түшүп, жол тайгак, жүк оор. Долондун белин беш саатта ашыптыр. Көлбай дөңгөлөккө чынжыр ороп чыккан соң, кайра жөө-жалаңдап ойго түшүп... Элестеткенде эле жүрөк опкоолжуйт. Мындайдын далайын баштарынан кечиришпедиби.

Ак-Сайда, Арпада канча жолу калышканын айт. Кышында колонна болуп Арпага жем-чөп тартып барышты. Кайра тартканда каран түн түшүп, бороон-чапкын, жолду кар шилеп, кыбырап эле келатышат. Ана, бир «ЗИЛ» күрткүгө түшүп тыгылып калды. Эшикке баш баксаң дароо буюгасың. Эптеп тартып чыгарышып жол тартышты. Түн ичинде бороон басылып, эми чыкылдаган аяз каптады. Бир аздан соң машиналардын мотору калдырап барып өчүп калды. Солярка тоңуп калыптыр...

Акылдашып акыры калай банкелерге солярканы куюшту да, от коюп, мотордун астына эптеп илишти. Мотор жылыганда от алдырып айдап жөнөшөт, өчсө кайра солярка жагып жылытышат. Ат-Башыга келишсе, базадагылар, үйдөгүлөр чуруу-чуу түшүп жатышыптыр...

Ал эми жаан-чачында Ак-Сайга баргылык кылбасын! Жалгыз кан жолго шагыл төгүлгөн, эчтеке эмес. Андан кыштоолорго бөлүнгөндө кыйын. Ак-Сайдын ак топурагы жаанда эшилме келет, тайгаланасың да отурасың. Бир курдай ак жаанда калышып, 62 чакырымды бир жарым күндө араң басышкан.

— Көлбай, эмгек акыңар кандай? — деп сурадым.

— Түзүк эле. Жетет. Жайы-күзү оңолуп алабыз. Сезон маалы эмеспи, жүккө карк болобуз. Балыкчыга, Токмокко үзбөй каттайбыз. Жүн, кой ташып жеткирип, ал жактан

курулуш материалдарын, таш көмүр тартып келебиз. Жазы-кышы кыйыныраак. Тыякта жүк бар, Ат-Башыдан алып кеткидей эчтеме жок же тескерисинче.

— Чарбалык эсеп силерге жактыбы?

— Жакты. Машинеси оң болуп, жүк чыгып турса шофер иштейин эле дейт. Базанын азыркы жетекчилерине ыраазыбыз. Эмгек акыны, сыйлыкты өз маалында, келишимге жараша төлөп турат. Чырылдап-чыркырап эсептеше албай жүргөн шофер жок.

— Жашоо-тиричилик жагычы? Күндөп-түндөп ай-талаада жол кесип жүрөсүңөр. Үй-бүлө, ата-эне бар дегендей.

— Үйдөгүлөр көнөт тура. Сары санаа болушат жанагынтип кечиккенде, көз ачырбай жаан күндөрү жолго чыкканда. Бала-чака чоңоюп жатат бир четинен. Там салып алгам. Шоферлорго там салыш бөлөктөрдөй оор маселе эмес го.

— Кандай, тарткан жүгүңөрдөн өөнөп же кытып аласыңар го сыягы?

— Андай деле эмес. Орус туугандар айткандай «берем то, что плохо лежит». Мисалы, сапар тартып баратып жол үстүндө же жээгинде жаткан тактай, устун, бышкан кыштарды, дагы толгон-токой тамга керек нерселерди көрөсүң. Эч кимге пайдасы жок, ачык асман астында какжырап жатат. Шофер тарта келет, «сага керек болбосо, мага керек» деп. Бул эмне колу туткактыкпы? Андай эмес го деймин. Шоферлор негизинен сарамжал болушат. Жалкоолор, чарба жүргүзө албагандар талаага ыргыта беришсин, бизге керек.

«Ушул ой жоруум логикалуубу?» дегенсип Көлбай мага карап койду. Мен «туура» дегендей баш ийкедим.

## КЫЗЫЛ-БЕЛГЕ, КЫНДАГА КАНДАЙ ДӨҢГӨЛӨК ЧЫДАЙТ!

Шофер үчүн баары бир тең, дөңгөлөк бир тең. Ат-Башынын шоферу үчүн андан беш бетер. «Дөңгөлөгүм тасырайып калды, эми эмне кылам ыя катүгүн?» деген эле



киши. Дөңгөлөгүндүн быдыры түшсө Балыкчыга же Ак-Сайга аттанбай эле койгонуң оң. Суукта Долондун белинде калганда кабагым-кашым дебеген шофер дөңгөлөгү жыртылса тимеле ыйлап-ыйлап жиберет.

— Эмне, дөңгөлөк да дефицитпи? — деп суроо узаттым Көлбайга.

— Ошондой го. Болбосо Автожолдор министриндегилер «көп келе дебегиле, дөңгөлөк жок, лимит түгөндү» дебейт эле да.

— Нормасы болсо керек?

— Нормабы, ооба, бар. Жалпы союз же республика үчүнбү, айтор, мен билгени бардыгы үчүн бирдей норма түзүлгөн. Мына азыр биз асфальт жолдо зымырап баратабыз. Дөңгөлөк асфальт жолдо бат жыртылабы же Кызыл-Бел менен Кындыда бат жыртылабы? Күйүүчү май жагы да ушул: баарына бирдей норма үлөштүрүлгөн. Чиркегич, анан оор жүгүң менен Долондун белин онтолоп ашканда түз жолдон эки-үч эсе көп май күйөт. Министерстводо эртеден кечке эсептеп-өлчөп, анан нормасын бычып отургандар кантип эле ушунун билбей калсын? Же Автожолдор министирлигиндегилер жалаң түз, асфальт жолдо эле жүрөт дешеби? Биздин тоолуу аймак үчүн дөңгөлөктүн чуркоо нормасын кайра жакшылап карап чыгышса деген тилек.

— Мындан 13 жыл илгери «2000-жыл» деген темада сочинение жазганыбыз эсимде, — деп Көлбайга өткөн-кеткенди айта отурдум. — Ошондо Долондо, Кызыл-Белде буюрса туннель жол болот деп кыялдансам керек эле. Кылым жаңыраарына он бир жыл калыптыр. Туннелдин дайыны билинбейт, ал эми «1-Май» колхозунун жолу 13 жыл мурдагы кейпинде.

— 13 жыл илгери мен жаңыдан гана рулга отургам. Андан бери жол кыйла эле оңолду калп айткан менен болобу. Төө-Ашуу же Кара-Көөнүн жанында Долон менен Кызыл-Бел «шоона» эшпей» калат го.

Бирок, таңгөрүнүкү, Ат-Башынын асфальт заводу ой-

догудай иштебей жатпайбы. Бир учурда «ураа-лап» бүткөрүп салышкан рапорт үчүн, азыр бирде иштейт, көбүнчөсү токтоп турат. «1-Майдын» жолу начар чынында. Жолчулар кырып-сүрүп түздөгөнгө үлгүрбөй жатышат окшойт. Аларды түшүнсө болот. Беш-Белчир, Кында деген бар. Жол. эксплуатациялоо башкармасынын кубаттуулугу өп-чап жетет.

Долонго чукулдаганда Көлбай «КамАЗын» токтотуп, бакка суу куйду да, дөңгөлөктөрүн буту менен тепкилеп көрүп, кайра от алдырды.

— Кайдан окуганым же укканым эсте жок, — эми ал бирдемени эске түшүрдү. — Америкалык бизнесменден сурашкан имиш «миллионер болуу үчүн эмне кылуу керек?» деп. «Адеп тасмадай түз жол кур, — деген экен миллионер. — Жолуң түз, мыкты болсо автомобилдер, аны менен кошо акча, цивилизация өзү эле келет».

Эчтеме эмес, сочинениеңдеги жол бизге да жетээр. Билинбеген менен жылыш бар. Жалаң тасма жолдо кайкайганга көнүп алган шаардыктардын талабы бийик болот турбайбы.

— Мамлекеттик автоинспекция менен мамилеңер кандай? Себеби, «тыякта ГАИ турат, быякта ГАИ бар» деп сестенген шоферлорду көп көрүп жүрбөйбүзбү. Ал тургай каршылаш жол тартып келатканда да жаңсашып, ГАИ бар же жок экенин бири-бирине билдире өтүшөт.

— Эми биз болбосок ГАИ болбогон сыңары, автоинспекциянын көзөмөлүсүз шоферлорго кыйын эле. Жол эрежелерин чала билгендер, бирдеме «кылт» этип алып айдагандар аз эмес. Айрыкча, айыл жеринде менчик автомашинасы бар айрымдар кээде жөн эле жүрөктү түшүрө айдашат. Ар кыл автокырсыктар эмнеден чыгып жатат дейсиз?

Шофер болуу деген машинаны от алдырып, газды тээп, зуу коюп жөнөө эмес, бул — өзүнчө илим, өнөр. Даярдык, чебердик, ыйман деген керек шоферго. Шашма, алаңгазар, топурагы жеңил адамдар руль кармабай эле койсо.



ГАИ азыр сөзсүз керек. Инспекторлордун да ар кандайы бар. Адамгерчиликтүүсү кездешет, ниети бузугу да кездешет. Бизди кармап эзгилегиси келсе оңой эле. Машинени бир тегеренип чыкса эле кынтык табат: «протекторуң жарабайт». Кызыл-Бел менен Долонду ашкан машиненин протектору, албетте, жогорку талапка жооп бербейт оңой менен. Көбү түшүнөт. Такыр эле жарабай калып, токтотуп салбаса, «дөөтүң колдосун эми» деп узатышат. Кээси кабинага отуруп алат да, «тиги мындай, бу жарабайт» деп чукулайт. Ал да керек дечи негизи. Бирок, жумурткадан кыр чыгарып, асылып алса, ичинден зээниң кейийт. Кыскасы автоинспектордун жакшы-жаманы анын ыйманынан, адамгерчилигинен.

— Алыска тынбай каттайсыңар, силерди тейлөө, эс алдыруу жагы дурус чечилгендир?

— Кандай десем. Мурда, мисалы, Балыкчыга кечкурун чыкканда камтама болчу эмеспиз. Мейманканада ордубуз сакталуу. «Автовнештрастын» мейманканасына автобазабыз жыл башында акча которуп коюучу. Азыр Балыкчыга санааркап барабыз. Анткени, ал мейманкана чарбалык эсепке өткөн. Койканын баасы өтө кымбаттап кетти. Мурда жалаң алыстан келген шоферлор түнөөчү эле, эми андай эмес, чөнтөгү калың каалаган жолоочу эртелеп келип, орунду ээлеп алат. Кабинада түнөйбүз же тааныштардыкына догурунуп барабыз. Чарбалык эсеп жакшы дечи, бирок аны да ыкташтырып, мезгил ыңгайына жараша колдонгон эп го.

Долондон ылдый куркурап түшө баштаганда Чүй тараптан жүк—тарткан автомашиналар күркүрөп бери карай бет алып келатты. Тоолуу аймактын күрөө тамыры согуп жаткандай.

— Короз адеп чакырганда жолго чыгышкан экен, — деп үн чыгарды баятан Долондун белине чыгып келатканда унчукпай калган Көлбай. — Буларды бир чети тамашалай «биздин конкуренттер» деп коебуз. Жүктүн баарын тартып кетишет, андайда биз куржалак кайтып келебиз.

Айрыкча, Фрунзеден же Ивановкадан куру келгенибиз көп. Кээде үч-төрт күндөп жүк күтүп жатмайыбыз бар. Себеби дегенде, жергиликтүү автобазадагы тааныш шоферлорго жүктөшөт, бизди күттүрүп коюп. Негизинен кирпич тартат эмеспизби Ивановкадан. Буга анча нааразы эмеспиз го, беркн шоферлорго ачуу келет. Кузовго толтура кирпич жүктөйбү, анан ал акеңер мындай чыга калып зарылган бирөөгө ашык баада сатып жиберишет да, бош кузову менен Ат-Башыга зуулдайт. Райондук керек-жарак коомундагы тааныш менен «жакшылап» сүйлөшүп, акчасын өткөрүп дегендей, кымылдаган бойдон Ивановка тарапка, үйүнө кайтат. Оор жүк тартып, машинеси жешилген жок, чөнтөгүнө аздыр-көптүр тыйын түштү. Кирпич болсо Чүйдө калды, Ат-Башыда болсо «качан келет, там салат элем» деп акыя күтүп жүрүшөт. Ушуга ич күйөт.

— Күнү-түнү сапар чеккенден тажайсыңар да, аябай зеригесиңер да? Анда-мында алыска чыга калган биз — жолоочулар «жол азабы — көр азабы» деп бир наалып бир койбой, эки наалып эки койбойбуз.

— Мен, мисалы, тажай элекмин. Баягы кээде үрөй учурган жол кырсыкты көргөндө «ушуну таштап, тынч турмушка өтүп кетсемби?» деген ой келе калат. Бирок, көнгөн иш экен. Кимдир бирөөлөр шофер болушу керек да негизи.

Айтса телевизордо «Ак жол» деген берүү болуп жүр бөйбү. Ошол туурасында айтсам дедим эле. Биз калтырбай көрөбүз. Анан карасаң эле тартип бузган шоферлорду шылкыйта тартышат. Ал да керек дечи. А эмне республикадагы «мен мыкты» деген автобазалардын иш тажрыйбасы жөнүндө беришпейт бут өмүрүң дөңгөлөк үстүндө өткөрүп келаткан шоферлорду мактап, эл алдында кушубак жүзүн көрбөйбүз? Ич күйөт, күйбөй коебу? Бизге арнап концерт берсечи? Же эмне, биз татыктуу эмеспизби? Москвадан го «Для тех кто в пути» деген арноо концертин беришет. Кыргыз радиосу күнүнө дебейин, жумасына бир маал шоферлор үчүн чакан концерт берип турса, көңүлгө огожо болуп, деле жетине албай калат элек. Биз да эл деп,



жер деп кара жаныбызды карч уруп жүрөбүз го. Жаманды «жамансың» деп зекий бергенден оңолуп кетпейт, жакшы мисалдар менен таалим бергенди үйрөнбөйлүбү...

### ЖОЛУҢАР ШЫДЫР БОЛСУН!

Ат-Башыдан эртелей чыкканбыз. Күн көтөрүлгөнчө Балыкчыга кирип келдик. Биз чыкканда Ат-Башыда кар сампарлана жаап жаткан, Кочкордо жамгыр экен, Балыкчыда күн бажырайып тийип турат. Кандай гана алыс, кандай гана жакын жолдор... Шоферлорго тааныш, жадагалса кенедей уңкул-чуңкулунан бери жат болуп калган кан жол, кээде зериккенде санай турган зым карагайлар, кан жолдо ары-бери каттай берип, көз менен курулуп бүтүп жаткан тамдар, тээ бир кезде чырпык болуп сайылган чынарлар, Ал тургай ар дайым мерчемдүү бир жерде каршы өткөн жүзү тааныш, машинеси көзгө үйүр кесиптештери...

Балыкчыдан түшүп калдым. Кош айтыштык. «Дөөтүң колдосун, Көлбай!» «КамАЗ» тез эле көздөн кайым болду. Буюрса, түш оой жүгүн алып, Ат-Башыга кайтат. Анан баягы түрмөктөлгөн жолдор. Эртең мененки машинелер «бипилдетип» эми бери карай каршы өтөт. Долоного чыгаарда машинени суутуп алат, «Алчалуу бакта» өзөк жалгайт, анан туулган жердин тоолору калдайып көрүнөт, чокуларын булут баскан, ошол булутту утурлап алыстан чийиндей көрүнгөн кан жол кетет, аркы бетти ашсаң — ҮЙҮҢ.

Шоферлор кызык калк өзү. «Орой, шуулдаган, кежир, бензин жыттанган» дейбиз, шайдоот, өжөр, тың, бүйрө, берешен, ак көңүл, чечкиндүү» дейбиз.

Менимче, шоферлор ай-талаада ысыкка күйүп, суукка тоңуп жүрүп, кеңсенин мамык олтургучунда чалкалаган чиновниктер жүгүн түшүрбөй маалкатып же жүктөбөй зарыктырып жүрүп, кажылдашып жүрүп аргасыздан оройлукка көнсө да, тээжик болуп калса да, алар ар дайым ажаат ачкан, шар жүргөн берешен адамдар болушат.

## ДАЛЫСЫ ЖЕРГЕ ТИЙБЕГЕН «ТАПАНЧА» ПАЛВАНДЫН ТАРЖЫМАЛЫ

...Абакебиз эр Кошой
Артылып колун салыптыр...
Тоодой Жолой балбанды
Томкоруп жерден алыптыр.
Көтөрүп жерге урупур,
Көпчүлүк карап туруптур,
Жолойду кудай уруптур...
(Манастан)

Узун-туурабыздан түшүп, о илгерки базардын ортосун ээлеген чайканада (азыр анын өпкө-жүрөгүн куушуруп, үстүнөн зор-зор курулуштар аттап өтүп турат) суусун кандырып отурганбыз. Эл көбөйсө бечара чайкананын курсагы чыга түшөт, терезесинен нымшып, «тер» куюлат... Коңушу сөрүдө шуу чайканада «чоңойгон» ыманы ысык мойсопут алдына бир нанды сындырып коюп отурат.

— Ушундай үйрөнүппүз ага, бир-ар күн сөрүсүнөн көрүнбөй калса, чайыбыздын даамы, дүйнөбүздүн бир жери кемип турат. Шаардын кайсыл четинен болбосун, түш боло электе унаа- сунаага жармашып, чайканага жетип жыгылат. Эл шашса дагы бу киши шашпайт. Акыркы asктам чайы куюлган төөнүн көзүндөй пиаласынан бүт ааламды көрүп отурат. Чайнегин түгөткөндөн кийин бу дүйнөнүн калба-ташпиши кызыл ашыгынан келбей «кырт» кекирип, аркасынан «аш болсун» деп өзүнө-өзү тоопчулук келтирип отурчу чайкорубуз биздин сөрүгө басып келиптир. Макала жазып күн көрөрүбүздү каяктан билип алган:

— А дегиле, журналисттер! — деди колун бооруна алып,



ашкан нандын сындырымдарын чөнтөгүнө салып алыптыр.

— А дедик, кана чайга келиң! — Бир-экөөбүз тура калдык ордубуздан. Минтип биринчи келиши, бизге дагы биринчи сүйлөшү.

— Чайды ичтик. Ошону аш кылсын. Бүгүн чайканада чоң палван отурат. Далысы жерге тийбеген сузактык «Тапанча» палванды эшиткениң барбы?! — деди. Бирибиз угуппуз, бирибиз укпаппыз. Анын чайга саргайган арсак тиштерин тиктеп калганбыз, анан мойнубузду кайрып, баарыбыз палван көчүк баскан сөрүнү издедик. Көпчүлүк менен күндө келип, бир чайнек чайын түгөтүп кетип жүргөн адамдардын бири бизге далысын салып отурган...

— Анау Ибраим палван! Буончо-мунчаңа учурай бербейт, араңарда шу палванды жазчууңар барбы? — деп калды. Анын сөзү мага «араңарда шу палванды жыкчуунар барбы?» дегендей угулду. Пиала тегеретип отурган телитеңтушум «билсе палван сырын ушул билет, бир жыкса ушул жыгат» дегенсип баары эле мени тиктеп калыптыр.

— Бол эмесе, туруп кете электе учурайлы. Илгери өзүм эки-үч сапар сүйлөштүм эле, унутуп калбаса таанып, — деп бир жактан ал кыстады. Бөлөк-бөтөн бирөө айтса тайсалдап көрөт элем, бирок күн сайын чыганагын тийиштирип, чай ичип кетип жүргөн адамдын жүзүнөн ысык нерсе жок экен:

— Басың эмесе, — дедим. Экөөбүз эл отурган сөрүлөрдү аралап, Ибраим палванга жөнөдүк. Эл көбөйүп, чайкананын курсагы чыгып келаткан...

* * *

Ошо күнү кар өчү бардай жаады. Бармактай, бармактай... «Тапанча» палвандын кирпиктеринен өйдө кар. Фрунзеликтердин мындай карды көрө элегине көп жыл болгон. Жай басып жүрөбүз. Бармактай, бармактай кар кебибизди тыңшап, экөөбүздү ээрчип алган...

— Кечээги күнү шу жерде бир кызык иш болду. (Кыр-

гызстан» мейманканасынын алдынан өтүп бараткаңбыз). Ичип кирип, көз байлаган маал. Оокат кылып, «жатарга дагы кыйла бар, кичине аба жутайын» деп мейманкананын алдында турсам бирөө басып келип, биринчи орусча сурады. «Байке, эмне проблемаңыз бар, орундатабыз» дейт. Тааныбайм. «Кем-карчым жок эле, ука. Ыракмат!» десем, «Киши керекпи? дейт аркаман. Кып-кыргызча! Оозум ачылып калды. Ноода бой, жуда келишкен жигит экен. Үстүнө кийбегенди кийиптир. Колунда бир боо «күлүч» жүрөт. Чала укту дедиби «аял адам керекпи?!» дейт дагы кайталап. Уккан кулагыма ишенбей мен турам, маңдайымда бажырайып наркы турат. Ошо маймылдыкындай куник күлкүнү, селейген муздак жүздү өмүрүмдө унутпасмын. Просто, күйүп кетет экенсиң. Уруп ийсемби деп, кайтып мушумду бу көтөрөбү-көтөрбөйбү деп аяп коем дагы. Сөгөйүн десем жака-белим толгон эл. Ак мокогондо «жакшылыкча кет нары, кысталак! Ушинтип күн көргүчө, өлбөйсүңбү!» дедим. Бетинин бир жери кызарбады. Үндөбөйт. Бышып бүтүптүр да. Уятын түшүрүп салыптыр деп коет мындайларды. Дагы мага карап «жинди неме турбайсыңбы» дегенсип башын чайкап кетпартат. «Ээн жерден жолугуп, ушинтчү болсоң го кубалап жүрүп, аңанды үч коргондон көрсөтөт элем» деп ичимден бир кыжырым келет. Мурдалары дагы келип-кетип жүрчү элек, мындай сөздү уккан эмеспиз, эмне болуп баратат бу шаар?..

— Э-ээ «Тапанча» ака, ондойлорго башыңызды оорутпай, беш кол барабар эмес. Ким алдайм десе, өзүн алдайт, элди алдай албайт... — дедим да Ибраим палванды опера-балет театры жакка алып өтүп кеттим.

* * *

Азиз окурманым, эми палван экөөбүздүн ортобузда болгон сөздүн сынын кемитпей, каарманымдын кебин кыраатынан бузбай сизге жеткирүүгө далбас урайын. Анда эмесе, палвандын аңызына кулак төшөңүз:



— Атадан алтообуз. Жалаң эркекпиз. Чекеден күрөшөбүз. Атам дагы бу дүйнөдөн күрөшүп жүрүп өттү. Илгери Таш палван деген бабабыз болуптур. Кокон хандыгынын чеңгелинде адам чыдагыс кордук тартып, эптеп тирилигин кылдыраткан бечара экен. Бизге жеткен сөзгө караганда, бир журттун найзачысы атыгып, сайышканын алып түшчү имиш. Бири айтат, катуу сасытмоолоп жаткан жеринен туруп, түшкөндүн баарын катарма-катар сайып, элдин шаштысын алган найзачыга чыгыптыр. Төшүнө мис табак тарттырып, «Койдойбоз» деген атын туйлатып, намыска күүлөнгөн бойдон эч ким тең келбеген баатырдын алкымына найза малган имиш. А кезде намыс дегенде башын кылычка тутуп берчү турбайбы. Бу сөздүн кунун азыр учуруп ийип отурбайбызбы...

Сузактын Кара Дарыя деген кыштагында бой жеттим. Бармактайыман майрам, тойлордон калбай боюма барабар балдарга чыгып, нечен калыстардын калтасынан сөлкөбай алдым! Атам ыраматылык жанына алып, жол үстүндө болобу, бейтааныш кыштакта болобу, алдыбыздан чыккан баланы токтотуп, боюу-жашына карабай күрөштүрчү. Жыксам, кайтып дагы, иши кылып жыгылгыча бел алыштыра берчү. Тууган-туушкандыкына барганда ар кыл балдар менен тоорушуп турганым турган эле. «Менин уулумду ким жыкса, байгесин өзүм берем» деп күүлөп туш келгенине сала берчү. Бел катыгыча, билек кубат жыйгыча көрүнгөн жерде күрөштүм. Кыргыз күрөшүнүн көп амалына, кылт эткен ыкмаларына түлөк кезден быштык го. Онду бүттүм дагы, ошол кезде эл көп окуган Жалал-Абаддагы ДОСААФга шопурлукка кирдим. Спорттук мелдештерден кур калбайм. Той-пой чыкса издетип, чакырып кетишет. Күрөштүн аркасынан катуу түштүм. Жалал-Абаддагы зооветеринардык техникумдан Абдыманап деген жаш палван күрөшүп жүрөт, область боюнча эч кимге жыгыла элек деген сөздү андан-мындан угам, көрсөм деййм, күрөшсөм дейм, такыр оң келбей жүрдү. Ал барган тойго мен барбай калам, мен барсам өзү келбей

калат. Ушинтип, учурашмагыбыз кыйын болду. Көзүң менен көрмөйүнчө, палван сага табышмак. Ошентип жүрсөм, Абдыманап окуган техникумдун студенттерин коңшу айылга пахта теримге алып келип калышты. Кийинки базар үйгө суранып келдим. Атайы барып, Абдыманапка учурашайын деген оюм бар. Ошо маалда зор агам үй салып аткан, ал дагы кычагандай о күнү келериме саздап ылай жаткызып коет. Ылай айып болбосун деп, керели-кечке эки- үч бала болуп көптөшүп кыш куйдук дагы кеч-курун айдын жарыгына салып, Абдыманаптар жаткан шыйпаңга өтүп бардык. Жатып алышыптыр. Бирөөдөн айттырсак эле, Абдыманап өзү чыга калды. Бадан-бою чымыр, орто бойлуу жигит менен пахта кырмандын боюнда туруп сүйлөшүп атабыз, ай жаныбар сүттөй жарык. Мени билет экен. Ошо жерден эле сөзду узартпай «күрөшпөйлүбү, атайы аркаңан издеп келдим» дедим. Тайсалдаган жок. «Азырбы, түндөсүбү?» деп бир ооз сурады. «Бөлөк маалда чоло тийбейт экен, сен пахтада, мен окушта жүрөм» дедим. «Давай» деди, катуу ишенет экен өзүнө, эмеле эки пүктөп таштайм деди бейм. Ай сүттөй жарык. Айдын жарыгында кырман пиалага куюлган айран... Бел алыштык. Анын кошо чыккан эки-үч баласына кошулуп, мени ээрчип баргандар калыстык кылып карап турушат. Сүйлөшкөнүбүздөн күрөшкөнүбүз тез болду. Эки сапар күрөштүк, кырмандын четинде эки сапар тең жыгылды. Кайтып сүйүнүп жүрөт, «тең табалбай жүрдүм эле, ырас гана учурадың дос бололу» деп барбалаңдайт. Пейили кең, жыгылса дагы өчөшпөй өнөгүн баалай билген жигит менен «мынан кийин бирге жүрүп, бир күрөшөлү» деп убада бекитишип кайттык.

Көп өтпөй эле Кара Сууда (чоң күрөштөр ушул жерде өтөт) коргон-төбөлүк баягы менин досум Абдыманап менен дагы бир өзгөндүк Абдымалик деген экөө «палвандан палван койбой чекеден жыгып атат» деген сөзду эшитип базар күнү а жерге өтүп барбаймынбы... Тааныгандар дароо эле тегеректеп, баскан жагыма кошо басып «күрөшөсүз» деп туруп алышты. «Койгула бу сапар күрөштү. Тамаша кылганы келдим» десем бура бастырбай коюшту. «Палван дагы тамаша кылабы, палван күрөшөт, тамаша кылчу эл мына, биз» деп туш-тушуман чыкканда, ошо күрөштү башкарган калыстар Максым, Маматжан деген аксакалдар дагы «бир күрөшүп бериң, көпчүлүктү битта курсант кылың» дешкенинен алардын саздасын сындыра албадым. Анын үстүнө бу чөлкөмдө бу экөөнөн өтүп аския айткан, күрөшкө калыстык кылган адамдар чыга элек. Демалбай алмак- салмак тогуз палванды жыктым. Эреже мындай, палвандардын бирин койбой жыкмайынча, же өзүң жыгылмайынча ортодо чөк түшкөнүң чөк түшкөн. Качан сага чыкчу палван калбай көпчүлүк калыстарга карап «соорун бергиле!» деп сурашканда барып байге сеники. Тогузунчусунан кийин баягы аксакалдар «эми сен Абдыманапка түшөсүң» дешип калды. А дагы наржакта күрөшүп, жыгып аткан. Ынабадым. «Биз дос болобуз, досум менен күрөшкөнүм болбойт. Бири-бирибизге чыкпайбыз деп сөз бекиткенбиз» деп экөөбүз тең эки жакка туйладык. «Андай боло турган болсо, Абдыманап өзгөндүк Абдымаликке түшсүн, жыкканына сен саздан, ушуга кайылсыңбы?» дешти. Бир маалда эле Абдыманабым өзгөндүк палвандын жамбашына түшүп берсе болобу!... Абдымалик мага он экинчи болуп түштү. Күчүнө куп ишенген, аткыган жерди үзүп алчудай карылуу, бир жери ыкма иштеткенге саал бошураак экен, курду колуна орогон жерден эле мени так көтөрүп алды. «Мейли, каалашынча айлантсын» дедим дагы эки тиземди жоон санына такап, ага кошулуп тегирмендин ташындай тегерене бердим. Таза пырпыратты, пырпыратып келип жамбашка таштаарда андан көз ирмемчелик оозундум да, бутум жерге тиер замат өзүн кайрый чаптым. Бу иш көз ачып жумганча болду, Абдымалик жыгылган жеринде кыйлага соолуп жатты. Эл ороп кетти мени. Максым менен Маматжан аксакалдар мага көпчүлүктүн дубасын алып берди. «Бу жаш палван илгерки жамбашы эзели жер жыттабай өт-

көн «Тапанча» палвандын күрөш арпин куп үйрөнгөн экен. Алышканын көрдүңүздөр, кумардан чыктыңыздар! Мындан ары «Тапанчанын» наамын шу балага бербейлиби, не дедиңер?! дегенде эл ордунда чуруллдап батасын берген. Ошондон тартып, (1967-жылы) Ибраим деген атым калып мени «Тапанча» палван дешип кетти. Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайын бүткөндөн кийин Фрунзедеги дене-тарбия институтунун II курсунда жүрүп эле улуттук күрөш боюнча кандидаттыктын өлчөмүн толтурдум. Оо-уу, андан бери канча суулар акты. Күрөшпөгөн палвандарым азыр кемде-кем. Кыргызстандан чыгып Россиянын бир катар шаарларында өткөн мелдештерге катышып, Ленинабаддын, Өзбекстандын чоң күрөштөрүнө чыгып, мактангандык эмес шу күнгө чейин бирөөдөн жыгыла элекмин...

Күрөштүн аркасы менен эмнелерди көрбөдүк! Көбү айраң-таң. «Машыгып жатканыңызда сизди жыгып алган палвандар бар. Элдин кашына, килемге чыкканда эле алар оңой эле алдыңызда калат, эмнеге мындай?! деп сурашат. Чындыгында машыккан кез бир бөлөк. Өнөгүңдүн кайсыл ыкмага чакан экенин билиш үчүн өзүңдү тобокелге салып жортеки сүрүшө бересиң, өзүң туруп да бересиң, шонтип анын бек жерин, бош жерин билесиң. Ал эми килемге күрөшөм деп чыгасың да. Кыргыз күрөштө таза жыксаң эсеп, а жыгылсаң үндөбөй чыга бер. Эсимде, Ноокаттын Сайил деген жеринде, чоң күрөш өтүп (азыр дагы эле болот) мени салмагы 147 килалык Аюу палванга чыгарышты («Тапанча» палван ошондо 82 кило экен). Калп айтпасам мендей эки келет. Илгертен түптөлгөн эреже ошо, «кыңк» этпейсиң, чыдасаң күрөшөсүң. Аюу палван боюн менен эле басып салчудай жамбашыма үйдөй болуп жатып алды. Атасы, эл-журтка таанымал Дыйкан палван дагы ушуерде, калыстардын тобунда отурган. Нары-бери чайкашып турам, тобокелге салганда болбойт, секинден сырын тартыш керек эле. Боюн оор неме бир кезде курду оңдой кармайм деп өбөгүн кичине тартканда



боюн бошотту. Шып ичине кирип, так көтөрүп эки-үч пырпыратып келип жамбашка салдым. Дыйкан палван өзү туруп келип: «Тапанча» палван, бу сиз Аюу палвандын өзүнүн күчүн өзүнө жумшап, чаптыңыз го» деди. Ошо сөз дагы бир четинен туура. Күрөштүн ийне-жибине чейин айтыш эми кыйын. Аны күрөшкөн билет... Ошо жерде ноокаттык Амат палванга түштүм. Бу дагы ошол жердин көзгө басар палваны экен. Кирген суудай жулкунган неме менен биринчи эле силкишкенде ыкмама өзү түшүп берди.

Сыр-Дарыя өрөөнүнө, бир чоң күрөшкө чакырышты. Күрөштүн аягында Орто Төбөлүк Мурсеит палван экөөбүз калдык. Мурда эле билчүмүн аны, өзү биринчи аракет кылбай өнөгүн пайлап, адашкан жерин издеп, амал менен күрөшчү. Атаандашы жүдөп, бою чайпалып, жонунан кара тер кеткиче жүрө берчү дагы мерчемине келтирип бир силкип салчу. Оюна коюп, мен дагы шашканым жок. Ыгына жараша «өлүгүмдү» артып коюп турам. Мындайда күрөштүн кызыгы кетет. Эл чыдабайт. Айткандай эле, көпчүлүктү күдүң-күдүк кеп аралады. Калыстар болсо утуру «болгула, күрөшкүлө, болбосо экөөңө тең соорун жок» дешип далыбыздан домдоп кетишет. Узун нерсе уз-уп болуп жатып алса, белиндеги курду катуураак тартсаң, моюнтурук болуп желкесине кетет. Боюн эле качырат.

— Сөздүн ачыгы жакшы, Мирсаид палван, барабар аракет кылалы, элди зериктирип ийдик, — десем унчукпайт.

— «Тапанча» палван», — деди бир маалда, — бир жолу жыгылсаңыз өлбөйсүз. Канча зор палвандарды жыктыңыз, башкаларды дагы ойлобойсузбу. Жыгып жүрүп, чекеңизге мүйүз чыкканын көрө элекпиз го!

— Мирсаид ашына, о түлкү кебиңизди коюңуз, күрөшсөңүз эркекче күрөшөлү. Ушунан ушуга күрөшөм деп келип, анан айтканыңызга эле «хоп, таксыр» деп күлдөбөңүзгө оонап берчү мен эмес, — дедим ачуум менен.

Бири-бирибизге өбөк таштап, жатып алганбыз. Көзү

жетип турат, ынтылды дегиче алдымда каларына. Мындай сагызгандай сак палванды көрө элек элем. Ошо айтканы менен эле тим калбай кулагымын так түбүнө кышылдап, сүйлөп атат.

— «Тапанча» палван, бу жерге эшигим жакын. Катын-балам, урук-тууганым күрөшүмө келип, тамаша кылып турушат. Беш жылдан бери жыгыла элекмин. Соорунду бүтүн сиз алың анан тышкары оозуңузга баткыдай пулду да айтың. Кечкурун чөнтөгүңүздө болот. Тизелеп коюп чыгып кете бериңиз... — деп өлүп-талып суранат. Жини ме тийди. «Соодаңы коюп, өмгөктү өдө кылың, барабар аракет кылалы!» дедим.

— Бир марта жыгылсаңыз имне болот, «жыгылганды жер көтөрөт». Эртең Кабаста (а жер дагы Сыр-Дарыя өрөөнүндө) чоң той болот. Ошо жерде туруп берейин, каалаганыңыздай чаап алың, — дейт. Карачы, соодалаш-экен дедим да өзүм кирдим. Боюн качырып, жологусу рөйүн» дегенсип, ыктыярым менен боюмду боюна жакын алып барсам (ооба, тобокелчилик. Эмне кыласың анан, эл карап турса...), муну кара, зорго эле туруптур, шап көтөрүп кетти. Мага башканын кереги жок эле, жамбашына алаарда өзү «каронкама» (Ибраим палвандын мыктысы өздөштүргөн ыкмасы) түшүп берди. Күрөштүн аркасы менен турмушту куп эле көрдүк! Мен сага бер жагын эле айттым... Күрөшкө мен кылчалык кара санабадым.

Абдырахманды сурап атасыңбы? Абдырахман эми Абдырахман палван дегенчилик бар эле. Лейлектен чыкты, чыкканда дагы катуу чыкты. Арык чырай шаптай жигит барган жерин жыгып жүрдү. 1974-жылдары буга эч ким тең келбей калды. Чыкканы жыгылат. Кыргызстандын биринчилигинде женди. Бирок, экөөбүз күрөшпөй жүрдүк. Ага карганда мен саал улуураак да элем. Өзү айтып калчу. «Тапанча» ака, мен күрөшкөндө сиз тамаша гана кылып туруң. Агар жыгылып-нетип калсам, ордума чыгасыз.



Аркамда турганыңыз мага кубат болот. Сиз барда жакшы күрөшөм» деп калчу. Күрөшкөнүн көрсөңүз эми, нечям-нечям өзбек, тажик палвандар алдында калып: «ушуну бир жыксам, күрөшүн дагы токтотор элем, бу дүйнөдөн да армансыз өтөт элем» деп жер муштагандарды көрдүк. Бир жери, Абдырахмандын ала көөдөндүгү бар эле. Даңкка жараша жүк болот деген ырас экен. Ал атакдаңкты, ооматты көтөрө албады... Көзүм менен көрбөдүм го, аны жандаган «токумун жеп, аргамжысын үзгөндөр», бирөөнүн эсебинен күн көргөн шылуундар (каза болоруна жакын күрөшпөй да, көрүнбөй да кеткен) көңүлчөөк палванды алагды кылып, күрөштөн кумарга тартып, жолунан чыгарышыптыр. Эми андай палван Кыргызстандан дагы чыгабы, чыкпайбы ким билет... Шилбийген тулкусун көргөн адам палван деп айтпас эле. Күрөшкөндө эки жамбашына бап-барабар алчу. Тубаса палвандар ошондой болот экен. Ушу Фрунзеге келип, шаардын иппадромунда Таластан келген 130 килалик палванга чыкты. Көпчүлүк өңгөчүн тартып, кээ бирлери «нары алып кеткиле, бу Абдырахманды эки бурдап бир жутат» дешип ийди. Бел алышкандан кийин эки мүнөт не өттү, не өтпөдү, Абдырахман алги үйдөй палванды чимирик кылып чапканда эки аягы асманга көтөрүлүп жыгылганын көргөн эл тура калды. Көбү ушу сенчилеп сурай беришет «Абдырахман менен күрөшкөн белеңиз?» деп. Эл билет, ал экөөбүз көп жылдар бою бирге жүрдүк. Бири-бирибизге чыкпадык. Муну калыстар дагы билишчү. «Буларды күрөштүрөм деп убара болбогула» дешчү. Экөөбүздүн кылыч кеспес шерикбизди Абдырахман өзү бузду. Өзгөндүн жолунда машинадан авария болуп, бутумду кайрытып алып, ошонун айынан бир жылча күрөштөн алыстай түшкөм. 1977-жылы Ошто, пединституттун спорт залында областтын биринчилиги өтүп калды. Кичине түзөлүп калганмын. Оң келсе күрөшсөмбү деген ойдо келген элем. Ошол жерде экөөбүздү илгертен бири-бирибизге сала албай жүрүшкөн адамдар Абдырахманды күүлөшөт. «Тапанча» азыр бая-

гысындай эмес (мен аны кийин уктум). Жыксаң азыр жыгып кетесиң. «Тапанча» Абдырахмандан жыгылган» деген сөз өмүр бою элдин оозунда калат, бүгүн чыкпасаң ага өмүрү чыкпайсың» дешет коюн-колтугунда жүргөндөр. Калыстар мага саласал салганда эле кесе айттым. «Эл билет, биз бири-бирибизге чыкпайбыз». Абдырахман жанымда эле, а дагы укту айтканымды, бирок үн катпады. О кыйладан кийин ооз учунан: «эл сураныи атпайбы, мен күрөшөм, «Тапанча» ака» деп турат. Көзүнөн билгемин, тиктесем эле ала качып аткан. «Жүда жакшы экен, бая эле ошентпейсиңби» дедим. Мен да намысыма келдим. Аны таза көкүтүшкөн экен. Студенттер бир «Тапанча» деп, бир «Абдырахман» деп залды жаңырта кыйкырышат. Эл батпайт. Карасам, Абдырахман шымаланып, чечинип кирди. Жанымдан бирөө: «акыры күрөшмөксүңөр да...» дейт. Ошо күрөштү көргөндөр да арманда, көрбөгөндөр да арманда. Катуу сүрүштүк. Күрөштүн биз билген ыкмаларын алмак-салмак колдонуп, бир-бирибизди ала албайбыз. Бир маалда Абдырахман мени сол жамбашына алды эле көтөрүлүп баратып, каршылык ыкмасын учурунда пайдаланганым сактап калды. Ошол замат өзүмдүн кезегимди кетирбедим. «Алалбадың досум, эми өзүңдөн көр» дедим дагы жамбашка таза алдым. Кечкурун студенттердин бөлмөсүндө чай ичип отурсак, ошолор айтат. «Канча жылдан бери студенттердин ортосунда талаштартыш болуп келген. Бирибиз «Тапанча» палван жыгат» десек, бирибиз «жок Абдырахман жыгат» деген талашыбыз эми бир жаңсыл болду» дешти. Кийин Беловодскиде өткөн Кыргызстандын биринчилигинде дагы Абдырахман менден (орус күрөшү боюнча) упай менен утулду. Экөөбүз бу өмүрдө, чоң күрөштө болгону эки марта бел алыштык. Басар жолу кыска, ичер суусу ченелүү экен, канча палвандарды чаап, элдин көңүлүн курсантчылыкка бөлөп, жап-жаш туруп кете берди... Күрөш садагасы кетейин, менменсинүүнү, көпөлөк мактоону көтөрбөйт. Ал дагы палвандарды мүнөзүнө карап ылгап коет. Жөнөкөйлүү,



ооматты көтөрө билген карапайымдууларга тагынан түшүп берет. «Бу жайында мага тең келер палваныңар жок» деп көпчүлүккө далысын салгандарды дагы көрдүк. Барып-барып кумга сиңген суудай дайыны угулбай кетишти го! Бели-боюңа жараша бөлөктөрдөн айырмалуу ыкмаларга эге болбосоң алыска узай албайсың, же күрөштүн аягына чыгышың кыйын. Жалаң күч менен ашып барса, үчтү жыгытарсың... Жалал-Абадда окуп жүрөм. Тогуз-Тородон Токон деген палван ат арытып мени издеп келиптир. Күз айы эле, бир тойдун үстүнөн жолуктук. Савлат деп ошонун савлатын айтыш керек, булчуңдары таш, жумуру денесине колуң токтобойт. Өгүздүн күчү эми ошондо экен, бөйрөктү бүрөлү эзип жиберди. Сүрүшүп тура берейин деймин, боло турган эмес, шап ичине кирип, бир-ар карыш көтөрүп сол жамбашка таштадым. Дагы күрөшөм деп тура калды. Калыстар алдын тороп, «башка дагы палвандар бар, ошолор менен күрөшүңүз» десе болбойт. «Атайын Тогуз-Торону ашып келсем. Бир жолу күрөшүп «Тапанчадан» жыгылып келдим деп барсам, элижуртум ишенбес» деп күрөштү баштатпай, ортолукта «дагы күрөшөм» деп тегеренип жүрдү. Кайра күрөштүк, кайта жыгылды. «Дагы күрөшөсүңбү?» дедим. Үчүнчү жолу жыгылганда өйдө туруп айтты «Тапанча» палван, үч жолу күрөштүм, үч мерте тең кантип алдырганымы билбейм, бел тамырды билет окшойсуң» деди. Кийин бирөөлөр айтат: «Тапанчаны» жыкчу палвандарды даярдашыбыз керек экен, биз кеч калыппыз, өзүбүздөн палван өстүрүшүбүз керек экен» деп барыптыр Тогуз--Торго. Көп өтпөй эле, трактор минчи экен, авария болуптур бечара... Көп палвандарыбыз анантип эле болбогон жерлерден кетип калды... Ошо Токон палван туура айтыптыр, кыргыз күрөшүнө күйгөн, анын эртеңине камтама болгондор азыр аз, кеч калганыбыз ошо да... Көп жерлерде күрөш унутулуп калды...

— Сиз менен тең тайлашып, келечегинен үмүттөндүргөн палвандар...

— Күрөштө жаш-кары деген болбойт. Мына мени ал, кырк бирге кадам койдум. Азыр бу куракта күрөшкөн палвандар калбады. Жаш палвандар а жерден, бу жерден чыгып жатат. Таластан чыккан Чаткал деген жаш палван жыйырма үчтө, эсеби менин балам. Фрунзе шаарынын 110 жылдыгына «Спартак» стадионунда күрөштүк. Утулуп калды. «Сиз менен дагы күрөшөм» деп Кара-Балтага чейин эрегишип барбадыбы. Жаштык намысты карабайсыңбы. Өсө турган өзө ошондой өжөр болот. Азыр менин болжолумда, ошо Чаткал палван, андижандык Дилмурат, Равшан, Хамид, Ош областынан Митал, Базар деген, биздин Кара Дарыя айылынан Талып деген жаш палвандар бир куракта, кадыресе таанылып калышты. Талып солдатта жүрөт, ошо жактан үйүнө кат жазат экен. «Барган күнүм «Тапанча» палван менен күрөшөм» деп, кудай тилегин берсин о баланын. Айтып коюш керек, бизге караганда Өзбекстанда күрөш десе жантыгынан кетишет. Бизди биякка кой, күйөрмандык кылса эми ошолор кылсын көңүлүнө туура келдиби, болду ошол палвандын күрөшүн көрөбүз деп автобус, автобус болуп, шаарма-шаар кыдырып, Кыргызстанга чейин кете беришет. Алардын ар бир районунда, шаарында улуттук күрөш боюнча атайын мектептер бар. Республиканын аймагында жыл сайын 27 байгеге арналган мелдештер уюштурулат. Мектептерде Өзбек ССРинин спортуна эмгек сиңирген чеберлер жаш палвандарга сабак өтөт. Бизде жок дегенде райондук спорт мектептерде (ал дагы болсо) улуттук күрөш боюнча атайын класстарды ачыш керек. Күрөштүн «А» тамгасынан баштап үйрөткөндө гана келечектеги палвандардын камын көргөн болобуз. Илгерки майрамдар күрөшсүз өтпөй турган. Азыр жаштарды карасаң, алар билектин күчүн сынагандан көрө, топ-топ болуп ичкилик «уулаганды» артык көрүшөт. Күрөштүн эл билген кадырын ылдыйлатып алдык. Уюштуруучулук иштер дагы аксап жатпайбы. Мисалы, 1988-жылы улуттук күрөш боюнча республиканын биринчилиги өткөрүлбөй калды. Ким күнөөлүү? Кызыгып, сураштырсам, спорт комитетиндегилер Кожомкулдун 100 жылдыгына карата биринчиликти Токтогул жергесинде өткөрмөк болушуп, кийин шарт-жагдайга байланыштуу калтырып коюшуптур. Билген адамга ушунун өзүндө эле улуттук күрөшкө, элдин байыртадан туу көргөн традициялуу оюнуна маани бербөөчүлүк болуп жатпайбы. Бир иштердин аркасы менен Кутманалиевдин өзүнө кирип калып, «биринчилик өткөрүлбөй калды, күрөш боюнча спорттун чеберчилигинин нормасын толтургандардын китепчеси да тапшырылбай калды, канча палвандар Кыргызстандын биринчилигине жыл бою даярданышкан эле, аларга эмне деп жооп беребиз?» дедим. «Грузияда улуттук күрөш боюнча райондор арасындагы мелдештер циркте тез-тез өткөрүлөт экен. Палвандары ошон үчүн көп. Биз дагы ошентип Палвандардын күч-чамасын байкабайлыбы» дейт.

— Эл билет, сиздин далыңыз жерге тие элек. Той дагы, тойдун эртеси дагы болот дегендей качан эми курду чечип, чапаныңызды шакиртиңизге жабасыз? Кубат-күчтү сүрүп, курагыңыз дагы өйдөлөп баратат...

— «Бөрү карыса да бир койдук алы бар», ончо-мунчага моюн бербейбиз. Жакында эле бир тойдо күрөшүп болгонуман кийин аксакалдар (калыстар) ортого алып, «Тапанча» палван, нечен жылдардан бери күрөшүңүздү көрүп, тамаша кылып келдик. Өмүрүң узун, мартабаң дагы ашсын! Чындыктан эч ким кутулган эмес, ушунтип эле жыгып турбайсың, жашың дагы кыйлага барып калды. Күрөштөн жыгылбай кетсең, эл оозунда атың улук, жүзүң жарык жүрөт. Ойлон, биз аягы Өзбекстан, Тажикстандын, өзүбүздүн күчтүү деген палвандарын чакырып, сенин Кара-Дарыяңда чоң күрөш уюштуруп берели, ошо менен узаталы сени. Жаш палвандарга таалиминди үйрөтүп жүрөсүң, эми саяпкердик кыл» деп ата-баладай отуруп масилет салышты. «Ойлонуп көрөйүн» дедим. Аксакалдардыкы да туура. Эртеби-кечпи күрөштөн кетээриң бышык. Бирок, билегим, белим кармашты күсөй берет го... Эки

адамдын бел алышканын көрдүм дегиче каяктан чыгат билбейм, бадан-боюмдан кубат ташкынын сезем...

Жалал-Абад шаарындагы балдардын спорт мектебинин машыктыруучусу, улуттук күрөш боюнча узак жылдар бою Кыргызстандын биринчилигин колдон чыгарбаган Ибраим Узаков («Тапанча» палван) күрөштүн эки түрүнөн спорт чебери. Ал классикалык күрөш боюнча 2, улуттук күрөштөн 15 спорт чеберин жана 15 кандидатын даярдады. Дадаев, Сулайманов деген жаш палвандар Кыргызстан курама командасынын мүчөлөрү.

* * *

Палвандын пиаланын сыныгындай сүрөтүн очеркке кыстарып берсекпи деген үмүт утуру кытыгылай бергенден (сөзгө жыгылам деп ким ойлоптур):

— Ибраим ака, мынчалык болду, күрөшүп аткан сүрөтүңүздү да алып калалы. Жеңил эле, өзүңүзгө окшогон бакыбат бирөө-жарымды ушу ортодон табабыз. Экөөң бел алышып, сүрөтчүнүн маңдайына туруп бергиле, бир мүнөттө иш тамам... — дедим оюмда эч нерсе жок. «Тапанча» палван кызык болду, башын чайкап күлдү. Айтаар сөзүн ичинен иреттеп... шу баланын көңүлүнө азар бербейин дедиби секин гана «бобойт, үка» деди.

— Сүрөтү болбосо имне болот эле? — деди дагы.

— Бир чекесине берип койсок дегемин, сизди уккан көп, көргөн эл аз...

— Үйдө болуш керек, бирөө-жарымын салып жиберрейин,— деп калды палван.

...Сүрөт келбеди. Баягы бейгараз бел алышып, сүрөткө түшүңүз деген осол сөзүбүз палванга катык тийген окшойт, сүрөт келбеди...

* * *

Чайканага кирип келатып, баягы «Тапанча» палван отурган сөрүгө кылчактап алам. Курган үмүт, бир күнү болбосо бир күнү кайтып отуруп калабы дейт го... Бир



ордунан жылбаган эле баягы «Тапанчаны» тааныштырган, алакандай пиаласынан ааламды көргөн чайкор. Эми көргөн сайын кол булгачу болду. «Тезирээк жазбайсыңбы» дегениби, «Палванды желимдей кылып жаман чойдуң го!?» деп бааз-бааз таш ыргытып коет. Бир күнү аркаман кыйкырат, «онун темасын «Тапанча» палвандын таржымалы» деп кой, көпчүлүк окуп жатсын!»

— Шашпаң, палван дагы жыга түшсүн, — десем.

— «Тапанчаң» жыгылбайт, аны жыга турган энесинин курсагынан түшө элек. — дейт о дабасы жок.

Ошо пиаласынан ааламды көргөн, күн сайын бир нанга залал кылып, анын ушагынан өйдө таштабай ала кеткен мойсопутка окшоп, отурган жеримде илгерки дуван бузган, жамбашы жерге тийбей өткөн печен-нечен палвандар тууралуу ширин-ширин кеп салсам дейм. Ошо аңыз кеп, насыйкат кеп чөөт суудай соолубай сөрүдөн-сөрүгө кубалашып, ооздон-оозго көчүп, ата-бабабыздын каны-жанынан бүткөн КҮРӨШ билектерден-билектерге жалгашып, кылым чоюп кете берсе экен деп тилейсиң...

**КОЖОГЕЛДИ КУЛУЕВ**

## «ШАМАЛ, ШАМАЛ, БУЗБА ЧАЧЫМДЫ...»

Жаңы типтеги «Айпери» сулуулук салонунун бүтүшү менен шаарыбыздын келбети жаш сулуу кулагына каухар сырга таккандай ого бетер жаркырай түшкөнсүдү. Бул

салыштыруу бир имараттын борбор шаарга карата катышы үчүн, балким, аша чапкандык болоор. А бирок «Айперинин» калкыбызга ар дайым сулуулук тартуулаган ак кызматын кошо эсепке алсак, анда бул жерде эч кандай деле апырткандык көрүнбөй калат. «Айперинин» бир өзгөчүлүгү ушул — ага атайын аттестациядан ийгиликтүү өтүп келишкен алдыңкы чеберлер кызматка алынган. Демек, арасында ак эмгеги менен калкыбызга сиңген атактуу тейлөөчүлөр да жок эмес. Алардын бири алдында бүгүнкү биздин каарманыбыз — чач тарач Катира Чапышева турат.

Ал иштеген аялдар залы үчүнчү кабатта экен. Ошол үчүнчү кабатка чыга бергенимде, сырттагы жазгы гүлдөй бажырайган көңүлүмө мындай бир жаңы ой көпөлөк сыжан алакетке түшкөн кызуу эмгексиз эч бир элестете алмал каалгып келип, конуп калбаспы. Ооба, жаз мезгилин байбыз. Бирок жазгы эмгек дегенде эле — чекесинен терин шорголотуп жер иштетишкен жумушчу-дыйкандар, күнүтүнү «чырм» этпей төл камында жүрүшкөн малчы-төлчүлөр көз алдыга келет. Ошолордун кызуу эмгегине сук артып, асмандагы Күн да кечээкиден бүгүн кеч коштошуп жаткандай туюлат. Көрсө, жаздын тумшугу көрүнө баштагандан тартып, алар менен катар чач тарачтардын, айрыкча аялдар залында эмгектенгендердин түйшүгү да эселеп көбөйөт белем! Анткени, бүт аял журтуна кышкы кулпунган жоолук менен кулпурган тебетейдин ордун толуктаар, ошондой эле жайкалган жаз көркүнө жарашаар чач жасалгасын тартуулоо милдети жүктөлгөн аларга. Мынакей, залдын ичиндеги тейлөөчүлөрдүн станоктой ыкчам кыймылдарын кара да, залдын сыртындагы кезекте олтурушкандардын көптүгүн кара! Албетте, бул—бир күнгө же бир жумага гана мүнөздүү көрүнүш эмес...

Шаар аралаган кишиге жадыраган жазды моминтип ого бетер жаркыткандар—тээтигил көйкөлүп көчөдө баскан аялзаттары, алардын көз арттырган көрк-келбеттери сыяктуу сезилет. А аялдын көрк-келбети эң ириде чач-жасалгасына байланыштуу болот эмеспи. Андыктан, элибизде «чач-адамдын көркү» деп айтылат. Чындыгында эле чачың чебер, ылайыктуу жасалгалanса—анда ал тургай кийимиңдин жупунулугу да анчейин байкала бербеси чын, ал эми тескерисинче, чач-жасалгаң начар болуп калса—анда мыктылап кийингениң да бекер өңдүү. Ошентип, чач тарачтар, башкасын айтпаганда да, көңүл көкөлөткөн улуу жаздын көркүнө өз колдору менен ичкерткен көрк кошуп жатышкан керемет кесипкерлер шекилдүү!

Бир караганда жөнөкөй көрүнгөн, бирок терең сырлуу мындай кесипке эгедир болуу Катиранын балалык оюна эч качан келген эмес эле. Жо-жок, мындай бир күңүрт элес азыр да анын жадында экен: тагдырга айла барбы, чачы жаңыдан өрүмгө кирген кезинде эне-атасынан бирдей ажырап, ошол өзү туулуп-өскөн Жети-Өгүз районуна караштуу Саруу айылындагы балдар үйүнө алынат. Ал кезде эселек кыз кайсы бир чоң энеси үйрөтүп койгон мобул эки жол ырды кусадар жүргөнүнөн сызылтып калчу:

«Тал-талдап чачым өрбөдүң, апа,
Таалайлуу кылып өлбөдүң, апа...»

Ал тургай кээ бирде апасынын чач тарап, чач өрүп берип жатканы түшүнө да кирчү. Сыягы ошондо чач деген өзгөчө бир касиеттүү, өзгөчө бир ыйык нерсе экендигин жан-тени менен туюнуп калса керек Катира. Баарынан да, ал чакта балалык кыялындагыдай кандайдыр бир сыйкыр болуп, апасы жок дегенде бир мертебе өз колу менен чачын тарап берсе эмне! Андабы... анда ошол жасалганы, балким, азыркыга чейин тентек шамалга буздурбай, сактап келмек... Сөзсүз ошентмек!

Балалык куракттагыларды бир туруп агын суга салыштырса болчудай. Анткени, алар да даяр нук менен тоскоолсуз жактарга бой уруп кете бергенге маш. Андыктан, аларды дайыма керектүү, түшүм берчү жактарга багыттап, буруп туруш абзел окшойт. Катираны бул кесипке бурган бир тууган агасы Эркинбек болгон. Ооба, 1967-жы-

лы 8-классты бүтүрүп келген Катира борборубуздагы медицина окуу жайына өз каалоосу менен тапшырып, өтпөй калат.

— Эми, — дейт ошондо агасы Эркинбек, — сөзсүз менин тилимди алышың керек. Азыр барып, документтериңди 20-шаардык кесипчилик окуу жайына чач тарач бөлүмүнө тапшырабыз.

— Чач тарач?.. — Чочуп кетти кыз. — Чач тарач бол дегени турасызбы мени?.. Антип шылдыңдабаңыз, ошол эле жетишпей турса дагы... — Ансыз да зорго турган небир кыргызды көрбөсө, же алсый алганын укпаса... демек, чач тарач дегениң—кайдагы бир кадыр-барксыз кесип да, же жалганбы?! Бул ойлогонун агасына айтты кайрылып. Анда агасы:

— Так ошол кыргыз адистери жок болуп жаткандыгы үчүн барып окуйсуң, түшүндүңбү?! — деди өкүм үн менен. Анан жай унчукту:

— Ырамтылык атама башка айылдын аксакалдарына чейин атайы келишип, чач алдырып кетишээр эле. Андагы алкоо сөздөрдү уксаң, барбы!..

Бирөөнүн кеп-кеңешине чукак болуп өскөн кыз акыры тобокелге салып, агасынын кеңешине көндү. Ал барганда чач тарач бөлүмүнүн ачылганына бар болгону эки жыл болуптур. Курста Катирадан башка кыргыз улан-кыздары жок болчу. Андыктан, жергиликтүү элдин өкүлү катары жалгыз бул жерде окуганына бир эсе ыңгайсызданса, бир эсе жокту бар кылып турган өзү экендигине ичинен сыймыктанып калаар эле. Анткен менен иштин көзүн таанып, сырын өздөштүрүш ого эле кыйын экен. Эки жыл катырып окуганына карабастан, практика учурунда аябай жүдөсө болобу. Бир эсе айнып да жүрдү бул иштен. Айныбай коймок беле—сулууланып, жаркырап кетем деп келген кардарлары түктөйүп кетип жатышса! Деги бир качан



«ыракмат!» деген сөздү угаар экен бирөөдөн! Кап десеңчи! Адегенде айынты өзүнө жуукташпай, аспап-куралдарга (мокок экен, эски экен деп), ал тургай кардарлардын өздөрүнө да (айткандай туруп беришпейт» деп) шылтан салчу. Бирок ошол эле аспаптар менен ошол эле кишилерди башка тажрыйбалуу чач тарачтар заводдон кайра чыгаргансып монтойтуп салышканда, кирерге жер таппай кызарчу. Анан да кардарларга жасаган кайрылуу мамиле билинбегени менен көп нерсени шарттап салат белем. Сабакта булардын баары айтылчу, бирок жете баа бербептир убагында. Кай бирдеги «чорт этме» мүнөзү да тигилерге сездирбей салганын карачы...

Карындашынын акыбалын байкап жүргөн Эркинбек бир мертебе атайы ал иштеген жерге келип, кезек күттү (эркектер залында иштечү анда). Элдин алкышына арзып, өз адистигинин ыракатын сезмек түгүл, карындашы кайра өзүнөн-өзү буй болуп, кыйналып жатыптыр—сырттан баам салса. Анан бир маалда көптүн бири сыңары анын алдындагы мамык орундукка келип, сыпайы олтуруп калды. Адегенде чочуп кетти Катира. Чочуганда кайда бармак эле, учурашкан соң аргасыздан ишке киришти. Бирок тажрыйбасыздык деген—тажрыйбасыздык эмеспи, канчалык аракеттенип, канчалык кылдаттанса да, агасынын чачын, сакал-мурутун ойдогудай алалбай тердеп чыкты. Ал эми Эркинбек болсо, кээде чач-талдарынын жулунуп кеткенине да кыйыл болуп, элчилеп урушпастан олтура берди. Акыры «бүттү» болгондо гана: «Чоң ыракмат, карындашым!» деген сөздү камаарабай туруп, каба айтып салбасыны! Катарлаш иштеп жаткан насаатчысы Аграфина Тимофеевна жалт карап калды сүйүнгөндөй. Анткени, бул «ыракмат!» — Катирага багышталган биринчи алкыш болчу! А Катира болсо, агасынын ушул айтканы насыя гана сөз экендигин жазбай туюнду. Бир саамга денеси чымырап, намысына чындап келе түштү да, анан: «Көрөсүң, мен Сизге акыры чыныгы ыракматты айттырбасам элеби!..» деп ичинен катуу шерт кылды.

Андан бери он жети ирет өрүк гүлдөдү. К. Чапышева республикабыздагы тейлөө кызматкерлеринен чыккан көрүнүктүү ишмер катары журтчулугубузга таанымал болду. Бирок алигиче баягы өзү айткандай агасынын чыныгы «ыракматын» иш ордунан уга элек. Анткени, биринчиден, окууну бүткөндөн тартып, анын эмгек жолу такай аялдар залында өтүп келүүдө, а экинчиден, агасы ат көтөргүс алкышын ага багыштап баары бир деле айтып жаткандыгы өзүнөн өзү белгилүү. Демек, ал кишини убара кылуунун дегеле зарылдыгы жоктой. Эң негизгиси, насыя «ыракмат» өз кайтарымын алды—демек болду! Баса, байкесинин нөсүндө «бороон» жүрдү. Ой басты. Өз ишине баш-оту менен берилип аракеттенчү болду. Башка «тоону» эңсемей адаты өзүнөн өзү оолактай баштады. Ушул жерде токтоло кетчү бир сөз бар: адам дегениң бир нерседен көңүлү кайт болгондо, сокурдан айырмасыз болуп калат тура. Катира да бул кесиптен эртелеп кутулууну көздөп жүргөн чакта мына буларды нымым көңүлгө илбептир: ал жогоруда айтылгандай нуктагы жалгыз кыргыз болчу. Тилекке ылайык кийинки курста да жергиликтүү улуттан эки-үчөө бар эле. Демек, келечекте... А эгер Катира ошондо окуусун бүтүпбөй кетип калса, анда тигилердин көңүлүнө да сөзсүз азар бермек турбайбы. (Баягыда өзү да агайына чач тарач болуп иштеген кыргыздардын жокко эселигин айтып кыйытпады беле...). Баарынан да, жеке өзүнө эле эмес, бүт кыргыз улутуна кеп-сөз тийгизмек экен. Анткени, курстагы жалгыз кыргыз кызы эртең сөзсүз артыкчылык дипломун ала турганына карабастан, иштин көзүн биле албай кетип калды делмек. Демек, аз-аз жерден шермендеси чыга жаздаптыр. Кийинчерээк буларды бүт бойдон ойлоп алып, ого бетер арына келип, чыйралчу болду. Анан өз жаңылыштыгын кардарлардын чачына кошуп кайчылап салды...

Кандай иште болбосун биринчи кезекте өзүң гана бүт дитиң менен ышкаланып-аракеттенишиң лаазим. Ансыз



айкел насаатчылардын алтын кеңештери да жугумсуз болуп туруп алат. Катиранын ишке болгон күтүүсүз жаңы мамилеси бирге иштеген тажрыйбалуу чач тарачтарды, айрыкча насаатчысы Аграфина Тимофеевнаны өзгөчө таңдантты, өзгөчө кубантты. «Өсөм!» деп өз күчү менен жер жарып чыккан ак соелорду көрүп алып, алышты көздөй чуркаган сугатчы сыңары Катира күнүмдүк планды толтуруунга жетишип, үйрөнчүктүк чектен чыкты. Ишеним боюнча жаш чач тарачтардын конкурсунда атайын байгеге арзыды. Ал эми окуу жайын артыкчылык диплому менен бүтүрүп жаткан кезинде аны дароо «Улыбка» аттуу азыркы «Айперидей» атайын тандалган адистер эмгектенчү салонго ишке алышты. «Сүрөөдөн күлүк сүрдүкпөйт» эмеспи, адепки колдоолор дээринде намыстуу, зирек кызга улам жага берди. Кези менен айлык, кварталдык пландарын ашыра аткарып, алдыңкылардын катарына кошулду. Биринчи эле эмгек жылында «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» деген ардак желекче анын иш ордуна жарашыктуу желбиреди.

Ал эми 1971-жылдан баштап 1986-жылга чейин К. Чапышеванын эмгек жолу шаарыбыздагы борбордук тейлөө үйүндө өттү. Бул мезгил—ал үчүн чыныгы эмгектик таптаалуу мезгили болду десек жаңылышпайбыз. Анткени, турмуштан кагылып-согулуу менен бирге улам жаңы тажрыйбаларга кез болуп, улам бийик көрсөткүчтөрдү жаратты. Эмгектик сый-урматка бөлөнүп, кадыр-барк топтоду өзүнө. Маселен, 1981-жылы тейлөө үйүндө иштегендигинин он жылдыгына карата жана 10-беш жылдыктагы мыкты ийгиликтери үчүн «Ардак белгиси» ордени менен сыйланды. Ошол эле жылы бир тууган партиябыздын мүчөлүгүнө кабыл алынды. Ал II-беш жылдыктагы социалисттик мелдеште жеңип чыккандыгы үчүн Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин, Кыргыз ССР Министрлер Советинин, Кыргызсовпрофтун жана Кыргызстан ЛКЖС Борбордук Комитетинин «Ардак грамотасы жана «Эмгек Кызыл Туу» орденин алууга арзыган. Ошондой эле аны

коомчулук Кыргызстан Компартиясынын XVIII жана КПСС тин XXVII съездеринде делегат кылып шайлашып, зор ишеним көрсөтүшкөн. Учурда эл депутуттарынын Ленин райондук Советинин депутаты (экинчи шайланышы). Анын турмушунда жакында дагы бир эсте каларлык кубанычтуу окуя болуп өттү. Кыргызстан аялдарынын IX съездине катышып кайтты.

К. Чапышева менен баарлашкан сайын, мындай бир нерсеге чын ыкластан суктангандыгымды жашыра албаймын: ал өз түшүнүгүндө алган сыйлык-наамдарын баарыдан мурда буга чейинки жараткан ийгиликтеринин жемиши катары эмес, келечек ийгиликтерине көрүлгөн камкордук катары түшүнөт. Андыктан, учурда курч коюлуп жаткан адам факторуна ылайык, ага татыктуу жооп кайтаруу максатында, бар мүмкүнчүлүгүн аянбай эмгектенүү—анын көнүмүш адат-салты болуп калган. Мындай учурда кандай натыйжалардын күтүлөөрү өзүнөн өзү белгилүү эмеспи. Ошондой эле ал акыркы кездерде эртеден-кечке өз планге да анчейин алымсынбай барат. «Баардыгы бирөө үчүн, бирөө баардыгы үчүн!» деген иштиктүү принципке жан дүйнөсү оголе жакын. Айрыкча тээ жогорудагыдай ири форумдарга катышкан сайын «көзү ачылып», жеке өзүнүн эле эмес, жалпы коллективдин, жалпы кесиптештеринин кызыкчылыгын ойлоп, таламын талашчу болду. Кыргызстан Компартиясынын XVIII съездинин трибунасынан турup, тейлөө маданиятын көтөрүүнүн зарылдыгы, ал үчүн эң оболу тармактагы кызматкерлердин социалдык турмуш шартына, жумуш орундарынын жабдылышына ири көңүл буруу керектиги туурасында күйүп-бышуу менен айткан курч, далилдүү сөздөрү кыйла жандануунy пайда кылгандыгы чындык. Ал эми КПССтин XXVII съездине барганда да эки иштен бир иш кылып—тиешелүү жерлер, башка республикалардын тейлөө адистери менен келечек ойлору туурасында кеңири баарлашып кайткан. Анын жыйынтыгы катары «Айперинин» өзү иштеген чач тарач бөлүмүндө



бригадалык подрядды ишке киргизүүгө ынтызарлана баштады.

— Таня, — деди бир күнү түштөнүү убагында бөлүм башчысы Львошина Татьяна Ивановнага кайрылып,— билесиңби, мен—республикабыздагы тейлөө тармагында иштегендердин ичинен биринчи болуп, КПССтин съездине делегат катары катышыптырмын.

— Ой, чын элеби?

— Чын, чын. Ушул фактынын өзү мени айрыкча ыңгайсыздантып да, айрыкча толкундатып да жүрөт. Бир жагынан алганда бул факты биздин чөйрөгө анчейин маани берилбей келгендигин көрсөтөт эмеспи. Ага өзүбүз да айыптуубуз деп ойлоймун, анткени, майда кесиптин ээсибиз деп эле, ар дайым майда иш-аракеттер менен жашап келгенбиз. Съезден кийин менде мындай бир идея пайда болду, биринчи сага айтышым керек, албетте, эмне үчүн биз бригадалык методду өз ишибизде парктикалап көрбөйбүз?! Биринчиден, бул ыкма ар кандай эмгек коллективдеринде эң сонун эффект берип жаткандыгын угуп жүрөбүз. Экинчиден, биздин бөлүм—өзүнчө эле даяр бригада эмеспи...

— Аа, көрсө, ушундай оюң бар турбайбы. Айтам да эмне эле кийинки кездерде «мен» дебей, «биз» деп сүйлөп калган деп. — Адегенде тамашага чалып, анан ойлоно калды да, сөзүн кайрадан улап кирди Татьяна Ивановна. — Чын эле байкаштырып, башкалар менен кеңешип көрүш керек экен Катя. Бирок, билесиңби, эгерде бул сунушуң баарына тең жагып калса, анда жогору жактарга маселе коюш үчүн сага айрыкча жүгүрүүгө туура келет. Анткени, кай жерде болбосун сенин кадыр-баркың чоң, сөзүң өтүмдүү эмеспи.

— Мен баарына даярмын!.. — Бул анын ар дайым айта жүргөн сөзү эле.

Катиранын сунушу кесиптештеринин арасында да, администрацияда да кызуу талаш-тартыштарды пайда кылды. Баарысы тең өз божомолдорун, өз эсеп-жыйынтыктарын далилдеп жатышты... Акыры мындайча жыйынтыкка ке-

лишти: азырынча бригадалык ыкмага официалдуу түрдө өтүү, балким, эртелик кылат, ошондуктан бир жарым жыл убакытка чейин иш бригадалык методдо жүргүзүлүп, анын жалпы эсеп-жыйынтыктары атайын кагазга катталып, бирок, документке ар бир кызматкердин жеке көрсөткүчтөрү жазыла берсин. Кыскасы, жогорку ыкма белгиленген мөөнөткө сыноого коюлду. Атайын бригадалык совет түзүлүп, ага башчылык кылуу Катирага милдеттендирилди. Бул совет бригаданын эмгек тартибин сактоого, ар кандай тоскоолдуктарын жоюуга, ар бир жеке адистин ишин жалпы бригаданын ишинин катышы менен балансташтырууга айрыкча көңүл бөлүүдө.

— Бир жылдык жыйынтык мурдагы жылдын жалпы жыйынтыгына караганда бир кыйла өсүштү көрсөттү. Бирок, ал өсүштүн кайсы бир өлчөмүн өлкөбүздө жүрүп жаткан жаңылануу, тездетүү процессинин шарапаты камсыз кылгандыгын жашырууга болбойт. Ошентсе да аталган ыкма коллективдүү жактырууга ээ болуп официалдуу түрдө эрчитип келгенде, ал жерде кыз күтүп туруптур.

А менин анын жекече көрсөткүчтөрү, жекече иш-тажрыйбалары, өзгөчө куштарлантты. Ал соңку кездерде айлык кварталдык план-тапшырмаларын орто эсеп менен 125-130 процентке аткарып, анын негизинде апрель айында октябрь айынын эсебинен иштөөгө жетишкен. Ийгиликтин сырын тереңирээк ачуу максатында бир аз ыңгайсыздыкка карабай (ал аялдар залында иштейт эмеспи...), анын жумуш-орундарында болууга туура келди. Көрсө, чач тарач кесиптеринин кардарларга канчалык өлчөмдө камкор мамиле жасаарын, кандай деңгээлде тажрыйбага ээ экендигин ага келишкен туруктуу кардарлардын санынан улам да билсе болот экен. Катира мени өз креслосуна эрчитип келгенде, ал жерде шыргыйдай болгон сары чач кыз күтүп туруптур.

— Саламатсыңбы, Катира Шекеновна?

— Саламатчылык, саламатчылык. Чач жасалгалаткыбы? Кел, отурагой.



Мен аларды адегенде мамилелеш-тааныштар экен деп ойлогом.

— Кечирип койчу, сенин атың ким эле?

— Наташа. Ушуну менен үчүнчү жолу айтышым, Катира Шекеновна... — Кыз күлө сүйлөп, креслого олтура кетти. Анан бет маңдайындагы күзгүнүн бетине бир түймө жамбы сымал салаңдата илинген кол саатка үңүлө калды. Анда «КПССтин XXVII съездинен эстелик» деген жазуу бар эле. — Оо, сиз делегатсызбы?! — Жалт бурулуп, жалжылдай карады. — Абдан жакшы экен! Мынакей, саат жети болуп калыптыр, демек, мен Сизге чач жасалгалатыш үчүн үч сааттан ашык кезек күтүптүрмүн. Ага жараша сүйүктүү мастеримдин атактуу адам болуп чыга келиши—абдан кубанычтуу. Менчилеп Сизди каалагандар бүгүн тимеле көп келишиптир.

— Кээде мындан да көп болушат. — Чач тарач жай унчукту, анан тигинин чачын жаткырып тарай баштады. Мен болсо туруктуу кардарлардын көптүгүнөн Катира алардын аттарын жаттап калалбай жаткандыгын туюндум. Шаардагы сандаган чач тарачтардын ичинен Катиранын жасалгасы ушунча кишиге айрыкча жакканын көр! Ошон үчүн алар кезээрип кезек күткөнүнө кайыл болуп, мында келип жатышпайбы! Ал эми ошол дайымкы кардарлардын топтолушу чач тарач үчүн кандайдыр бир жеңилдик апкелээр бекен? Бул туурасында суроо салганымда, К. Чапышева кайчысын колдон түшүрбөй туруп, өтө дилгирлик менен жооп бере баштады:

— Сөзсүз да! Биз аларга кандай керек болсок, алар да бизге ошондой керек. Убактыбыздын көпчүлүгүн биринчи келген адам менен жасалга талашып жатып өткөрүп ийебиз кээде. Мастер катары ылайыктуу жасалга сунуш кылсак, кай бирлери теңирден тескери немени суранып туруп алышат. Ал эми эски кардарлар менен иштөө алда канча утуштуу. Алар сенин ыктыярыңда болушат. Анткени, сен туура көргөн жасалга ага «майдай» жаккан. Анын үстүнө аялдардын чачы, ыгын таппасаң, балакет. Чач —

адамдын мүнөзүнө жараша болот дейт эмеспи. Аялдар-
дын чачы да көбүнесе мүнөзүнө окшоп жумшак келет,
бирок, оңой менен каалаганыңдай бурула бербейт го чир-
кин!.. Туурабы, Наташа? — чач тарач өз суроосунун жоо-
бун күтпөстөн тунук каткырып алды бир демче. Анан ба-
рып кеп учугу жеке тажрыйбага бурулду: — Мен адам-
дын өң-келбетине карап туруп, кайсыл жасалга ылайык
экендигин табам. Маселен, мына бул Наташадай чап жаак,
субагай жүздүүлөрдүн айрыкча желке чачын калың, пар-
пырак жасалгалаш керек, ошондо бет түзүлүшү толукта-
лып, жарашык табат. Ал эми мендей тегерек бет, толугу-
раак адамдарга бийик, көтөрмө чач-жасалгасы ылайык.
Өз практикамда кайсы бир жасалганын, айталы, соңку
«Ритмдин» нормасын толук бойдон сактоону анчейин жак-
тыра бербеймин. Адамдын бет түзүлүшүнө карата ар кан-
дай моданын элементтерин камтыган өзүнчө жасалга та-
быш керек. Бул—чач тарачтардын негизги милдети. —
Ошол негизги милдетин Катира байкаларлык деңгээлде
билээрин Наташанын көйкөлүп көрк таап келаткан чачы
тымызын жар салып турду. Тулку-бою калбаат көрүнгөнү
менен, ишке келгенде кыймыл-аракети көзгө илээшпей
элпек экен. Бир караган кишиге ал азыр шашып жатып,
тиги кардарын аспап менен башка «тырс» уруп алчудай
сезилет. Бирок, алардын ортосундагы күлкү аралаш сөз-
дөрдүн көз ирмемге өзгөргөнүн көрүш чындыгында эле
кыйын, демек... — Көрдүңүзбү, — деди бир маалда ал иш
темпинен жазбай. — Кийинки кездерде баардыгыбыз тең
чачты каалагандай ийкемге келтирип жаткырыш үчүн жө-
нөкөй бигудинин ордуна мына бул электр фени менен иш-
төөнү өздөштүрдүк. Бул дагы болсо өлкөбүздө жүрүп жат-
кан тездетүү процессинин бир ирмем көрүнүшү. Бирок,
дале чечилбей келаткан жагдайларыбыз жок эмес. Баш-
каны быякка коелу, биздин ишибизде темир тарак өтө көп
керектелет. А бергендери мобул кырк беш тыйындык ал-
люминий... — Ийрейип-түзөлүп жатып толкун болуп кал-
ган илмейген таракты шкафынын бир көзүнөн атайы алып



чыгып, көрсөтө салды. Анан өзү колдонуп жаткан жоон-
жолпу таракты тигиге таразалай кармап, нааразы добуш
менен буларды кошумчалады: — А болоттон жасалган
бул таракты өз чөнтөгүбүздөн беш сом төлөп, темир ус-
таларга жасатып алууга аргасыз болобуз. Аны дагы жал-
дырап жатып. Болбосо... Элестетип көрүңүз, биздин са-
лон—республикадагы бирден-бир көрүнүктүү, жаңы тип-
теги салон эмеспи, ага зор кызыгуу менен кирген кардар
тиги сыртка заңгыраган залда мамык-орундукка чалкалай
олтуруп кезек күтөт, анан бул жерде мобул мыйрыйган
таракты кантип чыдап колдонмок элең... Мындай парадокс
чач боёо процессинде да кезигет. Коллективдин өтүнүчү
боюнча тиешелүү жерлерге мен да кайрылып көрдүм,
бирок баары бир жыйынтык болгон жок. Договор түзүп,
кайсы бир заводго каалаганча жасатып беришсе болоор
эле...

— К. Чапышева акыйкатта иштесе колунан, сүйлөсө
тилинен келген активдүү коммунист. Ал туурасында айт-
кан кесиптеши Работягина Любовь Григорьевнанын пики-
ри да өзүнчө кызык: «Оо, көптөн бери мындай бир тур-
муштук нерсеге айрыкча ынанып келем: кандай гана эм-
гектин алдыңкысы болбосун, ал—адам катары да сөзсүз
мыкты касиеттерге ээ! Биздин Катя менен он жылдан
ашык бирге иштеп келатам, ал тургай минтип ар дайым
жумуш орундуктарыбыз дагы катар болуп калат, деги бир
ага нааразы болгон күнүм боло элек. Айрыкча анын кар-
дарлары менен дароо тил табыша алгандыгы жагат. Алар
тараптан ар убак кызыктуу кеп-сөздөр мага да угулуп ту-
рат. Кулагымды төшөп салып, көпчүлүгүн мен да угуп
тажабай иштей берем, хи-хи. Анын эч бир ноюбай иште-
гендигинин, кандай десем, өзүнчө себеби бар: аялдардын
чачын жасалгалоо—сулуулук жасоо деген кеп, айрыкча
Катиранын колу бул ишке жөндөмдүү. Андай чыныгы су-
луулук жаратып жаткан кишиде чарчоо деген болбойт,
кайра ишинен ыракат таап, эс алып калгансыйт...»

Каарманыбыздын жаштарга насаат көрсөтүү иш-ара-

кети да өзүнчө сөз кылууга арзылык экендигин бөтөнчө бөлүм башчысы Львошина Татьяна Ивановна баса белгиледи. Иш ийгиликтеринин негизинде илгери үмүттү жаратышкан Керез Байтикова, Света Бородихина, Соня Абаева сыяктуу чач тарачтар анын түздөн-түз окуучулары болуп эсептелишет. Окуучусу үчүн насаатчысынын кандай касиети айрыкча үлгү экендигин сураганыбызда, К. Байтикова айтыла жүрчү жагым сөздөрдү жаадырып кирип, анан башкалардан өзгөчөлөнтүп муну көрсөттү: тажрыйбалуу адис, каныккан чебер катары К. Чапышеванын өз ишине туруктуу, ынанымдуу көз карашы бар, ага айрыкча ошол жагат. Ал көз караш — чач жасалгасы кандай учурда болбосун жөнөкөйлүккө, табийгыйлуулукка жакын болуш керек, мына ошондо өзгөчө сүйкүм көрүнөт.

Дегинкиси, жөнөкөйлүктү алар үй-бүлөсү боюнча ардакташап. Өмүрлүк жубайы Эшимбек да тейлөө кызматкери—«Обувщик» фирмасында өтүкчү. Анын иш тажрыйбасында дагы ашкере шөкөттөлгөн жасалга анчейин маанисе ээ эмес. Баса, бир мертебе он беш жаштагы улуу кызы Эльвира мектептен «бултуюп» көңүлсүз келбесни. Бир өрүп артына таштаган чачын өрүмүнөн жандырып алыптыр. Чочуп кетип ал-жайын сураган апасынын алдында кыз бышактап ыйлап жиберди. Көрсө, чачын өрүп жүргөндүгү үчүн айрым классташ кыздары «тоодо жашагансып», «кемпирлерге окшоп» деп аны шылдыңга алышыптыр. Мээрим чача жай сүйлөп, ага өрмө чач абдан ылайыктыгын, атаганат, жарашса—өзүнүн чачын деле узун өстүрүп, өрүп алууга даяр экендигин түшүндүрдү. Жапжаш кезинде чачтарын түркүн-түскө боётуп, милировка менен күйгүзүп, таптакыр ылайыксыз жасалгаларга азгырылып жүргөн окуучу кыздарды буга чейин далай жолу көрүп, өзүнчө кыжырланды эле, эми мектептерге барып, бул тууралуу маселени кабыргасынан коюуга кам урду. Тиешелүү жыйындарда кардарлар менен иштешүүдө алардын жаш өзгөчөлүгүн сөзсүз эсепке алуу керектигин айтып, кесиптештерине кайрылды... Бул—анын советтик граждан



катары ар нерсеге ак дилден күйүп-бышаарын көрсөткөн бир гана окуя.

...«Айпери» сулуулук салонунун үчүнчү кабатка чыга берген жеринде дубалга катарынан кадалган чоң-чоң күзгүлөр бар. Чач тарач бөлүмүнө ошол жер аркылуу өтүшөт. Сырттан келаткандар токтобой кете бериши мүмкүн, а бирок, чач жасалгалатып чыккандар бул жерге сөзсүз түрдө бир саамга кармалбай коюшпайт. Тимеле мурундары күзгүгө тийгиче жакын келип каранышат, чач жасалгасын сындашат. Ошондо, ката кыркылган бир тал чач да одурайып чыга келип, көңүлгө кадимкидей азар бериши—чындык. Бирок көбүнчө кардарлар бул жерде чач тарачтарга дагы бир жолу ыраазы болушуп, күлүп-жайнаган боюнча сыртка жөнөшөт. Тигине, азыр эле Катира эжеси менен кол алышып коштошкон кара тору кыз ушул күзгүлөрдүн алдында өзүн алда канча жеңил, сулуу сезгенсиди, ичинен обон салган боюнча, чачтарын сүлкүлдөтө жол улады. Анын азыркы ыры: «Шамал, шамал бузба чачымды...» А сыртта болсо, көзгө көрүнбөй көйкөлө баскан керимсел анын чачын чач тарач эжесинен бетер кайра-кайра сылагылады...

**СУЛТАН РАЕВ**

## ЖЕР ТУЗУ

Мына биз дагы дыйкандардын көзгө өтө жупуну тартылган карапайым да, улуу да эмгеги тууралуу аңыз кебин баштайлы деп турабыз. Бир чети биздин ак дасторко-

нубузга ак буудайдын аңкыган ак нанын сунган дыйкандардын эмгегин сөз кылуу ошол нанды сөз кылуу менен барабар дегендей эле. Кантсе да чыныгы жер мээнеткечтеринин эмгегин алар жерди сүйгөндөй күч менен жазып берүү, айтып берүү да оңой иш көрүнбөйт сыягы. Ошол сыяктуу нанды кандай улук көрсөк, дыйкандын улуу эмгегин, мээнетин да ошондой улук көрүүбүз керек экендиги — турмуштук чындык окшобойбу.

«Эгерде мен бардык мезгилдердин акыны болсом да, жердин мээнеткечтери силерди мыктылап даңазалай алам деп айта албас элем». Дүйнөгө атагы чарк айланган жазуучулардын бирөөсү ушинтип айткан экен. Чын эле неченнечен залкар чыгармаларды жазып, адам жан дүйнөсүнө көркөм сөздүн не бир мээр касиети менен үңүлө кирип, анын пенделик жүрөгүнөн адамдык асыл сапатты издеген, ар бир жазган чыгармасы адам жүрөгүн тамшандырып, ээликтирген көркөм сөз зергери неге минтип айтууга батынды экен. Жер мээнеткечтери... Алардын эмгегинде кандай симфониялык татаалдык, же сөз кудурети жетпеген касиет бар эле. Мүмкүн улуу адамдардын улуу сөзү бекеринен айтылып калбагандыр. Бир караган адамга карапайым, жөнөкөй көрүнгөн жер дыйкандын эмгегинде эч бир шер анын лира кайрыгына салып миң түрдүү кубулжута албай турган, айтса сөзү жетпеген, ырдаса ыры жетпеген мухит сымал чалкыган улуу поэзия ошол жер тамырын таптаган кадимки эле дыйкандын эмгегинде, кылган мээнетинде, деги эле адамдык жан турпатында чалкып жаткандыр...

Эмгек адамы... Али мекендин терең кеткен тамырындай ушул жашообуздун чынары сыяктуу обо чийген дарагын түптөп, алаканда бапестеген ак буудайдын бир талын миңге айлантып, жамы элибиздин береке дасторконуна молчулук арттырып, туз буйрутуп, дандырыбыздан токчулук жытын аңкытып турган адам — ошол эч кайсы улуу сөз жарашпаган жөнөкөй гана дыйкан, жердин мээнеткеч адамыдыр. Улуулуктун башаты жөнөкөйлүк. Колуна кетмен алып,



боор этине жанып, талаада мейли ак буудайдыбы, жүгөрүнүбү, пахтаныбы кулактан тартып өстүргөн дыйкандын күндөлүк кылып жаткан эмгегинде залкар улуулук жаткан чыгаар. Мына ушул жөнөкөй иштеги татаал поэзияны көрүп, жүрөгү менен андап, ошондобу дыйкан эмгегин дүйнөнүн түгөл бурчуна дайындап, даңазалап, аңыз кылууга шайы жетпегендигинен улам, көркөм сөз залкары ушинтип ыйбаа сүйлөп жүрбөсүн.

Дыйкан... Дыйкан демекчи анын күчү эмнеде?.. Ушул собол көкүрөктү аралап кеткенде көңүлгө байыркы гректердин уламышындагы эпикалык каарман. Антей тууралуу аңыз кеп сезимге келе түшөт. Нечен эр таймаштарда далысы жерге тийбеген баатыр бир күнү жеңилип калат. Антейдин жеңилбегендиги ар дайым таймашууда анын буту жер тебелеп, ошол жерден эч бир керемет нерсе ыйгара албаган күчтү алып, жер менен гана күчтүү аталып келген. Ошол Антей сындуу дыйкандын күчү да жерде, кылган эмгегинде, мээнетинде окшобойбу. Ошондой өз күчүн жерден тапкан, жерге болгон сүйүүсү боор эти менен бир өскөн адамдардын бирөөсү Араван районундагы «Ош» совхозунун даңазалуу жүгөрүчүсү, СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Сүйүнбай Эшматов. Буга дейре бул адам тууралуу эч ким жаза элек болуу керек. Атайлап, ушул адам тууралуу жазууга батынбасак да, ал тууралуу жазып, жамы-журтубузга айтып бербесек да, ансыз бул адамдын ысмы ар бир адамдын жүрөгүнө маалым. Чыныгы мээнет сүйүп, адал эмгеги менен ушундай даңазага жеткен адамды эл айттырбай билет окшобойбу. Дыйкандын нукура дыйкандыгы ошондо бейм.

...Көк мейкинде сүзүп бараткан кемедей тээ алыста Керме-Тоо чубалжып жатат. Бул аймактын кайсыл кыйырынан караба көз нуру ошол кеме сындуу тоого барып такалат. Андан берега мейкин өңүрүн көк жашыл талаа ээлеп жатат. Ошол даңгыр талаа бетин көйкөлүп өскөн пахта, буудай талаасы бербейт. Кай тарабын караба алакандай бош жаткан жерди көрбөйсүң. Керме Тоонун

6*

жон арка тоосунун этегинде эзелтен не бир көзгө бараандуу тартылып, койнуна эчен-эчен сырды катып жаткан шекилдүү Керме Тоо сүрдүү тартып, төө өркөчтөнүп чубалжып жатат. Керме Тоонун өркөчтөнгөн бийиктигинен төгөрөктүн төрт бурчу алакан отундай көрүнөөрү ырас. Ошол бийиктиктен береги Гүлбар аймагындагы балык жон адырларга көз чаптырган адам көйкөлгөн жүгөрү талаасын сөзсүз көрүүгө тийиш. Ал талаа Сүйүнбай акенин талаасы. Жергиликтүү эл бул талааны «Сүйүнбайдын талаасы» деп абалтан айтып жүрүшөт.

Адам өз өмүрүндөгү эсте каларлык окуяны дайыма жадында түйүп келет эмеспи. Ал күндөрдүн ар бир бүктөмү, мүнөтүнө дейре көкүрөккө тамга баскандай өчпөс болуп калаары турган кеп. Бирок Сүйүнбай акени бүгүнгө дейре бир күдүк собол ойго салып келет. Баарыдан да ойго салган ушул көк мейкин бетин бербеген азыркы Гүлбар аймагына качан кайсы күнү тагдырын үзөңгүлөш кылды экен. Не себептен ошондогу буудай эмес жапайы чөп да жарытарлык өспөгөн Гүлбар адырына тагдырын байлап, ушул жерди качандыр бир мезгилде ийге келтирип, аштыгынан жүгөрү данын чачаарын даркан талаага айландыраарын качан чындап түйду экен... Азырга дейре ушул собол жүрөгүн чыңалтып келет. Бул жерге канча адам келип, канчасы кетти. Келгенинен да кеткени канча дейсиз. Сүйүнбай аке сууну жетелеп чыгарса да чыкпаган кыкыр адырда түбөлүк эмгектенип калууну биринчилерден болуп чечкен. Ошол чечкиндүүлүгүнө азыр да кайыл болуп келет. Көрсө эмгеги текке кетпептир. Бүгүн Гүлбар обо жарган эмгектин мекени.

1945-жылдын жазы... Сүйүнбайдын балтыр эти ката элек кези. Ошол жылы анын эмгек чыйыры башталгандыгы жадында бек сакталып келет. Көптөн күткөн жеңиш келсе да согуш жараты, элдин капталын эңшерип, кыйын мезгил эле. Эми кезек кара жанды карч уруп күнү-түнү тыным билбей иштөөгө туура келди. Таң заардан-кеч күүгүмгө дейре таш соко менен жер чийип, жарыбаган гана жердин борозун аңтарышаар эле. Алгачкы бороз... Алгачкы түшүм. Ал Сүйүнбай акенин эсинде. Ошол кезде алынган дандык жүгөрүнүн түшүмүн бүгүн бирөөгө айтчу болсоң күлкү келерлик көрүнүш. Анда гектарынан 6-7 центнер дандык жүгөрү алышаар эле. Жыл өткөн сайын, канчалык жерге үйүр алган сайын, жер сырын ачып, берешен пейил болгон жыл областтык жүгөрүчүлөрдүн кеңешмесинде болсо керек. Сүйүнбай акеге сөз тийип калып, ал анда кеңешмеге катышкан адамдардын оюна келбеген сөздү айта салып, баарын аң-таң калтырган. «Койчу болбогон сөздү айтпай, жүгөрү айдаган жериң Гүлбар болсо. Ар бир түп жүгөрүңдү кочуштап сугарсаң кантип эле ошончо түшүм аласың» дешкен кай бир адамдар Сүйүнбайдын сөзүнүн азил чынына түшүнө беришпей. Нагыз дыйкан калп сүйлөбөйт. Сөз баасын билген Сүйүнбай: «азырынча таң калып тургула, калганын кийин көрө жатарбыз» деп ичинен сөз кайрыган. Эзели желип өткөн суудан тамыр жибибеген Гүлбар талаасынан Сүйүнбай аке жүгөрүнүн ар гектарынан 30 центнерден дан алды. Арадан анчейин деле узакка созулган мезгил өтпөсө да баягы 6-7 центнер данды араң берген талаадан 80 центнерден түшүм алынды. Бул кыял да, жомок да эмес эле. Чыныгы турмушта болгон нукура факты эле. Мынчалык адамды таң калтырган түшүм кантип алынды? Же болбосо бул талаанын марттыгыбы? Берешен пейлиби?.. Албетте, бул түшүмдүн артында мээнетти сүйгөн адамдын эмгеги жатат. Сүйүнбай аке ошол окуядан улам түшүмдүн башаты адам колунда экендигине, эмгекте экендигине дагы бир жолу ишенген.

— Чыныгы дыйкан ким? Бул соболду Сүйүнбай акенин өзүнө узаткканбыз.

— Талаада кетмен кармап, жөөк байлаган адамдын бардыгы эле дыйкан деген аты карапайым, заты бийик наамга эгедерби? Жок дээр элем дейт. Сүйүнбай аке ой токоюна арбалып,— дыйкан болуу оңой, дыйкан пейлин күтүү кыйын. Чыныгы дыйкан талааны талаа дебейт, ба-

лам дейт, мээрим чачкан кең пейилдүү энем дейт, ошондо гана ал боор эти менен бир өскөн талаага баласындай да, энесиндей да мамиле жасайт. Дыйкан ишинде сырттан караган адамга эч кандай жан үрөгөн кыйынчылык жоктой туюлат. Кетменди чаап, сууну жөөккө бурсаң эле иштин бүткөнүбү? Жок муну менен кайсыл жумуш чектелсин. А дыйкандардын жерге болгон улуу сүйүүсүн, маңдай тер шыпырган мээнетин кайда алып барасың. Чыныгы дыйкан ошол жер кыртышынан бой көтөргөн өсүмдүк сыңары. Ошол өнүп чыккан жерине терең тамыр жайып ал тамырдан бекем кубат алуусу керек. Сансыз тамырлар менен жерге байланган өсүмдүк сыңары, чыныгы дыйкандар да жерге тамыр жаюу керек. Дыйкандын нукура дыйкандыгы ушундан билинет. Мен үчүн өргө чыксам өбөгүм талаа, төмөн түшсөм жөлөгүм талаа...

Дыйкан адам сүйлөгөндө бөтөн жерден сөз таппайт бейм. Сүйүнбай аке да ошол дан жыттуу даркан талаага бекем тамыр жайган. Талааны таштап алыс кетсе, өзүн тамыры үзүлгөн өсүмдүктөй сезип калат.

Казактын улуу акыны Абай айткандай турмуш деген деңиз толкунундай белем. «Алга толкуп агалар, арымы толкуп инилер», муундун артынан муун жетилип, алардан соң жаңы башталып келе жаткан майда толкун кыймылдан, түгөнгүс чексиз деңизде тыным жоктой. Сүйүнбай акенин артынан жаңы муун жетилип, өз устаттарындай жерди сүйүп, мээнет артып келатканы канча. Алардын баары адамдын, дыйкандын жакшы сапатын баарын устатынан алышты. Устаты сыймыктануучу артында ээрчиткен шакирттери бар. Алар Али Жунусов, Токтогул Аманов, Жумабай Курманбаев өңдүү адамдар.

Мезгилдин күлүктүгүн кара! Сүйүнбай акенин Гүлбар талаасын байырлап келгенине, ушул жерге кетмен чаап, алгачкы бороздү айдагандыгына кырк жылдын жүзү болуптур. Бул мезгил аралыгы чубалжып жаткан бoштук эмес. Ошол кездеги гектарынан 6-7 центнерден араң жүгөрү данын берген Гүлбар талаасы бүгүн болсо 140 центнерден жүгөрү данын берүүдө. Ушул талаада ырыс тапкан адамдын эмгегин өкмөт менен партиябыз баалап 1973-жылы Ленин орденин берсе, 1984-жылы адырлуу кайрак жердин шартында 140 центнерден ашуун жүгөрү данын алгандыгы үчүн СССРдин Мамлекеттик сыйлыгын ыйгарган. Эмгек биздин өлкөдө жерде калбайт. Ал өз баасын дайыма табат. Ушундай карапайым дыйкан адамдын эмгеги көп улуттуу совет өлкөсүндө гана жогору бааланып, урмат сыйга арзып келет. Мунун өзү советтик турмуш мүнөзүбүздүн башкы артыкчылыгы.

...Сүйүнбай акенин жадында былтыркы жыл жакшы кубанычтар менен жашап калды. Бирок ар бир жылдын ошол жакшылыгын татуу үчүн мээнет артуу керектигин дыйкандын түпкүлүгүнөн туйган адам анын баасын, барккын да түшүнө билет. Табигат катаал келип, нечен сыноосуна салып, адамды сынабасын, анын адамдык өжөрлүгү, көшкөйлүгү акыр түбү жеңип чыгаарын, эмгектин арты баарынан күчтүү экендигин эзелтен сезген адамга түйшүккө кол куушуруу жок белем. 1984-жылы бир топ кыйынчылыктарга кабылды. Ала жаз кургакчыл келип кол кыскарылса, жүгөрү үрөнү жерден кулак көтөргөндө катуу жамгыр жаап, 50 гектардан ашуун аянтты сел алып кетти. Жаз алды менен тарткан мээнет текке кетип, кайрадан эки эселенген күч жумшоого мезгил жеткендигин туура түшүнгөн нукура дыйкан бул жолу да бош келбеди. Жерди жумшартышып, кайрадан үрөн себишип, жөөктөргө суу жибериишти. Ар бир түп жүгөрүнү кулактан тартышып, ар бирин маңдайдан кулаган тамчы менен сугарышты... Күнү түнү жөөк башында болушуп, маңдайда турган үйлөрүнөн да кабар алууга чололору тийбеди.

— Ээ Сүйүнбай аке жүгөрүңүздөн үмүт үзүп кое бериңиз, — дешти кээ бирөөлөр. Кеч айдалган жүгөрү кайсы түшүмдү берчү эле дешип дыйкандын мазесин алган сөздөрдү да жаадырышты.

Дыйкан өз эмгегин дайыма таразалай билет эмеспи. Өз эмгегин туура бычкан дыйкан жүгөрүсүнө болгон үмү-

түн үзгөн жок. «Суу жүгөрүнүн жаны экендигин Сүйүнбай аке башынан жакшы билет. «Жакшы сугат жер тамырын жибитет, жер пейилин ийитет», деген сөздү да Сүйүнбай акенин өз оозунан уктук. Дыйкандардын сөзү дайыма турмуштан алынат окшобойбу. Ал сөзүн ушул талаада мээнет артып жүрүп чындыкка айланткан. Күн өткөн сайын көзгө бараандуу тартылган жүгөрү талаасы көз жоосун алып шынаарлай бой тиреген жүгөрүлөр алды үч-төрттөн дүмбүл кучактады. Демек дыйкандын жерге сиңген мээнети бекер кетпептир. Ал түшүмдүн алгачкы жышаанын Сүйүнбай аке тээ абалтан эле билип, түшүм тагдыры мына бул эмгекчил колдордо экендигин сезген эле. Дыйкан бул сапар жаңылган жок. Ал өткөн жылы ар гектардан 150 центнерден түшүм алды. Бул жеңиш — мээнеттин жеңиши.

...Күн шашкеден оой калса да Сүйүнбай аке түштөнүүгө ашыкпайт. Сымаптай жылжып аккан сууну улам жаңы жөөктөргө бурат. Аптаптуу жайдын ар бир күнү түшүмгө салмак артаарын жакшы түшүнөт. Ошондон улам бы кээде талаада түнөп калмай адаты да бар. Сүйүнбай акенин быйылкы чеги да бийик. Ар гектар жүгөрү аянтынан 150 центнерден дандык жүгөрү алуу милдети турат. Сүйүнбай акенин сөз берсе аны сөзсүз аткарары башынан адатка айланган.

Атчан кишини көмгөн жүгөрү талаасынын четинде ангемелешип бараттык. Кээде биз журналисттер, көндүм суроолорго качырып осол да болуп калабыз. Ар бир макала каарманына берчү соболубузду Сүйүнбай акеге да узаттык.

— Коммунисттик партиянын катарына качан өттүңүз эле, — дедик.

— Эми өтөм, — деди Сүйүнбай аке күлө багып. Коммунист атка конуп, чөнтөккө партбилет салган адам эле чыныгы коммунист боло алабы. Коммунист — ыйык наам. Андыктан мекенге ушул ысымды татыктуу алып жүргүдөй эмгегиң сиңиш керек. Мен өзүмдү коммунистмин деп эсептеймин. Жүрөгүм менин коммунист. Коммунисттин чыныгы коммунистчилдиги партбилеттен эмес, жүрөктөн билинет.



Ушундай мүнөз мекенге чексиз берилген адамдын гана жүрөгүндө жашайт. Ал жасалма да ооз көптүрмө да, өзгөрүлмөлүү да мүнөз эмес. Ал табигый мүнөз.

Жер тузу?.. Не себептен ушул макаланы ушинтип атап койдук. Анын да жүйөөсү бар бекен?... Эмгекчил адам — бизди тоюндуруп, дандырыбыздагы ак нандын даамын, жашоонун баркын сездирген, ырыс кешигибизди арттырган — жер тузу. Туз болбосо даамды кантип сезмекпиз. Анын сыңарындай эмгекчил адам болбосо эмгектин баркын кантип билмекпиз...

ЭЛҮҮБАЙ ОТУНЧИЕВ

## ОБОНДУУ ӨМҮР

Бул баян Ч. Айтматовдун «Гүлсарат», «Кылым карытар бир күн» чыгармаларынын элестүү кейипкерлеринин азык башыларынын бири суулу-маймактык өнөрчү Раймалы Үмөталиев жөнүндө болот.

Сары-Көбөн, Чыукент, Күркүрөө аймагында отузунчу, кыркынчы жылдардан бери таңшыган ыр обону кулакка сиңип, той-тамаша, шерине, жоролордун көркүн чыгарган Раймалынын даңазасы дүңгүрөп турган. Анда азыркыдай үналгы менен сыналгыдан дайын жок. Кез-кези менен кыдырып келген артисттер концерт коюп бербесе, ар айылдын өзүнүн шайырлары ырчы, обончулары өз алдынча ыр-

дап-чордошуп, жаңы замандын ыргагына кошулуп, дүркүрөп өсүп келатышкан. Раймалынын ошондогу обонун эстеген карылар ушу азыр да тамшанып, «Эми андай обон болбос!» деп өкүнүп калышат.

Дуулдаган заманга фашисттер бүлүк салып, өлүм менен өмүр тиреллишип, турмуш астын-үстүн болуп турганда да ыр басылган жок. Раймалы кыяк тартып, мандолин черттип жоокерлердин черин жазды. Ар кайсы улуттун өкүлдөрү кызыгып суранганда «Манастан» да узүндүлөрдү айтып жүрдү.

Катуу ооруп калган Раймалы госпиталда бир нече ай дарылангандан кийин казатка жараксыз болуп, кайра элжуртуна кайрылып келди. Оорукта калган катын-калач, жетим-жесирлер, кемпир-чалдардын кейиштүү түрү зээнин кейитти. Акырындап тыңып, кайрадан элге аралашып кетти.

Чыңгыз Айтматов Раймалыга кийин, согуштан кансыраган эл кайрадан баш көтөрүп, бүлүнгөндү бүтөп, жыртыкты жамап, узүлгөндү улап жаткан тынч заманда жолукту...

«Кылым карытар бир күн» романындагы төмөнкү саптарга ой жүгүртүп көрүңүз: «Раймалы ага заманында даңкы чыккан акын болгон. Жашынан элге таанылып, акынобончу үч өнөрүн тең берген экен кудай таала: такат алчу, уккулуктуу үнү бар аткаруучу. Замандаштарын таң калтырган акын эл чогулган топ жыйында толкундап домбурасын колуна алганда таңдайынан ыр куюлган. Уккандар анын ырын айылдан айылга таратып айтып, кечээ күнү айтканы бүгүн жамы журтка маалым болуп турган».

Чыныгы турмуштагы Раймалынын таржымалы көптөгөн кыргыздардыкы сыяктуу эле. Ал 1921-жылы Талас Ала-Тоо кыркасынын Кууганды тоосундагы Кызыл-Таш кыштоосундагы кыш чилдесинде туулган. Атасы Үмөталы эрте жашынан окуп, жаңы замандын тирилигине аралашып, актив болуп эл башкарып жүргөн. Согуштун алдыңкы жылдарында «Кызыл-Туу» колхозун башкарып, жалган жалаа менен камалып, оо согуштан кийин келип каза болду. Апасы Тажыкүлдөн 1936-жылы ажырап, 15 жаштагы Раймалы үч жашар үкөсү Калмырза экөө атасын кармап кала беришти.



Раймалы өз атасы Үмөталынын агасы Жумагулду ата деп чоңойду. Ал киши Чыукенттеги баарын элинде өскөн. Ошол элдеги мыкты комузчулар Ташыбек, Нурчектерден комуз үйрөнүп, ыр-жомокко жакын болгон. Кожожаш жомогун ыр менен үч күнгө чейин айтчу экен. Кийин үйлөнүп, балалуу-чакалуу болгондо Суулу-Маймакка көчүп келген.

Жумагул басса-турса комузун таштаган эмес. Эртеңмененки намазын окуп болгондон кийин, күүсү жанбаган комузун алып, улам бир күүнү термелеп чертип олтурат. Анын черткени Ташыбек менен Нурчектин, Токтогул менен Ниязалынын жана элдин эски күүлөрү болчу.

Атасы Раймалыны Грозный кыштагындагы колхозчу жаштардын мектебине окууга берди. Анда ыр сабагынан окуткан Каранаев деген татар мугалиминин таасири өзгөчө болду. Ал өзү гитара, балалайка, мандолин чертчү. Скрипка тартчу. Балдарды да мына ошол музыкалык аспаптарда ойноого үйрөттү. Интернатта жаткан өңчөй жаш өспүрүмдөр ар кимиси өз кудуретине жараша үйрөнүп, ыр-бий ийримине катышты.

Атасы кыз алып, үйгө келин келди деп туугандар, колу-коңшулар бапыр-шапыр болуп жатканда кичинекей үкөсү Калмырзаны көтөрүп үйдөн качып чыккан Раймалы апасын эстеп буулугуп, эки бир тууган бирин-бири соорото албай ыйлап сыкташты. Атасынын жаңы алганы — Бөлтай деген казак кызы мээримдүү жан экен. Калмырзаны бооруна кысып, ал ыйласа кошо ыйлап, сооронсо кошо сооронуп, жонуна көтөрүп жүрдү.

Ошол жылы Грозныйдагы колхозчу жаштар мектеби жабылып ал Көк-Дөбө айылына которулду. Ошол жакта бир жек-жааттын колунда окуп жүргөндө атасы камалды. Анан кышында кийим-кечеси жок жүдөп, окуудан ка-

лып калган Раймалы айылын көздөй жөө келатып, Кызыл-Адырдын жонунан бир тууган таяжесин көрүп алып экөө муңдашып турганда оюна кайдан-жайдан ыр куюлду:

Апам жок, атам түрмөдө,
Азап күн түшөр күн беле?
Аппештеп багып экөөбү,
Ардагым деп сүйдү эле.

Ажалы жетип апакем,
А дүйнө салып ал кеткен.
Ойдогудай кийим жок,
Окубай калдым мектептен.

Таяжеси ыйлап-сыктап, эптеп сооротту.

Апасы Бөлтай Калмырзаны ээрчитип, тамекиде иштеп жүрөт. Раймалыга ылайыктуу иш табылбайт. Ошо кезде Маймак станциясында иштеп жүргөн Кыйрабай Мырзыраимов деген айылдашы жолугуп калып, анын ал абалын сурап, билгенден кийин «Сенин атаңдын жакшылыгын көрдүм эле, мен да сага колумдан келген жардамымды аябаймын. Мени менен Маймакка жүр. Темир жолго иштейсиң!» деп ээрчитип алып, Раймалы бир убакыт Маймак станциясында стрелочник болуп иштеп калат. Андан кийин Раймалы эжесиникинен чыгып, Момункул таякесиникине келет. Ал да «Элге жөнө. Бул жерде жүрүүгө жаштык кыласың» деп өзүнүн комузун берип, ошерде той берип жаткан үйгө ээрчитип барды. Көрсө ал, жээним ырдаса бирдеме өндүрүп алар, эч болбосо жол кире болор деп ойлогон экен. Раймалы билгенче ырдап, курсагын тойгозуп, эртең менен кайра жол тартты.

Кара Өзөк деген жердеги капал элине келгенде сураштырып, кыргыздар жашарын билди. Момункул таякеси айткан Осмонбектикин таап алды. Карыянын кабагы салыңкы. Бышыкчылыкка чейин кыйнала турганын айтып кейийт.

— Кара Өзөктүн бакасы көп болот экен, — деди карыя. Илгери казактын билермандары «бул саздын бакасын



бакылдатпагыла!» деп бир айыл элди ушул жерге көчүрүп келиптир. Эми буларды «бакачы капал» дешет. Баканын чурулдаганын анан көрүп аласың. Сен айылда ырдап жүрчү элең. Бизде комуз жок. Домбура черте аласыңбы?

— Домбура болсо да, гитара болсо да чертем, кыяк тартам, мандолин чертем, — деди Раймалы.

— Оо, анда биз бир топ көтөрүлүп калат экенбиз. Бул жердеги казактар шайыр келет. Бизди ырда деп кыйнашат. Билбейбиз десек басынтышат, — деди Осмонбек муңайып, — айылды да сагындык, жолдош-жоролорду да сагындык...

Осмонбектин уулу Кочкоралы домбура, мандолин таап келди. Кечинде айылдын жаштары көк сазга чогулуп, оюншоок башталды. Казактарга кыргыздардын, кыргыздарга казактардын ырлары таңсык. Эки эл биринин өнөрүн бири аңыз кылып, жүрөгүн төшөп угат эмеспи. Ар кимден домбура, мандолин, кыяк сурап жүргөндө Кочкоралы Раймалынын өнөрүн көтөрө чалып мактагандanбы, же кыргыз ырына кумары артылганданбы айтор, айылдын кыз-келиндери, боз уландары бүт чогулган сыяктанат.

Раймалы чоочун айылдын жаштарынан чочуркап сүрдөп турду. Ага Кочкоралы боло турган эмес. Улам капталга түрткүлөп, кулакка эңкейип шыбырап коет.

— Баягы, айылда ырдагандай эле ырдай бер. Сенин обонундай обон жок биерде.

Чекеси нымшып, кысылып турган Раймалы ортого отуруп, анча-мынча сөз ыргытышып, келин-кыздар менен чымчылашып алгандан кийин үйүр алып, денеси көнүп, кадимкидей жазыла түштү. Шынаарлашкан кыз-келиндердин шыбырашкан сөздөрү, шыңгыр күлкүлөрү, жалжал караган оттуу көздөрү анын делебесин козгоп, эргитип жиберди. Ал өз айылы Суулу-Маймакты, жайкы салкын айлуу түндөрдү, өзүнөн улуу ырчы агалары Абдыракман, Жээналы, Дүйшөналыларды эстеди. Бул үчөө тең комуз чертип, кечинде жаштар чогулган жерде:

Короого салган кулптайсың,
Кожолор кийген сурптайсың.
Короодо басып мен жүрсөм,
Козголбой кантип уктайсың.

Эшикке салган кулптайсың,
Эшендер кийген сурптайсың.
Эшикте басып мен жүрсөм,
Эстебей кантип уктайсың.

деп жарышып, уккулуктуу ырдашар эле. Раймалы аларды ээрчип жүрүп комуз чертип, ыр үйрөнгөн. Ал кезде «Ак Зыйнат» элге кеңири тарап, обону жамы журтка жаккан болучу. Ошол 30-жылдардын башында айылдык үч ырчы жигитти ээрчип, жарамазан айтып, кыз оюн жана башка таң-тамашаларды көрүп, элдик ыр, обондорго канган.

Эми мына Капалдын көк сазында, айлуу түндө өңчөй кыргыз казак кыз-келиндери, боз уландары бу ормойгон уландын кандай өнөрү бар экен дешип андан көздөрүн албай олтурушат.

Раймалы домбураны комузга үндөштүрүп бурап алып «Ак Зыйнатты» баштады:

Ак Зыйнат,
ак чыбык кестим кырчындан,
Аңдып бир жүрдүм сыртындан.
Аңдып жүрүп кур калдым,
Ак-Сайдан көчкөн журтундан...

Жаштар момурап, бир тегиз башталып, улам мукамы артылган, кайруулары назик, жагымдуу обонго туткунда-ла түштү. Раймалы барган сайын кубанып, чечиле баштады. Бир ыры бүтөрү менен экинчисин баштап, чекесинен мончоктогон терин сол колу менен шыпырып таштап, таңшып кирди.

Оо, бир оокумда кең этегин шуудуратып, жанына сулуу жаш кыз ээрчиткен өңдүү нооча келин Раймалынын жаны-на басып келди.

— Чырагым, обонуң да, ырың да адеми экен. Көп жа-



ша! Эми, өз айылыбыз эмеспи, казакта «айылдын алты оозу» дегени болот. Ошону айталы. Бир аз дем алып алыңыз, — деп найын сүйлөдү.

Бул сөз жаштарга жагып, дуулдап кетишти. Жеңеси менен кайын сиңдиси бурала басып, «Ай, Даригай!» деген обонго салып айлуу түнгө жарашкан назик үн менен созушту:

Мандолин, домбураны тарткан жигит,
Айлыма туш болдуңуз кайдан жүрүп.
Өлөңүн, обонуң да таза экен,
Өнөрдү үйрөнгөнсүң кайдан жүрүп.

Өлөңүң табир чыгат кайгы аралаш,
Отурсуң ушу жерде кимди сүйүп?
Домбураң, мандолиниң сайрап жатыр,
Жүрөгүм кагып жатыр жанып-күйүп.

Ырларың, кыялың бар жанга жаккан,
Апкелген бул турмушка кандай күйүт.
Кууланып жүрөсүңбү эл аралап,
Мусапыр кийе турган кийим кийип.

Кандайча күндө жүрсүң, ой карагым,
Турмуштун туманына башыңды ийип.
Жашыбыз он жаш экен өйдө-төмөн,
Болбосо алар элем өзүм сүйүп.

Келин менен кыздын ыры Раймалыга катуу таасир берди. Ал тигилер ырдап жатканда алардын обонун мандолинге салып олтурган. Эми ошол обон, ыргакка салып келинге жооп берүү керек. Олтургандар кыз-келиндин ырын дуулдай колдошуп, эми кыргыз уланы эмне деп жооп берер экен деп күтүп калышты.

«Эрегиште эр өлөт» дегендей намыска такалган Раймалынын көкүрөгү кеңейип, жүрөгү алып учуп, эми эле жылуу ырай менен жакын келип жагымдуу жыты буркурап турган кыз менен жеңесинин деми аны чыйралтып койду.

Раймалы мандолиндин кылын терип, «Ай, Даригайды» бир кайталап чертти да, анан жай созолонтту:

Абалым жашырбайын өзүңүздөн,
Карасаң бул абалда кезигишкен.
Мен болсо жетим бала, таалай издейм,
Жаш шамдар жанып турат көзүңүздөн.

Апабыз үч жыл болду өлүп калган,
Иним бар алты жашта калбайт жандан.
Атамды эл душманы экенсиң деп,
Душманы жалаа жаап камап салган.

Турмушум, мен түшүнттүм, өзүң билдиң,
Боор ооруп мага турдуң, мен да билдим.
Бир түндө ойноп-күлүп таң атырдык,
Жетимди жергеңизде эстей жүргүн.

Бул күндөр өтүп кетер эл оңолуп,
Болсун дейм көрүшкөнчө эсен-соолук.
Айлыңдан бир кызыңды ала качсам,
Каларсыз ал убакта жеңе болуп.

деп Раймалы аягын тамашага чаптырып, жылмайып койду.

Жеңеси менен кайын сиңдиси кайра жооп беришти, ырынын соңунда:

Ыракмат, бали сизге, болдуң эрмек,
Айлыңа кыздар барбайт, сизден келмек.
Элесиң, ырың калды биздин элде,
Суранам күүлөрүңдөн чертип бер деп.

Келин жылмая күлүп, көйнөгүнүн этегин булактатып, Раймалынын жанына келип колун сунду.

— Ал энди, чырагым, кеч болуп калды. Үй-үйгө тарайлы.

— Дагы бир аз кое турсак кантет, — деди кайын сиңдиси.

Шолпан кайын сиңдисин бир карап, Раймалыны бир карап:

— Кайтарда бир-эки күү чертип кой, Раймалы! — деди.

— Али эрте. Дагы ыр ырдап, күү угабыз — дешип жаштар оюнду уланта беришти.



Раймалы эл арасында кеңири чертилип, ырдалып жүргөн «Селкинчек» күүсүн чертип, ырдап берди.

— Ой-бай, керемет күү го бу. Биз да ушул жерге селкинчек, алты бакан курсак болмок экен дешип казак кызкелиндери, боз улан-жигиттери ыраазы болушту. Ыр менен күүгө, тамаша оюнга карк болгон жаштар үйлөрүнө кеч тараштı. Оюн-шоок бүтүп, таңкы салкын чыйрыктырган кезде бакалардын чардаганы угулуп, алар биринен-бири өтүп, уйкудагы айылды терметип, оюндун шаңы али тарай элек дененин кызуусу акырындап суүй баштады...

Раймалы айылга кайрылып келип, Сапрыкин деген агрономго жолугуп калды. Ал мурда колхозго келип, Раймалылардын үйүнөн чай ичип кетип жүрчү. Кыргызча жакшы сүйлөй албаса да өз оюн түшүндүрө алуучу.

— Сен Үметалы баласы? — деди ал Раймалыны.

— Ооба! — деп, баш ийкеди Раймалы.

— Сен кайда барады?

Раймалы тоо тарапты көрсөттү.

— Мен сага иш береди!

Раймалы сүйүнүп кетти.

— Иш болсо иштейм.

Сапрыкин велосипединде илинип жүргөн баштыгынан кагаз алып, бирдемелерди жазды.

— МТС билесин? Водянов билесин? Ушу кагаз ага берсе керек.

Раймалы анын жазып берген кагазын алып, МТСтин директору Водяновго кирди. Ал бухгалтерин чакырып алып, Раймалыны эсеп-кысапка жөндөмүн байкашып, апан ага МТСтин трактор бригадасынын эсепчиси деген буйрук жазылды. Ал бригаданы Материнский жетектеп, алар «III Интернационал», Сталин атындагы колхоздорду тейлөөчү.

Момбек орто бойлуу, эки бетинен кызылы тамган, көп сүйлөбөгөн киши. Жолдо май апкелүүгө арабада баратып, Раймалынын жөн жайын сурады. Ал башынан өткөргөн окуяларын жобурап айтып берди.

— Жаш болсоң да башыңдан көп нерсе өткөн экен, — деп үшкүрүп койду Момбек.

Алар бир топ жерге чейин үндөшпөй, анда-санда бышкырып, желип-жорткон аттардын көзгө көнө түшкөн жүрүштөрүнө ыраазы болуп келе беришти. Анан Раймалы чачын тал-тал кылып өргөн кыздын жылмайганын эстеп алып, үйдө андан башка жан көрүнбөгөндүгүнө таң калып, муну Момбектен сурагысы келди.

— Моке! — деди Раймалы саал мукактанып, — үйдө кызыңыз экөөңүз эле турасызбы? Чай ичилип болгуча башка эч ким кирип-чыкпады го?

— Ээ балам, — деп оор күрсүндү Момбек, — кызымдын апасы каза болуп калган. Ылайыктуу бүлө табылган жок. Кызга карамдуу боорукери табылса деген ниетим бар. Табылабы, табылбайбы ким билет. Айтор азырынча карагалай кызымды караан тутуп жүрөм. Мен кечиксем кызым жолумду карап отурат.

Раймалы эгин орогунда эки колхоздун ортолугунда жүрүп, эгин- тегинди тегиз жыйнашып, айыл жаштары менен ымаласы түзүк болду. Өзү менен Грозный кыштагындагы колхозчу-жаштар мектебинде бирге окуган Күчүкбай, Умар, Жаныбектер менен бирге жүргөнү да ага чоң кубат берди.

Эсепчилик иште эки-үч жыл иштеп, тракторчу, комбайнчылар менен ата-бала болуп калган Раймалыны бир күнү МТСтин парторгу Дядюченко чакыртты:

— Сен жашсың. Минтип жүрө бергениң болбойт, — деди ал Раймалыны баштан аяк карап. — Окуп, бир адистик алышың керек.

— Алыс жактан окууга шартым жок, — деп башын шылкыйтты Раймалы.

— Алыс барбайсың. Таласка агроном, ветеринардык фельдшер, зоотехник боюнча бир жылдык окуу ачылды. Мына ошого барасың.

Раймалы 1941-жылдын январынан баштап, айылдаштары Абдыкерим Абдылдаев, Абийир Чоткараев үчөө Талас-



тан окуп калышты. Абдыкерим — агроном, Абийир — зоотехник, Раймалы — ветфельдшер болобуз дешип сүйүнүп жүрүшөт.

Таластын баш-аягынан чогулган жүз элүүдөй өңчөй жаш улан-кыздардын арасында өнөрлүүлөрү көп болгондуктан ыр-хор ийримин уюштурушуп, оюн кое башташты.

Апрель айынын күнөстүү күндөрүнүн биринде Талас шаарында Кыргыз филармониясынын артисттеринин оюну коюларын кабарлаган афишалар илинип, жаштар дүрбөп калышты.

Карамолдо Орозов, Ыбырай Туманов, Чалагыз Иманкуловдор комуз чертип, Саякбай Каралаев күпүлдөтүп «Манас» айтып, Муса Баетов кыягы менен булбулдай таңшып, Ысмайыл Борончиев төгүп ырдап элдин черин жазды.

Окуу жайдын директору Алаңкөзовдун үйүндө Ысмайыл Борончиев менен Муса Баетов дем алып жатышкан. Директор аларга балдарды тааныштырды.

— Бул үчөө тең бир айылдан. Абдан жакшы окушат. Өнөрлөрү да бар. Угуп көргүлө — деди Алаңкөзов.

— Бали, бизге жарактуу балдардан экенсиң, — деп сүйүндү Муса, — кечинде биз менен кошо концертте бол. Андан кийин өзүбүздүн аксакалдарга тааныштырабыз.

Ал күнү концерттен кийин артисттерди Талас райондук аткаруу комитетинин төрагасы Эргеш Алиев коноктоду. Артисттердин ар кимиси кезектешип өнөр көрсөтүп, көңүлдүү отурушту. Раймалы чай куюп, чеберлердин ыр, күүлөрүнө моокуму канды.

Бир оокумда Муса төрдө отруган Карамолдо, Саякбай, Ыбырай аксакалдарга кайрылды:

— Бул баланын өнөрүн сынап бергиле. Ысмайыл экөөбүз кече ырдатып көрдүк. Биздин катарыбызга кошуп алсак болчудай.

Раймалы Жумагул атасынан үйрөнгөн эски күүлөрдү чертип, анан көкүрөгүн басып алгандан кийин Атайдын «Эсимде», Абдыластын «Кызыл жоолукчан» деген ырла-

Анан кыяк менен Мусанын «Даанышман», «Алма алам» деген ырларын ырдады.

Аксакалдар мурдагыдан бетер кубанып калышты.

— Фрунзеге кел. Муса агаң өзү шакирт кылып алат, — дешти аксакалдар. Муса Баетов Раймалынын далысынан таптап, сүйгүнчүктүү тиктеди:

— Раймалы, иним жакшы үнүң бар экен. Бул өнөрүң биздин аксакалдарга да жакты. Муну мындан ары да такшалтып өстүрүү керек. Айылда жүрсөң муну жоготуп алууң да мүмкүн.

— Бизге кел, комузду да кол ойнотуп, так чертет экенсиң. Кыяк менен мандолинди безелентет экенсиң. Акындык чабытың да байкалат. Келбей койбо, — деди Ысмайыл Борончиев.

— Келсең мен сени өз колума алам, — деди Муса.

Раймалы макул болду.

Анын филармонияга бара турганы алыскы Суулу-Маймакка да угулуп калды. Ошондон көп убакыт өтпөй Жумагул жөө-жалаңдап Таласка жетти.

— Балдар жаш, оокат тартыш болсо, атаң жок болсо, биздин көргөн күнүбүз эмне болот? — деп Жумагул атасы катуу кыйылды.

Раймалы ары толгонуп, бери толгонуп улуу кишинин көңүлүн кыя албай, Мусага берген убадасынан тайып, Таласта калып калды...

Согуш баарын будуң-чаң кылды. Раймалы практикадан кайтып келсе, өзү менен окугандардын көбү аскерге чакырылып, майданга жөнөп кетиптир.

Раймалы согушка 1942-жылы февралда жөнөдү.

Март, апрель айларында жаш жоокерлер Саратов шаарында машыгышты. Ошол жерден Раймалы катуу оорup, аны Куйбышевдеги госпиталга алып келишти. Согуштун күчөп турган убагында госпиталь жарадарларга толду. Врачтарда күнү-түнү уйку жок. Бир аз чырм этип, үргүлөп алып кайрадан тикесинен тик турушат. Раймалыга тезинен операция жасады. Профессорлор Пичиневский,



Бироскин, врачтар Баранов жана Зинаида Васильевна, Евдокия Яковлевна, медсестра Шура анын эсинде түбөлүккө сакталып калды. Себеби, алар аны ажалдан алып калды. Бир жарым ай дарыланып, анан аны атайын комиссия карап, жоокердик кызматка жараксыз деп тапты.

— Айылга кантип барам. Эмне дейм? — деп шашып калды Раймалы. Мындан көрө эл катары согушка барганым жакшы эмеспи.

— Жок! — деди комиссиянын председатели, — сиз оор жумушка жарабайсыз. Жоокердик кызматка тандалган, дени карды соо, аткан октой азаматтар керек. Сиз туулган жериңизге кайтып, майданга өз алыңыздын жетишинче үлүш кошо бериңиз. Сөз бүттү.

1942-жылдын 17-июлунда Раймалы Маймакка келип түштү.

1943-жылы Момбек арабакечтин кызы Шакыйга баш кошту.

Бири-бирине жарашкан эки жардын өмүрү ыр, обонго жуурулушуп, эмгекке айкалышты.

Малчылар Раймалы менен Шакыйдын кошулуп ырдашканына аябай кумар. Өзгөчө кыяк тартылганда үндөрү укмуштай шайкеш келип турду.

Раймалы ырды биринчи баштайт:

Жайлоонун таңы атканда,
Жарашык берип жаш жаңга.
Берметтей тунук булактан,
Бетинди жууп атканда.

Бети нурданып, эки көзү балбылдап таалайга тунуп турган Шакый Раймалынын ырын иле жөнөйт:

Керилген тоону эңиштеп,
Келбедиң беле мени издеп.
Келиндер туюп калат деп,
Кетпедиң беле жер издеп.

Эки жардын алым-сабагы узакка созулат. Бул ырлардан бири-бирине болгон улуу сый, урмат, жумшак азил сезилет. Экөө жаштык курак, сүйүү, жаркын келечек жө-

нүндө ырдашат. Малчылар булардын ырын жыргап угушуп, кайра-кайра суранышат. Өздөрү да кызуу.ланып, жаш кезден көкүрөккө жат болгон үч-төрт сап ырын айтып, умсунуп олтуруп калышат.

1946-жылдын декабрь айында райондук жер бөлүмү Раймалыны Ленин атындагы колхозго, Шекер айылына которду. Анда ал балалуу болуп калган. Атын Кадыралы койгон. Шакый экөө жаңы жер, жаңы элге бат эле көнүп, аралышып кетишти.

Колхоздун төрагасы Сейит Эсеналиев кыштын күнү Раймалы менен жылкычы Керимбекти чакырды.

— Кыштын мойну узарып эле кетпесе, эки-үч айдын ичинде жаз чыгып калат, — деди төрага экөөнү тиктеп, — кыштоодогу аттарды жакага алып келип бакпасак, жазгы кош айдоодо отуруп калабыз. Жем, чөбүн күчтөп, эттендирип алсак, эгин-тегинди убагында сээп алабыз. Ошондуктан экөөң эртеңден калбай кыштоого жөнөгүлө да, аттардын баарын айдап келгиле.

Алар кыштоодон 62 ат айдап келишти. 10 айгыр, 62 ат. Аттар колхоздун төрт бригадасына бөлүнүп берилди. Ошол аттардын арасында жоор болгондору да бар эле. Аларды дарылай турган болушту. Сарайга чогулган он чакты киши улам бир атты кармап, Раймалы дарылай баштады. Бир ат карматпай, абдан убара кылды.

— Гүлсары аябай кексе, оңой менен карматпайт, — деди жылкычы Керимбек, — быйыл 14 асый болду.

Раймалы жылкычынын сөзүнө кызыгып калды.

— Муну эмне мынчалык жүдөтүшкөн? Ким минчү эле?

— Бул аябай кажырлуу, күчтүү мал. Көкбүрөгө да чабылат, арабага да салышат, чондор да жабышып минет. Ошенттип ар кимдин колунда жүрүп, көргөн күнү ушул, — деди Керимбек, — ушунча кордук көрсө кексе болбой кантсин, бечара.

— Малдын убалынан коркпогондор көп экен го, — деп кейиди Раймалы.

Аттын үстүнүн баары сары карт болуп, ириңдеп кеткен.



Көздөрү жашылданып, кишинин ар бир кыймылын байкап, жакындатпай буйт берет.

— Сарайдын бурчуна камайлы. Мен укурук салайын. Бу жаныбардын бир асылдыгы, башына жүгөн катылды, болду. Былк этип койбойт, — деди Керимбек.

Жылкычы айткандай укурук салып, араң кармашты. Анан башына жүгөн катып, сары картын сыйрып, Раймалы окшото дарылап салды. Күн ара келип, жаратына дары себет. Ошентип, сары карт болгон жоор аттын жараты эки айдын ичинде айыгып, жазында жүнү жылтылдап кулпуруп чыга келди.

Ошол күнү «Гүлсары аттын арманы» деп ыр жазды. Анан аны комуз менен малчыларга ырдап берди. Алар аны угушуп, «Туура жазгансың. Гүлсараттын көргөн кордугун эч ким көрбөсүн», — дешти.

Ошол, ошол болду. Ырдын даңкы айылдан-айылга тарап, Раймалы каерге барбасын «Гүлсарытты ырдап бер» деп суранышчу болду. Райкомдун секретарлары келсе да аны чакыртып алышып, ошол ырды угушат. Бара-бара «Гүлсары аттын арманы» деп аталбай «Гүлсарат» деп аталып кетти.

1948-жылы жайында Чыңгыз Төрөкул уулу Айтматов Жамбылдагы зооветтехникумдун акыркы курсунда окуп жүрүп, практикага өзү туулуп-өскөн айылына, Ленин атындагы колхозго келди. Анын аталаш агасы Керимбек Бийримкулов колхоздун бакандай жылкычысы болгону менен оокат тартыш убагы.

Чыңгызды эл анда «контрдын» баласы катары таанып, айрымдары гана сыртын салбаса, көпчүлүгү боор тартып, ал-абалын сурап, колунан келишинче жардам берүүгө даяр болуп туручу. Сынаакы карылар, көптү көргөн дыйкан, малчылар жаш жигиттин баскан-турганына, сүйлөгөн сөзүнө, элге, ишке болгон мамилесине байкатпай көз салып, «атасын тартабы, апасын тартабы?» дегендей өз ара шыбыр сөз таштaшып, кыйытып сүйлөшүп калышат. Жаш жигит мунун баарын элдин каш-кабагынан, кый-

мылынан, сөз оңутунан сезет да эч сыр бербей, эл сөзүн тыншайт.

Эки-үч күндөн бери кымыз жыйналып, казан-казан жаңы нан жабылып, эшиктеги чоң казанда куйруктуу кара койдун эти былк-былк кайнап жатат. Керимбек эки-үч чабан менен шериктешип, шеринеге эки колхоздун аттуу-баштууларын, коло-коңшуларын чакырган. Алар да өз кезегинде буларды ушинтип чакырмак.

Бул күнкү шеринеге ырчы, обончу Раймалы келет деген каңшаар уу-саздагыларды ого бетер дүрбөттү. Айтылган күнү чоң шашкеде Кичи Төө Карын, Чоң Төө Карын, Шабыр, Кулданбас, Шаң-Терек, Текеш, Аюу-Төрдөн берки малчылар чогулду. Үйгө батпагандар сыртка отуруп, керегени ачып коюшту.

Раймалы унчукпастан башын ийкеп, күлүп койду. Анан сүйөнүп турган комузун алып, бала кезде үйрөнүп, канына сиңип калган атасы Жумагул чертип жүргөн эски күүлөрдөн кайрып, кол ойнотуп чертип, өзүн-өзү күүлөп алды. Комуздун коңур, назик күүлөрү отурган элди терметип, тээ сайда күпүлдөп агып жаткан дайранын гана өктөм шары угулат.

Раймалы нымшып тердей түштү. Элдин назары оңой эмес. Ырчынын көңүлү да жаш баланыкындай эрке, назик келет. Бу отурган улуу-кичүү эл анын оозуна карап, үнүнө куштар болуп олтургандан кийин аянар жер барбы?!.

— Алыкем менен бир жатып, бир туруп жүрүп анын Токтогул менен учурашканын үйрөнүп келдим. Ошону айтып берейин, — деди Раймалы. Жеңин каруусуна чейин түрүп, чечилип сүйлөп ырдайт...

Чыңгыз булардын баарын жаны жыргап көрүп, угуп отурат. Бир убакта ага да ыр кесе сунулуп, боз улан кезекте Султанмураттар менен жаттаган ырын ырдап берип кутулду.

Шерине аяктады. Эл ордунан араң козголду. Раймалы терин шыпырып баятан бери алдында ичилбей мелт-калт болуп турган сыр кеседеги кымызды кош колдоп көтөрүп,



дем албастан жутту да мурутун жанып-жанып алды. Эми аган чарчаганын сезип, сыртка чыгып, суу жээктей баскысы келди.

1952-жылкы чилдеде Раймалы кыштоодогу малды көргөнү камынып калды. Шакыйдын ай-күнү жетип отурган. Ошондон уламбы, айтор Раймалыны жал-жал тиктеп, кыйла коштошту.

...Раймалы кайра келип, Шакыйын таппай калды.

Шакый төрөттөн каза болду. Раймалыга суук кабар өз убагында жеткен жок. Шакыйды жерге койгондон эки күндөн кийин керип, өкүрүп-өксүп, ичинен кан өттү. Анан ыйла-ыйлай, эси эңгиреп отуруп, бир аз эс алганда, алты жашар Кадыралы менен төрт жашар Анарканын ээрчитип, үчөө кар малташып, жаңы мүрзөнү табышты.

Бир кезекте шашпай жүргөн, узун бойлуу, кең далылуу Раймалы бул кезде алтымыштан ашып, пайгамбар жашынан өтүп, бирин-серин тиши түшүп, далысы бүкүрөйүңкү тартып карылыкка айласыз көнө баштаган убагы. Өз башына түшкөн кайгыны нардай көтөрүп, неберелерине каныmet кылат.

Раймалы согуш учурларында, андан кийинки кысталыш мезгилдерде эл арасында болуп, элдин муңун муңдашып, сырын сырдашты. Көп үй-бүлөлөр оор жоготууларга учурап, сыздап калышты. Ошондо да белдерин бекем буушуп, иштен калбай кажырлуу иштешти. Мындай убакта да ырчынын ар бир ыры, черткен комузу аларга кайрат-дем берди.

Дүйнөлүк адабияттын тарыхы аябагандай бай. Не бир чыгаан чыгармалар адамзаттын асыл казынасы болуп калды. Алардын адабий-каармандары биз менен аралашып жүргөндүгү турмушубузду ого бетер кызыктуу, мазмундуу кылат. Сервантестин Дон-кихоту, Шекспирдин Гамлети, Пушкиндин Евгений Онегини, Твардовскийдин Василий Теркини, Шолоховдун Мелехову, Аксиньясы, Давыдову, Соколову жана башка ондогон, жүздөгөн каармандар биз үчүн кызматын улантууда.

Ч. Айтматовдун дүйнөлүк масштабдагы зор талантынан жаралган каармандар Жамийла менен Данияр, Алтынай менен Дүйшөн, Танабай менен Эдигей, Раймалы менен Бегимайлар көп жылдардан бери окурмандардын көңүлүнө төп келип, жүрөктөрүнөн түнөк тапты.

Калың окурман турмуштагы кадимки Раймалынын демейкидей эмес, көркөм элесин көрүп, анын ажайыптыгына суктанат. Көркөм өнөр кадимки мезгилдин сүрөтүн мына ушинтип түбөлүккө жетердей торколоп тартат.

АЛИМБАЙ АБЖАПАРОВ

## ЧАБАН МЕНЕН МАЕК

Сөз учугун атасынан чубагым бар. Анткени эр азаматтын эмгегин баалаганда адегенде анын ата-тегин териштирмей салт бар эмеспи элбизде. Анын үстүнө «ата — балага сынчы» деген да кеп айтылат ко. Биздин каармандын нары нускалуу, нары сынчы атасы болгон. А киши азыр арабызда жок.

Ал адам жөнөкөй мээнеткеч инсандардай эле баласына какшанып насаат айта берчү эмес экен, тек гана өзүнүн эч жасалмасыз жүрүм-туруму, өңгөлөргө жасаган мамилеси, коом ишине күйүп-бышканы менен бала-чакасынын зээнине жеткире таасир этиптир, адал өмүр сүрүүнүн өрнөгүн көрсөтүптүр, чымырканып иштегенден качпаганга, кармаган жумуштун майын чыгара бүтүргөнгө үйрөтүптүр.

Атасынын жан тындырбай иштей берчү мээнеткеч адатын уулу Жаныш мындай деп эскерет:



— Атам куулук-шумдугу жок момун киши эле, бирок элдин иши дегенде ичкен ашын жерге таштай жүгүрчү. Ошондонбу, колхоздун ишенчиликтүү адамы, белдүү азаматы эле. Бизде кыйыктанбаган адамды колхоздун ишенчиликтүү кишиси дейбиз, азыр деле ошондой адамга кандай иш болсо, «ошол аткарат, тил алчаак» дешип, бир жолу жүктөп коюшат. Кийин ойлосом, менин атам ошондой экен колхозубузда...

Мен Жаныш абанын ушул айткандарын угуп, ылаажысыз айылыбыздагы эмгекчил адамдарды эсиме түшүрдүм. Айтса-айтпаса төгүнбү, биздин кыштакта деле кандай жумушка чексе, моюн толгобой «куп» деп кете берген, колуна алган ишин кабагым--кашым дебей бүтүргөн кишилер көп эмес беле.

— Мен эс тарткандан эсимде,— деди Жаныш аба андан ары сөзүн улап,— атамдын саргайган бүдөмүк сүрөтү түк алынбай колхозубуздун Ардак тактасында илинип турчу. Ошондогу жокчулукту кара, атам ал сүрөтүн кеп кылганда, «Тумаш башкарманын күрмөсүн, көйнөгүн кийип түшкөмүн» деп калар эле.

Ушул азыр, өйдө-төмөнгө түшүнүп калганымда, ошол учурду ойлосом кызык болуп кетем. Ал убак аябай элеваат жылдар экен. Раматылык атам тыным албай иштесе да, кийинерге акча таппаганына, тоюнуп-ичинбегенине таң калам. Атаганат, а кездеги колхозчулар кысыр эмгек күнгө эле ыраазы болуп иштей берген тура! Ошентип жүрүшүп ушул биздин жыргал турмушубузду курушкан экен.

Жаныш абанын айткандары туура эмеспи. Ушул көп жагынан жетиштүү жашообуз үчүн бүт өмүрүн арнап, эмгек эткен аталарыбызга биз милдеттүүбүз. Демек, алардын жаркын элесин дайыма эскере жүргөнүбүз парз.

Айлана аппак кар. Тоодон соккон муздак жел бүткөн бойду чыйрыктырат. Пржевальскиден Түпкө карай зымыраган машинада төгөрөккө көз чаптырып барам. Жолуксам деген адамымдын жөн-жайын областтык редакция кызматкерлеринен уккандан бери башымда ар кандай

ойлор, ар кандай суроолор тим эле уюлгуйт. «Канткенде ал адамдын оюндагысын таап, ачылып сырдаша алаар экем» деп коём ичимен улам-улам. «Победа» колхозунун борбору Михайловка деген кыштакка келсем, «Жаныштын короосу тиги чоң жолго жакын» деп, кол менен нускап көрсөтүштү.

Издеген жеримди таап барсам, Жаныш аба үйдө жок экен. Толугунан келген аял (а кишинин байбичеси го деп болжодум) сыртка чыгып, мага таңыркай карады да, анан менин келген максатымды билип:

— Үйгө кире туруңуз жана эле сакал-мурутун алып жүрөт эле, контор жакка барбаш керек эле, тиги уулунукуна кеткен окшойт. Азыр чакырып келишет,— деди да, арабага чөп жүктөп жатышкан үч жигитке кайрылды. — Силер көргөн жоксуңарбы?

— Тигилер «жок» дегендей баш чайкашты.

— Бириңер үйгө киши келди деп чакырып келгилечи,— деди берки эже.

Үйгө кирдим. Мурда чабандардын үйлөрүндө көп болгом. Ошондо жепирейген, каалга-терезелеринен шамал ойногон муздак үйлөрүнө кичине иренжий түшчү жаным, бу сапар үйгө ыраазы болуп, кубанып кеттим. Дасторкондо колхоздун көмөч наны, каймак. Мештен ысык тап келип, газда чай кайнап турат. Эки кап ун дубалда жөлөнүү турат.

Жаныш абанын жатындаш иниси Асылбек келинчеги менен үйдө чай ичип отурушкан экен. Алар бир чети төл учурунда агасынын абалын сурап, алардан кабар алганы, бир чети баласы сыркоолоп, ошону доктурга көрсөткөнү келишиптир. Биз Жаныш аба келгиче аны-муну сүйлөшүп, таанышып алдык. «Мен агама кесиптеш эле сыяктуумун, зоотехник болуп иштейм» деди ал. Усупжановдордун эң кенжеси ушу жигит экен. Ошон үчүн ата конушун ээлеп, айылы Токтоянда калыптыр.

Аңгыча Жаныш аба келип, мени, тууганы менен учурашты да, чайга көчүк басты. Андан-мындан кеп сала



отурдук. Ал адам менин келген мүдөөмө түшүнүп, качан адаттагы суроону берер экен деп күтөт. Мен болсом ал адамды терең түшүнүү максатында кайдагы башка сөздөр менен алагды кылам.

Жаныш аба турмушка канык, акылга дыйкан, сөзгө чебер экен. Дегеле саймедиреп, макал аралаштырып, учкул сөздөрдү көп колдонуп сүйлөйт экен. «Маселдетип айткан сөздөрүнүн айрымдарын эстеп калсам да, көбүн унутуп коём го»,— деп кыйпычыктадым. Кагаз, калем алып чыксам эле ал сүрдөп, сүйлөй албай калчудай же жалаң газет макаласындай жансыз тил менен сүйлөп кетчүдөй сезилди. Бир маалда чөнтөк дептерим менен калем сабымды астыртан алып чыгып, Жаныш абага байкатпай анын айрым ой-пикирлерин олуп-чолуп жаза баштадым. Мунуму а киши өзү деле байкап калды. Бирок ал буга көнүп калган экен, кебинен жаңылбай сүйлөп жатты. Бир кезде мындай деп сөзүн буздум:

— Мага кичинемде атам: «Аталар өз балдары кийин ким болот, кандай адам болот — ошондон бери билет» деп айтчу эле. Анын сыңары, сиз да атаңыздын ошондой баасын уктуңуз беле?

— Жок, өзүнөн укканым жок. Бирок айылыбыздагы Бейше деген абабыз кийин, атам каза болгондо, мындай деп калды: «Жаке, атаң көп сүйлөбөгөнү менен, иштин жайын билип, баарына көзү жетээр эле. Бир жолу мен ага: «Я Усуке, Усуке-е! — деп бакырдым, атаңдын кулагы катуурак эмес беле,— бу үч уулуң бар, кайсынысын кандай баалайсың?» — десем, ошондо атаң: «Жанышым эмгекчил, ошол эмгеги бааланса эле болду»— деген.

— Демек, атаңыз сизге баасын жашыруун берген экен да,— дедим мен.

— Ооба, бирок атам менин ал эмгегимдин үзүрүн көрбөй бул дүйнөдөн эртерээк өтүп кетти, азыр ойлосом, жаш кетиптир, алтымыш үч курагында 1973-жылы.

Акыйкатта да Усупжан аксакал жаш кеткен экен. Аман болсо, азыр ал балпайган ак сакал болуп, балдарынын

кашында турбайт беле, Жанышынын «Волгасын» минип жүрбөйт беле! Анан дагы уулу Жанышынын атагы алыска чыгып, эки жолу Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болгонун көрбөйт беле! Ал эми республикабыздын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты болгонучу!..

— Атамдын мага жан тартканынын да себеби бар,— деп сөзүн улады Жаныш аба. — Мен кичине кезимен тартып эле атам колхоздан коюн бакчу. Мен болсом мектептен келгенден мал артына түшчүмүн. Кичине кечигип, сабакта же башка жакта кармалып калсам, койлор өрүп кеткенсип, ичим уйгу-туйгу түшүп, бушайман боло берчүмүн. Көрсө, ошондо эле малчылыкка шыгым ооп жүргөн экен.

Маегибиз улансын деп мен ар кандай кесипке байланыштуу кеп-сөздөн козгодум. Сөз учугу анын кесибине келгенде, кичине ойлоно түшүп, мындай деди:

— Ар бир кесиптин өз алдынча жөн-жайы, бири бирине окшобогон мүнөзү болот эмеспи. Мен кээде ойлоп отуруп, өз кесибимди мандайыма жазылган тагдырым окшойт дегендей бүтүмгө келем. Анткени мен башкаларга окшоп кезинде кесип тандаган эмесмин. Тек гана балачактагы ишимди, мындайча айтканда, эс тарткандан жасап жүргөн көнүмүш жумушумду уладым. Анан калса, ал кезде, кеңешин берчү бир жан болгон эмес мага. Кыскасы, кандай кесип тандайм деп далбасалаганым жок.

— Ал эми уулуңузчу? Ал туура тандадыбы кесибин?

— Менимче, туура эле болуш керек. Канткен менен жашынан көнүп албадыбы бул ишке.

— Ошентсе да, сиздин баамыңызда, андан чыгаан чабан чыгабы?

— Алды болбосо да, орто болору анык.

— Эмне үчүн? Алгачкы эле төлү жүз жыйырма үчтөн айланып жатыптыр. Анын үстүнө, жаманбы-жакшыбы сиздин тарбияңызды алган да.

— Чыгаан болуш үчүн караган малын жөн эле бор-



доп бакпай, өз жанындай жакшы көрүп, берилип багыш керек, аяш керек. Самак, чынын айтсам, ушу жагынан өксүп жүрөт. Мен анын жашында атты аяп минбей, кой артынан жөө жүрчүмүн. Минсем, ал атка оор болот ко деп. Ал эми Самак болсо ат мингенге, улак тартканга өтө эле өч. Минткен адам кантип малды аясын! Чын, төлү жаман эмес, ал тургай тажрыйбалуу айрым чабандар да мындай төл ала бербейт. Мүмкүн, ушул ийгилигинен улам малга мамилесин оңоп кетер...

— Ушунча ачылып сүйлөшүп калдык, эгер сизден чабандардын кесиптик купуя сырын сурасам, айтасызбы?

— Ал кандай купуя сыр? — деп күлүмсүрөй карады койчу.

— Кимдин көрсөткүчү жогору болсо, «а анын алтымыш-жетимиш менчик кою бар, ошонун эсебинен да» деген өңдүү имиштерди угуп калабыз, ушу чынбы?

Жаныш аба бир топко мыйыгынан күлгөн бойдон ойлонуп турду. Калыбы айта турган сөзүн таразалап, көңүлүнөн өткөрүп жатты көрүнөт, бир кезде башын чайкап, мындай деди:

— Элден эч нерсе жашыра албайсың, канчалык жаап-жашырба, баары бир билинип калат. Менчик кой болбой койбойт, болот, бирок «алтымыш-жетимиш» эмес, азыраак. Мен адеп кой бага баштаганымда, короомдо кой турсун, жетим улагым да жок болчу. Ошондо деле көрсөткүчүм жаман эмес эле. Бара-бара куралып отуруп, азыр көп эмес, өлбөгүдөй коюм бар. Мына, быйылкы төл жүзүнөн жүз жетимиштен айланды. Эми ушул алынган козуларды чыгашага учуратпай бөлүп берсем болду. Бирок мал болгон соң чыгаша болбой койбойт, мына ошонун ордун толуктаашым керек. Анын үстүнө бир короо кой текши кууттан чыкпайт, арасында ала-телеги калып, бала салганы да кезигет.

— Орто эсеп менен жылына канча кой кысыр калат?

— Ар кандай. Кээде отуз-кырк, кээде он беш-жыйырма.

— Мунун себеби эмнеде?

— Ошого акылым жетпейт, койлордун баары эле тоодон семиз, дурус эле келгендей көрүнөт, баары эле бирдей кууттан чыккансыйт, бирок, эмнегедир бир тобу кысыр калат. Ким билет, айрым койлор куут учурунда күүсүндө болбой калабы? Азырынча бул кысыр калгандардын себебин билген киши жок. Бул өзү — табияттын иши экен. Бирок биз муну таназар албайбыз, төлдүн жыйынтыгында алынган козуларды кысыр калганын да, бала салганын да эсепке албай туруп жалпыга бөлөбүз. Же «баланчанын короосунан мынча кой кысыр калган эле, андан сырткары мынча кой тууп, мынча козу алынды» деп уккаnыңар барбы?

— Демек, менчик койдун пайдасы бар экен да.

— Бар. Менчик коюң болсо, коркпой багасың. Кор болбойсуң...

— Айтыңызчы, чабандардын баары эле бирдей эмгек этип, бирдей карагансыйт. Бирок эмнегедир жыйынтыктар башка.

— Бул ар кимдин ишине жараша. Силерге ошондой, баары бирдей иштегендей сезилиши мүмкүн. Бирок иш жүзүнө келгенде андай эмес. Азыр, өзүңөр билесиңер, тоонун оту азайып, чөптүн көбү жоголуп баратат. Жайлоонун чаңы чыгып тозуп кетти, берекеси кайтты. Ошон үчүн жайкысын тоонун зоонун башына чыгып, оттуу жерлерди иликтеп багып келебиз. Көбү мына ушундан зеригип, жайлоого чыкканда койлорун жөн эле айдап коюшат. Ал жарабайт. Кой бийик тоонун чөбүн канчалык көп жесе, ошончулук дени соо болот, дарты жоголот. Анткени тоо чөбүнүн дарылыгы күчтүү. Бирок, атаганат, ал чөптүн көбү жоголуп баратпайбы!

— Жакшы көрсөткүч жайлообуздун акыбалына жараша турбайбы?

— Так ошондой! Жайлоо канчалык оттуу болсо малга ошончолук жакшы. Азыр айтпадымбы тоонун чөбү дары чөп деп, аны жеген малдын дени соо болот деп. Бирок бизидн жайлоолордун кунары жылдан жылга кетип баратат. Мен кийинки жылдары айдаган малымды эмес, ушул жайлообуздун келечек тагдырын көп ойлочу болдум.

— Мына, сиз алдыңкы чабандардын бири экенсиз. Сиз кайсы убакты иштин ийгилиги үчүн жооптуу мезгил деп эсептейсиз?

— Жылдын төрт мезгилин тең эле бирдей. Силер биздин иштин төл учурунда эле байкап жүрөсүңөр. Керек болсо, эң негизги иш ага чейин эле бүткөн. Ырас, төл учуру өтө түйшүктүү, адамдын шаштысын кетирет, бирок буга чейин эмнени иштесең, ошонун үзүрүн көрөсүң. Мен башкаларга окшоп ондоп сакмалчы албайм. Алар чөп, жемди талашып, бири караса, бири карабай жалпы иш ке, түбү келип менин ишиме кедерги болушат. Ошон үчүн келишим менен эки гана сакмалчы алгам. Бул бир чети аларга да, бир чети мага да жакшы экен. Чыгынып, баарына чыдап эки ай иштесе, орто эсеп менен ар бири миң сомдун тегерегинде акча, үстүнө бирден козу алат. Анткен менен... ошончолук жумушу да оор. Ар бири эки күндөн түнкүсүн дежур этип, козуларды көп уктатпай, улам ойготуп турушу керек. А мен ансыз деле түнкү төрттө туруп, козуларды жамыратам.

— Бул сакмалчылар эмне жумуш аткарышат?

— Мен эмне десем, кыскасы, бу жердеги жумуштун баарын жасашат. Алар башка короодогу сакмалчыларга окшоп чыгым болгонуна жооп беришпейт. Кандай чыгаша болсо, анын баарын өзүм көтөрөм. Мага булар чын дилинен иштеп беришсе эле болду.

— Апан кандай, ишенимиңизди актай алыштыбы?

— Алгач чыдабай-чыдабай барып, анан көнүп кетишти.

— Сиз башкалардай рекорддук көрсөткүчтү койбопсуз, же айрымдарга окшоп төмөндөп да кетпепсиз. Өткөн беш жылдыкта алган төлүнүз жүз алтымыш бештен токтоптур.

— Ооба, мен көрсөткүчтүн артынан кууганым жок, тек гана күнүмдүк ишимден канимет алып иштедим, ашыкча

төл алам дегенге азгыралбадым. Ошентсе да төлдүн эң алды жүз сексен алтыга жетти.

— Эгер анын сыры эмнеде деп сурасам, кантип түшүндүрөр элеңиз?

— Менимче, козу кезинен баштап бакканым болсо керек. «Кой баккан күлүк таптагандай» эле кеп. Ошондо мен ар күн сайын жасаган ишиме эргип, кызыгып баккамын. Биринчи жылы жүз тубар койдон 106, анан 136, 160, 180, 186, карып калганда, 170, акыркы жылы 171 козу алдым. Ошентип, оң төрт жылдан бери төл канча жабылса, ошончодон бөлүп келем козуларды.

— Анда, эмнеге козу бакпайсыз?

— Берсе, багат элем. Бирок мага козу бактырбайт,— деп сөзүн кескин айтты. — Чарба үчүн эмне керек?

— Чарбагабы? Менимче, жакшы төл, көрсөткүч.

— Во! — деп сөөмөйүн жогору силкип, сөзүн кубаттап койду. — Аларга төл керек! Эгер мен жаш козу алсам, анда төлдү ким берет?!

— Башкаларчы?!.

— Кептин баары мына ушунда. Эгер алар жакшы төл берсе, мен минтип бирди же экини тууган койлорду алат белем?

— Анда өз тажрыйбаңызды бөлүшүп, аларга үйрөтө турган экенсиз.

— Хе,— деп күлүп койду. — Аларды кел деп да келтире албайсың...

Чынында көп чабандар алдыңкылардан үлгү алганды намыз көрүшөт. Аларга чыгаан койчуларга чарба жетекчилеринин «эрке баласы» деп карашып, күнүлөшөт. Бирок биз ушул эле Жаныш абанын короосунда болгонубузда, андан эч деле өзгөчө шартты, чарба жетекчилери тарабынан көрүлгөн ашыкча камкордукту көрө албадык. Ошол эле бардыгына бип-бирдей, бөлүнгөн тоют, жем, ошол эле окшош короо-сарай, ошол бардыгына берилген эмеректер. Бирок бу короодо койлордун алдыларына саман төшөлүп кургак, таза. Койлор өзүнчө, козулар өзүнчө элүү-алтымыштан бөлүнүп, клеткаларда камалып турат. Сарай ичи кургакталып, желдеп турат.



— Койлорду минтип эмнеге бөлүп койгонсуз?

— Антпесем, кантип тойгузам козуларды. Тиги клеткадагысы,— деп сарайга кире беришиндегисин көрсөттү,— эгиз туугандары. Алгач ошолорду жамыратып, тойгуза албаганын тиги жалкыларга телийм.

Козулар маарап, бөлөк-бөлөк клеткаларда оюн салып жүрүшөт. Кээлери аштоолорго тумшук тийгизип, жемчөптү жыттагандай, даам таткандай болот. Ичимен Жаныш абанын ишине ыраазы боло: «Иштесе, мына ушундай иштесин!» дейм.

— Мына, тирилип калышты,— дейт ал оюн салган козуларга маашыркана карап. — Эми жем-чөпкө кирип алса — болду, калганына моюн бербейт. Козулар жем жегиче эле, жем таткандан кийин — өлбөйт.

— Демек, кантсе да төл учуру оор учур экен да?

— Ооба, аны эжеңден сурасаң да болот, — деп жубайы Орунбүбү эжени көрсөттү. — Бул козулардын баары ушул эжеңин колунан өткөн. Бул жагына келгенде, андан өткөн мастер жок. Туулгандан торолгуча ошонун колунда. Жадагалса, уузун эмизип, телчиткен да ошол.

— Кийинки жылдары койду ит менен кайтарып жүрүшөт. Сиз буга кандай дейсиз?

— Антип баккан мал да мал болобу?! Ары-бери үркүтүп, жүрөгүнүн үшүн алып... мен буга каршымын! Элеңдеп үркүп жүрүп... жок, мен буга каршымын,— деди ал кайра-кайра.

— Сиз өз ишиңизден эмнени сезип, эмнени көрөсүз?

— Кызык суроо экен,— деп кичине ойлоно түштү. — Мен өз ишимден калкка келтирген пайдамды сезем. Мына, өзүңөр кийип жүргөн кийимдер ошол биздин койдун жүнү. Ал эми дүкөндөрдөн алган этчи? Ушулардын баары ошо биздин иштин үзүрү.

Жөн эле бир мисал келтирейин. Биздин чарба кара-

магындагы жыйырма сегиз тубар короону кышкы төлгө койгон. Көрсө, мындан алынган киреше арзанга түшөт экен. Эрте туулган козулар күзгө жетип, этке төгүлөт, жүнү кыркылат. Эти жогорку сортто бааланып, орто эсеп менен чарба ар бир козудан 70-80 сомдон таза киреше алат. Мен өз ишимден мына ушундай өлкөбүз көтөрүп чыккан азык-түлүк программасынын чечилишин, турмушка ашып жатышын көрөм.

Биздин аңгеме түш ооп барып сээлдеди. Суроолорум азайган сайын кесипке байланышпаган башка сөздөрдөн чубайм. Ошентип барып сөзүбүз токтоду. Жолдо келатып, аны менен сүйлөшкөн маегимди кайра баштан эстейм. Кар жамынган кырка тоолорго карап, жайыт маселесин ойлойм. Чын эле, эмне үчүн жайлоону кезектетип эс алдырбайт? Эмне үчүн жоголуп бараткан чөптөрдү тукум куруттан сактоо амалы изделбей жатат? Акыры бул биздин, жалпы жумурай журтубуздун байлыгы го? Эмне үчүн жоголуп, уругу куруп бараткан чөптөрдү «Кызыл китепке» жазып эле тим болбостон, аларды сактап калууга шарттар түзүлбөй келет! Ошо чөптөр өскөн жерлерди малга тепсетпей эс алдырсак кана! Чынында Жаныш абанын айтканында кадыресе жүйөө бар. Жыл өткөн сайын жайлообуздун ыраңы өчүп, тозуп барат. Чөптөрдүн тамырлары, кырчылып, жердин чаңы чыгып барат... Акыры мунун жоопкерчилигин алып, ар жак, бер жагын эсептеп, коом алдына коё турган бирөө чыгар бекен? Канткен менен мунун өзү да жерибиздин, жаратылышыбыздан экология маселеси го! Ошон үчүн муну биз эле жалгыз айтып жазганыбыз жетишсиз. Ал үчүн буга окумуштуулар да, экономисттер да, жетекчилер да тартылышы керек!

Көрсө, биз чабандардын албан иштерин, жараткан ийгиликтерин жазып, алар ойлогон бул маселелерди, көп ойлонбойт экенбиз. Анан калса, тиги менчик койдун эле тегерегинде канча көмүскө сырлар жатат. Мүмкүн, мына ушунун айынан статистика азыр койлор шартка жараша канчадан төл берерин тактай албай жүргөндүр? Мына ушуларды ойлоп келатып, жолумдун арбыганын да билбей калыпмын.

Ана-мына деп жүрүп, арадан бир топ убакыт өтүп кетти. Козулар торолуп, сакмалчылардын иши тамам болду. Жаныш аба жубайы менен баягы көнүмүш ишинин артында. Мен анын короосун элестетип, өткөн учурду эсиме салам. Ал тургай, кийин республикалык комсомолдун XXII съездинде отуруп, анда сүйлөгөн жаштардын тартынбаган, өткүр элестеринен улам: «Тиги Жаныш аба да ушундай жалындаган дем, кыялга толгон арзуу болду бекен?»— деген ойго келдим. Анан кайра анын бул жаштардан эмнеси менен айырмалана турганын териштирдим. Ырас, Жаныш аба буларга окшоп, терең ой жүгүртүп, бийик сөздөрдү сүйлөбөйт. Ал кесибине сөзү менен эмес, иши-аракети менен арзып, аны турмушка ашырган, анын үзүрүн көрүп, жеңишке жеткен киши. Калкка сөзү менен эмес, иши менен таанылган киши.

Ошон үчүн анын эмгегин өкмөт менен партия жогору баалап, 1981-жылы «Эл достугу» ордени, Эл чарба жетишкендигинин көргөзмөсүнүн эки күмүш, бир коло медалдары менен сыйлаган. Калкы аны кадырлап өкмөт башына шайлаган.

Жаныш абанын атасы айтмакчы, эмгеги бар экен, минтип эл баалап отурат. Ак иштеп, адал эмгек этсең, ал эч качан жерде калбайт деген ушул эмеспи.

## ЖОЛГО СЫРДАШ АЗАМАТ

Ак кар баскан улуу тоолордун арасында туулуп-өскөн биз үчүн тоосуз жашоону элестетүү мүмкүн эмес. Ошондуктан ар дайым тоолорду суктана карап, керемет уюган тоолорго урмат менен мамиле кылып, таазим этебиз. Ата-бабалардан бери келе жаткан нускалуу салт ошол.

Түбөлүк ак мөңгү баскан алп чокулар бизге өмүр берип келет. Жаштыкты кыярбас жашыл арчалардан алып, менменсинген бийиктикти ак булут оронгон ашуу-төрлөрдөн сезебиз. Таш жарып чыккан мөл булактардан кочуштап жутуп чаңкоо жазабыз. Көк конуш көбүргөндүү төрлөрдө болуп, бейкут, таза өмүр чегеребиз. Түнкүсүн жылдыз санап, төгүлгөн ай шооласына чулганабыз. Кайберен өрүш алган шагылдуу жерлерде биз да жүрөбүз. Мына ошол биз жүргөн жерлердин бардыгы жол менен байланышкан. Бардыгы жолдон башталат...

Ар бир конуштан тараган жалгыз аяк жол, жүлүндөй созулуп олтуруп кара жолдорго кошулат. Кара жолдор уланышып чоң жолдорду түзүшөт. Ал эми ошол чоң жолдор жарышып, зуулдап олтурушуп, тасмадай мелтиреген кан жолдорду жаратышат.

Адам өмүрү ар дайым мына дал ушул жолдор менен байланыштуу. Күн-түн дебей ошол жолдор менен көздөгөн жерибизге, иштеген ишибизге, окуган окуубузга, эс алууга, айыл-апага, кыштоо, жайлоолорго кыскасы дагы башка толуп жаткан жерлерге байма-бай барып келебиз. Жол адамдын канатындай туюлат. Жол адамдын өмү-



рүндөй сезилет. Жолсуз бир нерсе бүтүрөм деп ойлоого мүмкүн эмес. Жол дегениң азыр кыйма-чийме.

Кымгуут. Жол барбаган жайлоо, кыштоо чанда. Бүгүн жолдордо авто унаалардын болуп эле турган кези. Толуп эле турган учуру. Баш адашат. Баракелде, атаңдын көрү! Сыймыктанасың. Бири эл чарбасына керектүү жүктөрдү алып бара жатса, экинчилери эл-журтту ташып, үчүнчүлөрү дагы башка толуп жаткан зарыл иштери менен зымырашат. Мына ушундай кымгуут түшкөн миңдеген авто унааларды чарк имерип, өз өмүрлөрүн жол менен өткөрүп, жолго тагдырлаш жана сырдаш болушкан адамдарыбыз өтө эле арбын. Улуу, кичүү болуп бардыгы эл кызматын аткарып жүрүшөт. Күнүмдүк кайнаган иштердин көйгөйүндө жүрүп, алардын иштерине анчалык маани да бербей калабыз. Көңүл да бурбайбыз. Ошондой адамдардын бири — Ишенбай уулу Бейшенбек. Ал жөнүндө сиздерге азыноолак айтып берүүнү туура көрдүм. Бейшенбек баш калаабыздагы жүргүнчүлөрдү ташуучу № 2-автопаркта туптуура 20 жылдан бери үзүрлүү эмгектенет...

...Күзгү жамгыр кар аралаш уруп турат. Тигил улуу тоолор алда кимдерден сыр жашырган өңдүү мелтирешип, үнсүз жаңырыктайт. Өзөндөрдөн мөңкүп түшкөн мөл булактар ушул жымжырттыкта бир нерсени тыңшаган өңдүү шылдырашып, бейкапар обон салат. Чуудадай чубалышкан булуттар гана тынчый алышпай аскалардан аскага өтүп, арчалуу туу чокуларды байырлашат. Тоо койнун аралап, өрүү жолдо өндүрлөп жоон топ авто унаа бара жатат. Алар улам өрүүлөгөн сайын маторлордун үнү тоо жаңыртып, жол жүрүү кыйындай баштады. Тоонун кара топурагы жамгыр аралашкан карда эзилип, дөңгөлөктөр оор айланат.

Авто унаалардын көчүн баштаган алдыңкы УАЗ да олтурган колхоз башкармасынын төрагасы жанында чогуу бара жатышкандарга кайрылып — кар ашууну чайлай баштады көрүнөт, эртерээк ашууга жетпесек түнгө

калабыз го,— деп саатын улам карап тынчсызданат. Иш чындыгында эле төрага айткандай болду. Жем, чөп, таш көмүр, туз бульдозёр трактору жүктөлгөн авто унаалар антип-минтип ашууну таянгыча каш карайып, күүгүм түштү. Алар ашууну такап келип калышканда сампарлап жааган кар тушардан жогорулап калган экен. Алдыда эми кар боройлогон карт ашуунун сыр жашырган зор сыноосу турат. Ушул имерилишке чейин деп белгиленип жүктөлүп келген бульдозёрду алар эми машинадан жерге түшүрүшүп, жолдун карын тазалоо үчүн алдыга салышты. Калган авто унаалар болсо бири-бирине зым аркандар менен чиркештирилип, жолду улантууга бел байлашты. Ошентип, түн жамынган ашууда кубаттуу техникалардын күчү менен жол андан ары улантылды. Булардын арасында Бейшенбек да бар. Ал шоопурлукту жаңыдан гана өздөштүрүп жүргөн кези. Алар көлдүн сыртындагы малчы, жылкычыларга жем, чөп, туз, таш көмүр, жылуу кийим кече, күндөлүк тиричиликке керектелүүчү ат така, мык, чай, кант, самын, ширеңке сыяктуу толуп жаткан оокат-ташты алып бара жатышкан азаматтар эле.

Деңиз деңгээлинен 3000 метрден ашуун бийиктикте жаткан бул ашууну чарбанын кандим шоопурлары биринчи жолу ашып олтурушкан жок. Бирок, ушул жолку түн катып ашуу өзгөчө кыйынга турду. Анткени, бир жагынан кар боройлоп, борошо улуса, экинчи жагынан көзгө сайса көрүнгүс караңгы түн. Дал ушул шартта адам колунан жаралган техниканын айбаттуу күчү дагы бир жолу жардамга келди.

Татаал жолдо авто унаалар бирде кетенчиктей калып, кайрадан оор силкине алга жүткүнүп күрүлдөшөт. Кар болсо улам күчөп, бороон улуп-уңшуйт. Бейшенбек көзүн жол нугунан албай тикийе карап, колдору рулга жабышкан. Авто унаалардын жарыгы бири-бирине уланып, коюу караңгылыктын бир өңүрү улам сөгүлгөнсүйт. Дөңгөлөктөр жаш карга барган сайын ныгырылып, кашаң тегере-



нет. Бульдозёр улам алдыда сонун карды жиреп, жол нугун ачканча арттагы автоунаалар чиркештирилген зым аркандарды чытырата тартып күтүп калышат. Жолдун нугу бир аз эле көрүнө түшкөндө кайрадан маторлордун үнү алда кайда кетип жол улантылат. Алар да ушинтип улам өр тартып акырындык менен илгерилей беришти. Мына алдыда акыркы кыя калды. Ошону эптеп имерилип алышса эле ашуунун туу белине чыгышат. Ага чейин дагы кыйла чымыркануу, чыдоо керек. Айдоочулуктун бир «азабы» ушул. Ашуунун ак кар, көк музу менен алышып жатышып алар акырында туу белге да жетишти. Ашууда айтып бере алгыс бороон боздоп, жылаңач зор аскалар үнсүз муздап жатышкан экен.

— Баракелде азаматтар! Бакылдай сүйлөдү төрага. Эгерде бульдозёрду кошо жүктөй келбегенде ашууга да жетпей ара жолдо калмак экенбиз. Абдан жакшы болду. Эми жигиттер бир аз тыныгалы... Жоон топ жигит ашуунун туу белинде авто унааларды байлаштырган зым аркандарды, дөңгөлөктөрдү көрүп жатышты. Менменсинген түнкү ашуунун жарыгын бирдей чачып күркүрөшкөн авто унаалардын тобу солк этпес тоолордун чокусуна жанашып бийикте турду...

Бейшенбек татаал жолдо абыдан эле корккон. Бирок жигиттик намыс-ары бардыгын жеңип кетип, кетип, жолдош-жоролоруна сыр алдырган жок. Чыйралды, намыстанды...

Ашуунун аркы бетинде жолду улантуу анчалык татаал, коркунучтуу болгону жок. Бирок, авто унааларды бири-бирине байлаштырышкан зым аркандарды чыгарышкан жок. Себеби тайгак, тар жолдо оор жүгү менен машиналардын сыйгаланып жолдон чыгып кетүү коркунучу да бар эмеспи. Алар төмөн карай акырын чубашып, эл жата ашуунун кыйынчылыктарын артка — бийиктикке калтырышып малчылардын айылына түшүп барышты. Ал жердеги жылкычы, койчулар алып келинген

отун-суу, жем, чөп, жылуу кийим-кечелерди алышып абдан ыраазы болушту. Аттарынын туралары түгөнгөн жылкычылар ат такаларды көргөндө өзгөчө сүйүнүштү. Малчылардын бала-чакалары чай-чамек, татууларды алышып өздөрүнчө кудундашты. Бул Бейшенбектин өмүрүндөгү турмуштук чоң сыноолордун бири эле...

Шаар менен айыл-кыштактар аралыгына каттоочу ПАЗ—672 үлгүсүндөгү автобуска эл толуп, бут коёрго кылайган бош орун жок. Автобусту айдаган орто бойлуу, ак жуумал, ыманы ысык бул жигит биз сөз кылып жаткан Бейшенбек Ишенбай уулу. Ал шамдагай кыймылдап, автобусту бир калыпта башкаруу менен жүргүнчүлөрдү элпек жана маданияттуу тейлеп келет. Анын ушул кыймыл-аракетине, элди тейлөөдөгү илбериңкилигине ичимден ыраазы болом. Баракелде, өз ишин чындап сүйгөн жана ага берилген азамат деп ойлойм. Менин оюма ортоктош болушкансып автобустагы көптөгөн жүргүнчүлөр өз ара кобурашат.

— Ушул шоопур Кашка-Суу менен Арчалыга каттап калганда тим эле жыргап калабыз.

— Белгиленген саатында кечикпей тап-так келгенин айтсаң!

— Беш тыйынга да белетти үзбөй айрыйт. Так болсо ушул баладай болсун!

— Башка шоопурлар деле намыс кылышпай ушул баладан үлгү алышса боло!

— Антишсе кана. Аларың олтурган орундарынан козголуп коюшпай эле: «Белет алгыла, автобусту кармабагыла!» — дешип кыйкыра беришет. Автобуска тирелип толгон эл түртүшүп-тартышып жатып, белет алганча канча убакыт бошко өтүп кетет.

— Ал эми бул жигит токтогон эле жеринен өзү секирип түшө калып, элди чуулдатып убара кылбастан сырттан тиешелүү белеттерин берип, жол киресин алат да, эл автобуска түшөөрү менен жолун улантат...



Элден калыс, элден баамчыл эч ким жок. Жогоруда айтылган сөздөрдүн көбүнө өзүм да күбө болуп жүрөм.

Жол. Жүздөгөн жүргүнчүлөрдүн бирөөлөрү калып, экинчилери андан ары сапарларын улантышат. Автобус улам бир айыл-кыштакты артка таштап, дөңгөлөктөр көзгө илешпей тынымсыз чимирилет. Бейшенбек болсо ар бир айылдын атын, андагы автобус токтой турган жерлердин атын айтып, жүргүнчүлөрдү элпек тейлеп келет. Көптөгөн жүргүнчүлөрдүн бири катары мен да көздөгөн жериме жеткенимде ага ыракматымды айтып, ыраазы болуп түшүп калам. А автобус жолун андан ары улантып, белгиленген жол кыштактары боюнча кете берет...

Ишенбай уулу Бейшенбек чалкыган көл кылаасынын Ак-Суу районуна караштуу Жаңы-Арык айылында туулуп, киндик каны каситтүү көл жээгине тамды. Кичинекей Бейшенбектин адеп эле эс тарткандан баштап сүйгөнү, суктанганы көлдүн айтып бүткүс кооз табияты болду. Бала күндүн чыкканы менен батканын баарынан жакшы көрөт. Ал учурларда айылдан обочо жерге барып олтуруп алып, көлгө көпкө чейин суктанып карайт. Күн көл бетинен тийип, көл бетине батат. Өспүрүм баланын сезимин ар кандай таттуу, таттуу кыялдар бийлеп, арадан бат эле мезгилдер өтүп, эс тарта да баштады.

Мектептен жайкы каникулга тараганда ал чоң кишилерге кошулуп алып, чөп чапкан жерде, дан бастырган талааларда болуп алар талаага түнөсө кошо түнөп да жүрдү. Бейшенбектин мунусун жакшы көрүшкөн адамдар «Баракелде Ишенбайдын уулу киши болот деген ушул»— дешип алкаша турган. Жаш күнүнөн техникага кызыккан жигит Кара-Кол шаарынан (Пржевальск) атайын шоопурлук окууну бүтүрүп чыкты. Бул учур алтымышынчы жылдардын башы эле.

Ошондон тартып жаш жигит өмүрүн жол менен байланыштырып, эмгегин эл үчүн арноону чечти. Шоопурдун окуусун аяктагандан кийин ар кандай үлгүдөгү авто унаааларды айдап, техниканын татаал сырларын акы-

рындап өздөштүрө баштады. Жылдыздары көлгө жакын жерде эмгектенип, булуттарга аралаш жашады. Аруу сүйүүсүн да көлдөн аздектеп таап, кийинчерээк Баян аттуу бакыраң көз кызга баш кошкон. Бүгүн алардын үч уулу өсүп жатат. Окуунун алдыңкылары. Бейшенбек техникага качан болбосун сарамжалдуу мамиле жасайт «Ат сыйлаган жөө калбайт» дегендей ал өзү башкарган автобусту талаптагыдай кармоо менен айлык, жылдык план-тапшырмаларын ар дайым ашык аткарууга жетишип келе жатат.

Фрунзедеги жүргүнчүлөрдү ташуучу № 2-автопарктын төрагасы жолдош Токторбек Ажикеев Бейшенбектин иштеги ийгиликтери туурасында төмөндөгүлөрдү ыраазы болуу менен мындайча баяндайт.

— Биздин Бейшенбек Ишенбаев чындыгында эле калың элге кабарын айтып жазууга, мактоого татыктуу жигит. Автопарктагы бардык айдоочулар Ишенбаевдей иштешсе кана? Бейшенбек иш дегенде ичкен ашын жерге койгон азаматыбыз. Өз ишинин чыныгы азаматы болуп калды. Жылдык план-тапшырмаларын 140—150 проценттен кемиткен учурлары боло элек. Ар бир беш жылдыкта нечен миңдеген акчаларды ашык тапшырат.

«Коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү». Көп жылдардан бери борборубуздагы Ленин райондук Советинин депутаты. Эмгектик эң мыкты көрсөткүчтөрү үчүн «Эмгек Даңкы» орденинин Үчүнчү жана Экинчи даражасына татыктуу болгон. 1988-жылы Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты деген ардактуу наамга ээ болду. Бейшенбектин сүрөтү көп жылдардан бери Кыргыз ССР Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө илинип, анын иш-тажрыйбасын жаштарыбыз үйрөнүп жатышат. Автопарктын коллективи Бейшенбек сыяктуу эмгек азаматтары менен ар дайым сыймыктанат,— дейт төрага өз сөзүн канааттануу менен жыйынтыктап.

...Күн тоолордон чыгып, тоолорго батат. Ошол тоолуу республикабыздын коюнунда күндүр-түндүр эмгек кайнап, албан-албан ийгиликтер жаралат. Ошол тоодой, орошон ийгиликтердин бардыгы жолдор аркылуу бүткөрүлөт. Жолдордо кыймыл тынбай күү-шаа түшөт. Авто унаалардын бүгүнкү күндө арааны өзгөчө жүрүп, айрыкча шаар жеринде тынымсыз дуулдайт. Алардын арасында таңды жолдон атырып, күндү жолдон батырып, жолго сырдаш болуп калган азаматтардын бири — Бейшенбек да бар.

## МАЗМУНУ


Чоюн эритүүчү. *Эгизбек Айдаркулов* . . . . . . . 3
Батмакандын бактысы. *Болотбек Макетаев* . . . . 23
Орус тили мугалими. *Жедигер Саалаев* . . . . . 27
Ат-Башынын шоферлору. *Султанбек Жумагулов* . . . 42
Далысы жерге тийбеген «Тапанча» палвандын таржымалы. *Абдиламит Матисаков* . . . . . . . . . 52
«Шамал, шамал, бузба чачымды...» *Кожогелди Кулуев* . 67
Жер тузу. *Султан Раев* . . . . . . . . . . 81
Обондуу өмүр. *Элүүбай Отунчиев* . . . . . . . 89
Чабан менен маек. *Алимбай Абжапаров* . . . . . 106
Жолго сырдаш азамат. *Мырзалы Жуматаев* . . . . 118



ЛИТЕРАТУРНО-ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ИЗДАНИЕ

СЕРП И МОЛОТ

Очерки
Для юношества
Составитель *А. Абжапаров*
Фрунзе, издательство «Адабият»
На киргизском языке

КӨРКӨМ-АДАБИЙ КИТЕП

ОРОК-БАЛКА

Очерктер
Жаштар үчүн
Түзгөн *А. Абжапаров*
Редактору *Т. Элеманов*
Көркөмдөгөн *Б. Жайчыбеков*
Сүрөт редактору *А. Момуналиев*
Техн. редактору *Ж. Сооронкулова*
Корректору *Ү. Өмүрбеков*

ИБ № 395

Терүүгө 18. 01. 90. берилди. Басууга 17. 10. 90. кол коюлду. Кагаздын форматы 70×108$^{1}/_{32}$. Басмаканалык № 1 кагазы. Адабий арибн. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 4,0 физ. басма табак, 5,60 шарттуу басма табак, 5,78 учёттук басма табак, 5,77 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 3000. Заказ № 34.
Баасы 35 т.

«Адабият» басмасы.
720361. ГСП. Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

~~35 т.~~ 0,37